66.3(2)кырг
Т 57

# ТОО ЖЫЛДЫЗ-ДАРЫ

Книга должна быть
возвращена не позже
указанного здесь срока

Количество предыдущих
выдач

66.3(2)кырг
Т 57

# ТОО ЖЫЛДЫЗДАРЫ

ТЕПЕ-КОРГОН АЙЫЛ СОВЕТИ
ТЕПЕ-КУРГАНСКИЙ СЕЛЬСКИЙ СОВЕТ
№ 9

„КЫРГЫЗСТАН" БАСМАСЫ
ФРУНЗЕ · 1971

АБОНЕМЕНТ
ОШСКАЯ ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ № 439309

# УЛАМ ЖАҢЫ ИЙГИЛИКТЕР ҮЧҮН, ЗАМАНДАШТАР!

Адамзаттын жашоо-тиричилигинде адамды тамшантып, суктандырчу сулуулук да, өлүмдөн күчтүү таза сүйүү да аял менен ажырагыс жаралган эмеспи.

Жарык дүйнөгө бала жаңыдан көз жарып, бешиктен бели тороло баштагандан тартып, жашоонун эң башкы эрежеси болгон — эмгектенүүнүн, адептүүлүктүн, адамкерчиликтин, үй-бүлөнү, мекенди сүйүүнүн эң алгачкы түшүнүгүн балага үйрөтүүчү негизги устат—эне, аял экендиги белгилүү. Энелик мээримден күчтүү мээримди адамга жаратылышта энеден башка эч ким бербестир.

Үй-бүлөнүн куту, эрдин тирек-жөлөгү да аял, ошондуктан биздин эл «жакшы катын жаман эрди орто кылат, орто эрди жакшы, жакшы эрди башчы кылат», «эркекти жакшы кылган да, жаман кылган да аял» деп аялдарды кокусунан баалаган эмес. Демек, аялдар жаратылышынан эле ар кыл ишке жөндөмдүү жаралат. Бирок ар кандай адам, демек, аялдар да коомдук турмуштан четте, обочолонуп жашай албайт. Ошондуктан коомдук турмуштун социалдык шарты адамдын ар тараптан күч-кубатынын, ички дүйнөсүнүн өсүп-өнүгүшүн шарттап, коомдук аң-сезимди жаратат. Эзүү жана эзилүү принциби үстөмдүк кылган өткөндөгү коомдук турмушта караңгы кыргыз аялдары гана эмес, илим-билим, маданияттан анча-мынча түшүнүгү бар орус аялдарынын да, калган боордош элдердин аялдарынын да адамдык укугу кордолуп, өтө эзилип келген. Падышалык бийликтин закону аялдарды саясий укугунан гана эмес, граждандык укуктан да чектеген. Натыйжада аял мурасчы болууга, өзүнө кесип тандап алууга укук да, мүмкүндүк да албаган.

Падышалык Россияда билим алуу — аял үчүн кажетсиз иш катары саналып, анын негизги кесиби — үй жумушу, тамак жасоо, бала багуу менен чектелген.

Орус аялдарынын тагдыры ушундай кыйла оор болгон болсо, Орто Азия элдеринин аялдары сыяктуу эле кыргыз аялдарынын тагдыры да андан да оор, жан ачырлык, аянычтуу болгондугу белгилүү. Ким каалаcа, анын кары-жашына, даражасына карабастан ошого ар түрдүү баада, мал катары сатылып келген, ошондуктан аялдарды эрлери өзүнүн «кыңк» этпес күңү катарында карагандыгын эч ким тана албас.

Мына ошондой социалдык турмуш шарты эзүүчүлөр табынын, буржуазиянын идеологдорунун чырагына май тамызган эле. Аялдарды укуксуздук абалга дуушар кылган социалдык, таптык шартты, коомдук турмуштун эрежесин жашырып жабуу, эркектердин үстөмдүгүн күчөтүү аракети менен алар аялдар эркектерге караганда жаратылыштан эле кем акыл туулат,— деп ишендирүүгө аракеттенип келишти. «Катындын чачы узун, акылы кыска», «алтын баштуу катындан бака баштуу эр артык» сыяктуу реакциячыл макал-лакаптар аялдардын адамдык сапатын кордоп, басмырлап келген эзүүчүлөр чөйрөсүндө туулгандыгы калетсиз. Азыркы биздин адилет турмуш аны небак төгүнгө чыгарды.

Адам турмушунун көркөм көрүнүшү болгон көркөм адабият кыргыз аялдарынын өткөн замандагы ошондой социалдык ахбалын нечен канаттуу чыгармаларда чагылтып келди. Маселен, «Олжобай менен Кишимжан», «Качкан кыз», «Ак Мөөр» сыяктуу элдик поэмалар ар кимиси тиги же бу деңгээлде аялдардын үй-бүлөдөгү укуксуздук картинасын чебер тарткан. Алардан тунжураган караңгылыктын, адилетсиз замандын шартында алдуусу алсызына үстөмдүк кылган мезгилдин элеси көрүнөт. Нечен-нечен уз кыздардын, акылга дыйкан аялдардын бели мертинип, адамдык укугу тепселгендиктен, эркиндик издеп турмуш чөлүндө ташыркап, көзү жашка, көкүрөгү дартка толуудан туулган ызалуу үнү угулгансыйт. Маселен, элге кеңири белгилүү «Ак Мөөр» поэмасында көргөн жандын көз кумарын кандырар ары сулуу, ары акылман Ак Мөөр кызга чалдыбары чыгып калган Жантай чалдын зордоп үйлөнүүсү мындайча сүрөттөлөт:

«Соң-Көлдүн башы тал менен,
Соодагер өтөт мал менен,
Солкулдап ыйлап баратам,
Солуган Жантай чал менен».

Ак Мөөрдүн дал ушундай зар какшаган ызалуу үнү азыр да адамдын каңырыгын түтөтүп, өткөн күнгө наалат айттырат. Көпчүлүк элдердей эле кыргыз элинин да не бир өткүр акылдуу, таланттуу, кайраткер, өнөрпоз аялдар туулган чыгаар... Алар тарыхта жазылып калбаса да, прогрессивдүү ой-пикирдеги адамдар тарабынан алардын үй-бүлө, коомдук турмуштан ала турган ролу жөнүндөгү элдин идеалы, үмүт-мүдөөсү нечен сонун эпостук чыгармалардын, легендардык каармандардын жаралышын шарттаган.

Эмгекчи эл, прогрессивдүү адамдар аялдардын укугу жөнүндө канчалык күрөшүп, айла-аракет кылса да, ал тилек-мүдөөлөр нечен кылымдар бою иш жүзүнө ашпастан, таттуу кыял, үмүттүү ой-тилек бойдон, опосуз өмүрлөр менен бирге кербез дүйнөдө жемишсиз калып келди.

Адамзаттын тарыхында жаңы эраны ачкан Улуу Октябрь Социалисттик Революциясы — мурдагы Падышалык Россияда жашаган бир боордош элдер менен бирге, ал элдин жарым бөлүгүн түзгөн аялдарды, алардын ичинде кыргыз аялдарын да адам катары эзүүгө, басынтып кордоого негизделген адилетсиз коомдук түзүлүштүн өкүмүнөн биротоло куткарды. Ар тараптан өсүп өнүгүүнүн даңгыр жолун ачып берди.

Жумушчу жана дыйкан аялдарынын 1918-жылдын 16-ноябрында өткөрүлгөн Биринчи съездинин борборуна — аялдардын үй-бүлөдөгү укугу жана өндүрүш жайларында эмгектениши жөнүндөгү маселе коюлган. Улуу Ленин өзүнө таандык көрөгөчтүгү менен миллиондогон аялдар катышканда гана социалисттик курулуштун ишин чыңдоого болот — деп атайын эскерткен.

Партия менен өкмөтүбүз Улуу Лениндин даанышмандык көрсөтмөлөрүн иш жүзүнө ашыруу үчүн — эмгекти коомдук өнүгүштүн негизги шарты катарында эсептей алган, өзүн-өзү тагдырынын, өз өлкөсүнүн кожоюну катарында сезип, достук, пролетардык интернационализм идеяларына, патриоттук сезимге ширелген, аң-сезимдүү жаңы советтик граждандардын, граждандардын өсүп өнүгүшүнө кеңири шарт түздү. Франциянын аялдары Советтик Конституцияны куттуктап, «Советтик Конституция — бүткүл элдердин аялдарынын эркиндикке чыгуу жөнүндөгү ой-тилегинин ишеничи, таянычы» — деп сыймык менен баалашты.

Бүгүнкү күндө эркектер менен бирге кыргыз аялы иштебеген эл чарбасынын жана маданияттын бир дагы тармагы жок. Эл чарбасынын бардык тармагында иштеп жаткандардын арасында 46 проценти аялдар. Экономиканын, маданияттын өнүгүшүнө биздин аялдардын кошкон зор салымын жогору баалап, Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитети, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиуму, Кыргыз ССР Министрлер Совети, Кыргызстан аялдарынын 1968-жылдын 23—24-сентябрында болуп өткөн VI съездине катышуучыларды куттуктоосунда мындай деп белгиледи:

«Республиканын экономикасы менен маданиятынын өнүгүшүнө өздөрү кошкон ченемсиз көп салым менен Советтик Кыргызстандын аялдары адилеттүү түрдө сыймыктана алышат». Анткени, азыр коммунизмди куруу үчүн багытталган күрөштөрдө миңдеген кыз-келиндер эл чарбасынын бардык тармактарында кажыбас кайраттуулукту көрсөтүп жатышат. Ага мына бул күбө боло алат: өнөр жай ишканаларындагы ар бир үчүнчү инженер — аял. Айыл чарба адистеринин 16 процентин аялдар түзөт. Ал эми табийгаттын жыпар жыттуу, көз тайгылтчу коздугуна ого бетер көрк киргизип, трактор, комбайндарды маш башкаруу менен социалисттик талаа бетин жаңыртып, Ала-Тоодой эгинди, асман мелжиген пахтаны, өрүш толгон койлорду, жылкыларды көбөйтүп, өлкөбүздүн экономикасынын байлыгын арттырып жаткан эмгек кеменгерлеринин көбү аялдар. Партия менен өкмөтүбүз эмгеги менен өлкөбүздүн экономикалык байлыгын көбөйткөн аялдардын эмгегин жогору баалап, 62 аялга Социалисттик Эмгектин Баатыры деген эң жогорку наамды ыйгарып, 20 миңден ашык аялдарга орден, медалдар берди. Бул биздин эл үчүн зор сыймык. Алардын арасында даңктуу кызылчачы, звеновойлор К. Шопокова, К. Сулайманова, Н. Воробьева, Ө. Атабекова, С. Ногоева, аккарлуу тоонун ызгаарын арданткан Т. Сагынбаева, М. Жаңыбаева. К. Мукашова, А. Темирова бар. Ал эми Социалисттик Эмгектин эки жолку Баатыры, белгилүү кызылчачы Зууракан Кайназарованын ысмы менен бүткүл өлкөбүз сыймыктанат. Чындыгында буларга окшогон даңктуу аялдардын топ жарып чыгаарын өткөн чоң ата, чоң энелер кыялданып да ой жүгүртүп көрбөгөн чыгар.

Азыркы замандын Зууракандай, Телегейдей, Саадаттай, Өлмөсхандай карындаш замандаштарын советтик акын-жазуучулар эргүү менен ырга кошуп, элдин гүлү, өмүрдүн кубанчы катарында баалап, эл атынан алкыш айтышат.



* * *

Мындан жарым кылым гана мурда илим-билимден түшүнүгү жок кыргыз аялдары совет бийлигинин мезгилинде бир боордош элдердин аялдарындай эле, эркектер менен бирдей орто жана жогорку окуу жайларынан билим алууга кеңири мүмкүнчүлүк алышты.

Советтер Союзу боюнча жогорку билимге ээ болгондордун жарымын аялдар түзөт. Ал эми мугалим жана врач болуп иштегендердин ар бир жүз кишисинин 75 и аялдар. Юристтердин 32 жана агроном менен зоотехниктердин 38 проценти аялдар. Алардын арасында кыргыз кыз-келиндери да бар. Кыргызстанда кадрлар даярдоонун булагы болгон жогорку окуу жайларында үч миңден ашык кыз-келиндер окушат.

Жалпы жогорку окуу жайларынан тышкары кыргыз кыз-келиндеринен жогорку адистерди даярдоо үчүн атайын Кыргызстан Мамлекеттик Вл. Маяковский атындагы педагогиялык кыз-келиндер институту ачылган. Анда Ултай Ботпаева, Нарпаша Абдуазизова, Күлүйпа Токтомамбетова, Любовь Васильевна Батманова сыяктуу ондогон мыкты мугалимдер иштешет. Советтик педагогдор анда кыз-келиндерди өз кесибинин ишкердүү устаттарынан кылып тарбиялоо үчүн бүт күч-кубатын жумшоодо.

Жаш муундарды эмгекти сүйүү, патриотизм жана достук, пролетардык интернационализм идеясында тарбиялануугa, адептүүлүк сезиминде, коомдук ишке активдүү катыша билүүгө тарбиялоого белсене киришип, талбаган мүнүшкөр кыргыз аялдар аз эмес. «Республикага эмгек сиңирген мугалими» деген ардактуу наамды 111 аял алды. Мамбаева З., Корголдоева Р., Б. Кенжебаева, Каримова Т., Бойченко Е., Т. Рысбекова, Быкова А. В., Жыргалбекова Н., А. Жолдошева, Б. Үмөталиева, К. Аюпова сыяктуу жана башка белгилүү мугалимдер.

* * *

Сынаакы калк илим-билимден түшүнүгү жок кезинде эле «илим ийин менен кудук казгандай» деп өтө адилет баа берген экен. Чындыгында эле илимдин жолу, дарыяга салынган кыл көпүрө сыяктуу калтыс да, татаал да, машакаттуу да. Чыгармачылык эргүүгө кеңири жол ачылган социалисттик турмуш шарты гана кыргыз аялдарына да ошондой эле татаал эмгекте өз жөндөмдүүлүгүн көрсөтө алууга, советтик илимдин ар кыл тармактарында иштеп, аган аз болсо да өз үлүшүн кошо билүүгө мүмкүндүк берди. Совет өкмөтү өз босогосун жаңыдан орното баштаган жылдарда эле академик, мүчө-корреспондент, кандидат, доктор, доцент, профессор деген даража, наамдар эл үчүн али чоочун, кулпуя болучу, бүгүнкү күндө алар эл турмушунда көндүм болуп калды. Кыргызстанда республикадагы илимий кызматкерлердин 38/39 процентин аялдар түзөт. Алардын арасынан 482 ден көбүрөөк аял ар түрдүү илимдердин кандидаттары жана 23 аял илимдин доктору. Республикабыздагы ар түрдүү илимий мекемелерде 1400 дөн ашык аял илимдин түрдүү тармактарында эмгектенип жатат. Республикабызда илимдин очогу болгон Кыргызстан илимдер Академиясында эле илим кызматкерлеринин тең чамалы аялдар.

Кыргыз эли, анын аялдары социалисттик улуттардын өз ара жакындашуу, бири-бирине жардамдашуу, ынтымак-достукта жашоо процессинин жагымдуу таасирине эмгектенүүнүн натыйжасында уламдан-улам жаңы ийгиликтерге жетишүүдө. Кыргызстан илимдер Академиясында он жети улуттун аялдарынын өкүлдөрү кыргыз аялдары менен пикир алышып, бирге иштеп жатышат. Бул фактынын өзү эле партиябыздын улам жаңы өсүшкө өбөлгө түзүп жаткандыгын ишенимдүү далилдейт.

Советтик илимдин өсүп-өнүгүшүнө кошкон салымдары үчүн алты илимпоз аял Кыргызстан илимдер Академиясынын составына шайланышты. Алар академиктер: А. А. Волкова, Е. А. Розова, К. Рыскулова жана корреспондент мүчөлөрү: В. А. Исабаева, А. Г. Зима.

Он аял илимдин доктору. Булардын арасында орус аялдары Р. Н. Одинец, казак кызы Гүлсүн Аймуханбетова бар. Ал эми кыргыз аялдарынан эргип чыгып, элибиздин тарыхында аялдардан биринчи докторлук даражага, профессорлук наамга ээ болушкан филология илимдеринин доктору, профессор Бүбүйна Орузбаева, медициналык илимдердин доктору, академик, профессор Какиш Рыскуловалардын илимий ийгилигине биздин эл сыймыктанбай коё албайт. Элибиздин булардай келин- кыздары илимий зор проблемаларды алар менен бирдикте чечип жатышат. Академик Волкованын жетекчилиги астында кыргыздын көптөгөн уул-кыздары илимий даражага жетишти. Профессор

И. В. Никитинанын жетекчилиги менен кыргыз кыз-келиндеринен эле алты-жети киши
биология илимдеринин кандидаты деген даражага ээ болушту. Улгайып калгандыгына
карабастан ал өзү тарбиялаган Р. Айдарова сыяктуу илимпоз окуучулары менен Кыр-
гызстандын табигый дүйнөсүн, мал чарбасы үчүн тоют болуучу витаминге бай дары-
дармек өсүмдүктөрүн, ошондой эле Кыргызстандын флорасын изилдешип, он томдон
турган илимий маанилүү эмгекти жарыялашты. Азыр да ошондой проблеманы чечүү
үстүндө талбай иштеп жатышат.

Кыргызстан Илимдер Академиясынын ар түрдүү институттарынын лабораторияла-
рынын, секторунун жетекчилери, илимий секретарь, старший жана кенже илимий кыз-
маткер болуп, ондогон илимпоз аялдар иштешет. Маселен, Академиянын Органикалык
химия институтундагы зор лабораторияга боордош казак элинин кызы Гүлсүн Аймухан-
бетова башчылык кылат. Ал бир нече жылдардан бери падочно-спирт өнөр жайындагы
калдыктарды комплекстүү метод менен химиялык түрдө кайтадан иштеп чыгуу, ал ар-
кылуу канттын таттуулугун күчөтүү проблемасын талбай изилдеп келди. Гүлсүндүн
илимий сунушу азыркы күндө республикадагы спирт, кант заводдорунда жана меди-
циналык мекемелерде колдонулуп, кубанарлык жемиштерди берүүдө. Ошол эмгеги
үчүн ал Химия илимдеринин доктору деген даражага ээ болду.

Ошол эле институттун органикалык химия методдору лабораториясында химиялык
илимдердин кандидаты Зарыл Бакасова жетекчилик кылат. Ал глютаминалык кислота
аркылуу тузду алуу, аны тамак өнөр жайына колдонуу жолун изилдеп, кубанарлык
ийгиликтерге жетишти. Илим дүйнөсүнө даңгыр жол ачып, изилдеп жаткан химик
З. Бакасова, физик К. Чадаева сыяктуу сиңдилердин катары дагы нечендеген талаптуу
кыз-келиндер менен толукталаары белгилүү иш.

Академиянын тил, адабият институтунун диалектология секторуна филология илим-
деринин кандидаты Гүлжамал Бакинова жетекчилик кылат. Өзү жетекчилик кылган
сектордун кызматкерлери менен бирге ал Кыргызстандын түндүк-түштүк бөлүктөрүн
бүт жана коңшулаш Өзбекстан, Тажикстан, Казакстандын территорияларында жашап
жаткан кыргыздарды бүтүндөй кыдырып, эне тилибиздин диалектикалык өзгөчөлүктөрү,
говорлорун изилдеп жатат.

Республикабыздагы жогорку окуу жайларында профессор, доцент, старший муга-
лим, ассистент, ординатор болуп иштеп жаткан ондогон илимпоз аялдар бир жагынан
жогорку квалификациялуу кадрларды даярдоодо, экинчи жагынан илим-изилдөө масе-
лесинде, жогоруда белгилегендей, эл кубанарлык ийгиликке жетишүүдө. Алардын
арасында Кыргызстан Мамлекеттик университетинин профессору, биолог Төлөкова,
доцент, филолог Б. Үмөталиева сыяктуу нечен-нечен илимпоз аялдар бар.

Өмүрүнүн соңку минуталарында турмушка жалооруй карап, жалдыраган жүздө-
гөн оорулуу адамдарды өмүрдүн бетине кайрадан келүүгө, советтик адамдардын өмүрү
узун болуп, соо-саламаттыкта жашоосуна бүт өмүрлөрүн жумшап жаткан кыргыз
аялдары жок эмес. Кыргызстан Илимдер Академиясынын анык мүчөсү, профессор
Какиш Рыскулова Кыргызстан Мамлекеттик Медициналык институттун факультеттик
хирургия кафедрасына жетекчилик кылат.

Кыргызстан Илимдер Академиясынын корреспондент мүчөсү Валентина Абдыл-
даевна Исабаева курортология боюнча илимий ишин улантуу менен бирге, Кыргызстан
Илимдер Академиясынын крайлык медицина институтунун директору болуп иштейт.
Элдин алкышын угуп, сүймөнчүлүгүн ээлеген, ошолордой колу элпек аялдардын ара-
сында невропотолог, профессор А. Ф. Усманова, хирург Р. Айдарбекова, терапевт
Б. Ахунбаева, гениколог Н. Булатова, Ж. Мамытовалар бар.

Адамга эстетикалык рахат берүүчү, советтик адамды жогорку аң-сезимде, нравалык
сапатта тарбиялоо ишинде зор роль ойночу адабият, искусство ишине да кыргыз аял-
дары өз жөндөмдүүлүгүн көрсөтүүдө. Мындан отуз жыл мурда кыргыз адабияты ме-
нен искусствосунун Москвада өткөрүлгөн биринчи декадалык спектаклдерине
эми гана катыша баштаган Сайра Кийизбаева, Мариям Махмутова, Бакен Кыдыкеева,
Даркүл Күйүковалардын адамдын жүрөгүнө кандайдыр бир от жага ала турган үндөрүн
укканда, чебер искусствосун көргөндө, болбосо балет «станогуна» жаңыдан бармак-
тарын коё баштаган секелек кыз Бүбүсара Бейшеналиеваларды көргөндө залдагы
отургандар кыргыз искусствосунун келечек гүлдөрүн көрүп жатабыз деп ойлобогон
чыгар. Ошондон бери отуздан ашык жыл өттү. Бирок алардын катышуусуз бир да опе-
ра, драмалык спектаклдер коюлган жок. Кыргыздын театралдык искусствосунун бирин-



чи кирпичтерин коюшкан кыргыз элинин эл артисткасы Анвар Куттубаеванын, опералык
жана драмалык искусствосунун өнүгүшүнө зор үлүш кошкон СССРдин эл артисткасы
Сайра Кийизбаеванын, Даркүл Күйүкованын, ошондой эле кыргыздын эл артисткалары
Мариям Махмутова, Ирина Деркембаевалардын ысымдары элибизди кубантпай коё
албайт. Ал эми кыргыздын балет искусствосу чынында эле СССРдин эл артисткасы,
кыргыз сахнасынын жылдызы Бүбүсара Бейшеналиеванын ысмы менен гана тыгыз бай-
ланышта каралды.

Советтик бийликтин мезгилинде эски өрөлгө-жөрөлгөлөрдү алыс ыргытып таштап,
турмушка активдүү катыша билген, ички дүйнөсү бай, жаңы кыргыз аялдарын көзгө
көрсөтө даңктап, пропагандалап жаткан болсо, экинчи бир кыз-келиндерибиз замандаш-
тарынын баа жеткис өсүп өнүгүшүн канаттуу чыгармаларда чагылтып, чыгармачылык
эмгекте өзүн таанылта баштады. Революцияга чейин деле турмушка баамчыл караган
чыгармачылык ишке шыктуу нечен өткүр акылдуу аялдар туулган чыгар. Бирок, коом-
дук турмуштун социалдык шарты алардын табигый шыгын өстүрүүгө мүмкүндүк бер-
бегендиктен алар өмүр гүлүн текке соолутууга аргасыз болгон.

Мурда эл башкарган коомдук ишмер аялдар чанда гана бирин-серин кездешсе,
азыр мамлекеттик маанидеги иштерди чечүүчү жөндөмдүү, коомдук ишмер аялдар өсүп
чыгышты. Алсак, Кыргыз ССР Министрлер Советинин председателинин орун басары
С. Бегматова, республикабыздын маданият министри К. Кондучалова, республиканын
профессионалдык союзунун председатели Б. Салиева, Ош педагогиялык институтунун
ректору М. Ботпаева, көп жылдар бою ар түрдүү райондордо эмгекчилер Советинин
райондук Аткаруу Комитетинин председатели, партиянын райкомдорунун секретары
болуп иштеп келген Б. Өмүрканова, Б. Орозбаева сыяктуу коомдук ишмер аялдар-
дын ысымдарын белгилөөгө болот. Жана партиялык, советтик, маданият, соода мекеме-
лерине, завод, фабрика, колхоз-совхоз, мектеп, айылдык советтерге жетекчилик кы-
лып жаткан, аты мында аталбаган жүздөгөн ишмер аялдар бар.

Массаны эски калдыктын, феодалдык аң-сезимдин саркындыларына каршы күрө-
шүүгө тарбиялоо, багыттоо үчүн тынымсыз үгүт-насыят жүргүзүү ишине аялдар арыбай
катышып, эмгек өтөп, эмгегинин рахатын көрүп эс алып жүргөн М. Тууганбаеванын,
Т. Осмонованын, Адмиральскаянын, Шевченконун, О. Токтосунованын, Т. Акматованын
Т. Ибрагимованын, Т. Бечеловалардын ысымдарын эскере кетүүгө тийишпиз. Алар жана
мында эскерилбеген дагы ондогон кең пейил пенсионер эжелер, жаңы турмушту ку-
руу үчүн салына баштаган чыйыр жолдордон кыргыз кадрларын, сиңдилерин жалпы
баштап өтүүдө партия менен өкмөтүбүзгө зор жардам беришти. Ал эмгекти тарых
унутпайт.

Жогоруда келтирилген мисалдар Улуу Лениндин жетекчилиги менен жеңип чыккан
Октябрь социалисттик революциясы мурда кордолуп келген кыргыз аялдары бүгүн эрк
алып, эркектер менен бирдей коомдук турмуштун ар түрдүү тармагында эмгектенүүдө,
билим алууда.

**Бүбүй Керимжанова**
Кыргыз ССР Илимдер. Академиясынын
корреспондент мүчөсү.

# АЛГАЧКЫ БОРОЗДУ СЕН САЛДЫҢ



Менин өмүрүмдүн көпчүлүгү аялдар арасында иштөө менен өттү. Түштүктө да иштеген элем. Өлкөбүздүн эр жүрөк кызы Уркуянын ысмын алып жүргөн чарбаны бир нече жолу аралагам. Уркуя жөнүндө эл жакшы билет. Ошентсе да ушул китепке кичинекей баяндама жарыяланса ашык болбос.

1927-жылы кедейлер комитети уюштурулуп, эл арасында алардын таасири жогорулайт, эмгекчилердин алдыңкы катардагылары партиянын ишине жардам берүүгө, анын катарында болууга далалат кыла баштайт, комсомол уюмунун да катары өсөт. Ошондогу комсомолдун мүчөлөрүнүн арасында Уркуя да бар эле. 17 курактагы жаш келин кулактардын каршылыктарынын бетин ачып, кедейлерди алардын колунан бошотууга партиялык, советтик уюмдарга жардам берип, чукул комиссиялардын, тергөө органдарынын ишине активдүү катышат. Уркуянын бул иштери эмгекчилердин арасында анын кадыр-баркын көтөрөт. 1928-жылы октябрь айында кедей дыйкандардын бир нече айылды бириктирген жалпы чогулушунда Уркуя Салиева «Меркит-Муркут» (азыркы Биринчи Май) селолук Советинин председателдигине бир добуштан шайланат. 1928—1933-жылдары Уркуя партияга жана өкмөткө чыныгы берилген патриотторчо эмгектенди.

1929-жылы Уркуя Салиева Ош уездиндеги аялдардын арасында биринчи болуп партиянын мүчөлүгүнө өтөт. Ушул жылдын аягында ал Кыргыз Автономиялуу Советтик Социалисттик Республикасынын Борбордук Аткаруу Комитетине (БАК) мүчөлүккө шайланат.

Партия Уркуя Салиевага өзү жашаган кыштакта коллективдүү чарбаны уюштурууну сунуш кылат. Массага жетекчилик кылуунун тажрыйбасына ээ болгон Салиева 1932-жылы эрте жазда Гайыпалы Мамажунусов, күйөөсү Колдош Салиев сыяктуу ак ниеттүү, коомдук иштин активдеринин жардамы менен «Кызыл-Аскер» колхозун уюштурду. Буга 67 кедей-дыйкандар мүчө болуп, колхоздун ортолугуна бир нече центнер эгин, 20 жумушчу ат, 11 буурсун топтошот, айдоо аянттары 300 гектарга жетет. Эмгекчи дыйкандардын бул жеңиштери тап душмандарына аткан октой тиет. Айласы кеткен душмандар Уркуяга наалат айтышат, анын үстүнөн ушак сөздөрдү таратышат. Мындан эч нерсе чыкпагандан кийин алар кызматтан алынган, камалып чыккан мурдагы селолук советтин председатели Бегалы сыяктуу кишилерди өздөрүнүн айланасына топтоп, алар аркылуу Салиеванын жана башка активдердин үстүнөн уездге арыздарды жазышып, алардын иштеши үчүн бир катар кыйынчылыктарды туудурушат, ишти жакшы түшүнбөгөн райкомдун уполномочени Бактыбаев сыяктуу айрым жетекчилерди адаштырып, Салиеваны кызматтан бошотуунун аракетин кылышат. Уркуянын Ноокат райаткомуна боюнда бардыгына байланыштуу отпуска берүүсүн жана өз ордуна убактысынча селолук аткаруу комитетинин мүчөсү Мурган Нурматованы калтыруусун суранган арызынан пайдаланып Бактыбаев селолук Советтин жалпы чогулушун чакырат. Чогулушта душмандар тарабынан алдын ала даярдап койгон кишилер чыгып, Салиеваны жок жеринен ушактай башташат. Аны шылтоо кылып Бактыбаев Салиеваны селолук Советтин председателдигинен бошотулду деп жарыялайт. Бирок, кара ниет иштеринин бети ачылаарын сезген душмандар Уркуяны жок кылууга тымызын даярдана башташат.



1934-жылдын 21-февралы. Колдош Салиевдин колхоз башкармасынын председателинин орун басары болуп иштеп жүргөн кези. Жазгы кош айдоосуна даярдануу, үчүн унааларды багуу жөнүндө, колхоздун башкармасынын чогулушу болуп, андан жаңы эле бошогон Колдош иңир кире үйүнө келди. Тамактангандан кийин энеси, балдары уйкуга кирди. Колдош менен Уркуя узакка чейин колхоздо болгон кемчиликтер, кыйынчылыктар жөнүндө кеп салып олтурушту. Акырында колхозду чыңдоо боюнча бир катар сунуштар менен жогорку органдарга кайрылууну макулдашышты. Бул алардын акыркы ойлору, акыркы сүйлөшүүлөрү эле. Түн жарымы. Басмачылар «Кызыл-Аскер» колхозунун конторасына жакын жердеги айбаны туштук-чыгыш жакты карап турган үйдүн каалгасын сындыра тээп кирип келишти. Чочуп ойгонуп «Айланайын бул ким» деп эшик алдын тосо баскан кемпирдин башы жарылып эстен танды. Каршылык көрсөтүүгө камдана баштаган Колдошту мыкаачылардын экөө жаткырып алып малчасынан сойду, башка бирөө Уркуянын колундагы 21 күндүк кызын алып ыргытып, анын алкымына канжарын малды.

Салиева Уркуянын ысмы өчкөн жок. Ошол эле жылы март айында «Кызыл-Аскер» айыл чарба артелинин мүчөлөрүнүн жалпы чогулушу болду. Анда Уркуянын сиңирген эмгегине эң жогорку баа берилди. Колхозчу дыйкандар айыл чарба артелине Уркуя Салиеванын ысмын коюуну сурашты. Алардын суроосун райондук аткаруу комитети канааттандырды.

**З. Мамбетсеитова**

# ФРОНТ ЖОЛУНДА



1920-жылдын май айы. Ички-тышкы душмандар жаш Советтик бийликке азуусун кайрап, согуш оту али да болсо алоолонуп жаткан кези. Бир күнү Токмок шаарынын көчөлөрү найзалуу жалтылдаган беш атарлары бар, кызыл жылдыздуу сур шинелин түрө кийишкен жөө кызыл аскерлерге толуп кетти. Ошентип Токмоктун чаң-топурактуу тар көчөлөрү шаңданды да калды. Бул шаңдуу кырчындай жаш кызыл аскерлер төртүнчү татар бригадасынын казандык 12-жөө аскерлер полкунун жоокерлери экен.

Полктун командачысы кызыл аскерлерге азык-түлүк жетиштирүү жана жергиликтүү калктан санитаркалар, обоз кызматкерлерин алуу маселеси боюнча, Токмоктогу уезддик ревкомго, азык-түлүк отрядынын штабына кирди. Колчакка каршы согушуп жаткан армия үчүн элден эгин, тон, кийиз, чокой жыйнап жүрүп бышыккан, орусча тил билген Турсун жөнүндө сөз болуп калды. «Армия үчүн кай жерде канчалык азык-түлүк, отун-суу, барды-ын Ревкомдогулар ошондон сурап билишет!»— деп, аны аябай макташкан окшойт.

Санитарка болуп, полк менен кошо фронтко кетүүгө мобилизациялана турганын Ревкомдо айтышканда Турсун тартынбай:

— Советтик бийликти коргоо үчүн даярмын,— деди.

Ревкомдон:

— Санитарка кылып, фронтко жөнөмөк болду! — деп билдирди.

— Барамын, кош болуңуз! — деп жиберди эле, Жайнак ордунан тура калып, колунан бекем кысты. Ал фронттун жайын билет эмеспи, бир түрдүү болуп, толкунданды.

Ошондой болсо да Турсун ойго чөмүлдү... эми фронттук турмушту баштан өткөрөмүн... Деги тагдырым кандай менин?..

Полк менен жолго чыгышты... Айлана үп болуп турат.

Пишпектен Олуя-Атага чейин жөө барып, андан поездге түшмөк. Ал кезде Пишпекке чейин темир жол келе элек болучу. Жадесе жолдо бараткanda да ага мылтык атуунун, санитарка болуунун жайын үйрөтүштү.

Бат эле ээн талаа, эрме чөлдөрдү басып, Тажикстанга өткөндө абалдын кыйын экендигин түшүнүштү. Каршы станциясынан Термезге чейинки жүз чакырым аралыкты кырк градус ысыкта жөө басып өтүү кызыл аскерлер үчүн, алардын жаш санитаркасы үчүн оңой болгон жок.

— Сестра! Шинелиңизди мага бериңизчи, мен көтөрүп алайын?— деди, бир жоокер ысыкта тердеп, кыйналып келаткан Турсунга ичи ачышып.

— Рахмат жолдош, өзүм эле көтөрүп кете берейин, сен шинелиңден башка оор куралжабдыктарды да көтөрүп келе жатпайсыңбы!— деп Турсун чымыркана басты.

* * *

Каршыдагы салгылашуу катуу болду. Турсун жүргөн үчүнчү батальон басмачылардын тылына өткөрүлгөн болучу. Түркстан фронтунун башкы командачысы М. В. Фрунзе басмачыларды кыйратуу жөнүндө приказ берген.

Батальондун командири басмачылардын тылын, анын күчүн ойрондоонун амалын ойлоду. Санитарканы атайын чакырттырып, алып, милдетти түшүндүрдү:

— Турсун!— деди командир тике карап,— сизге эң жооптуу милдетти тапшырамын.

— Айтканыңызды угуп жатам. Тапшырмаңызды аткарам, жолдош командир!— деди санитарка.

Командир милдетти толук түшүндүрдү да дагы бир-эки баланы кошуп үчөөнө кайырчы кыздын, баланын кийиминдей кийимдерди кийгизип, моюндарына баштык асып, басмачылардын тылына чалгындоого жөнөттү.

Чалгынчылардын үстү-баштары самсаалак, бети-колдору ботала, кир. Бөтөнчө Турсундан түк эч ким шектенгендей эмес. Бир «кайырчы кыз» болду да калды. Басмачылардын айлынын четине киришти. Жүүндөрүн бошотуп, көздөрүн акшыйтып «кайыр сурай» башташты.

Эч ким Турсундан шектенбейт. Бирөө бир сындырым нан берсе, бирөө каткан өрүк, башкасы курут, жарты алма беришет. «Кудай бардыр силерге!»— дейт ичинен. Баш ийкей жүгүнүп, кайырды баштыкка уруп, «ракмат» айтып, тияк-быяктарына көз салат. Сөздөрүн тыңшайт, иштерин байкайт... Басмачылардын уюган жерине жакын барганда, «үч кайырчы» үч жакка бөлүнүп кетишти. Тапшырманы көрсөтүлгөн план боюнча аткара башташты. Турсун басмачылардын негизги тобу, кор башчысы жаткан жайга туш келиптир. «Ишим оңунан чыккай эле?»— деп ойлоп, бир жагынан чочулап да коёт.

Көзүн ого бетер акшыйтып, жүүнүн бошотуп, колун жая жалдырай берди... «Кыргыз кыз го?», «Татар кыз го?» деген күбүр-шыбырды укту...

Тамак берип, калышса аны жемеги, ичмеги бир машакат... Жутап калгансып, жакшы эле шапылдатат... Бирок, анын максаты, убакыттан пайдаланып, сөздү, кепти угуу, жүрүш-турuштарды байкоо. Анда-санда далысын күйшөп коюп, мурдун шор тартып, «кет!» демейинче олтура берет... Эки кулагы, көңүлү басмачылардын кебинде, ишинде...

Ойдогудай учур келди. Боз шымчан, сары булгаары өтүк кийген, жашы он сегиз, он тогуздардагы баланы алар да жумшап жатышты. Кара мурут кор башынын сүйлөгөнү кыжырлуу, баланы зекип, коркута айтып жатат. Анын тапшырмасы да күчтүү.

— Жолдо сак бол!— деди ал, балага катуу эскертип.— Адашып кетип, же уктап калып көзүң кашайбасын! Анда ажалыңдын жеткени. Кекиртегиңди кыйып салам! Бычагым миздүү экенин билип кой.

— Жок, уктабайм, сак болом!— дейт бала калтаарып.

— Сак болуш үчүн уктап алгын да, таң заарынан күзөргө карай жөнөп кет! Төртүнчүлөрдүн колу, көп экендигин ооз эки гана айтып билдиргиниң!— деди кор башы.

«Карап тур!»— деди анда Турсун ичинен. Бала болсо «макул!» дегендей тигиге башын ийкеп жатат. Ошондон кийин баланын бир өтүгүн чечтирип алышты да, бүктөлгөн кагазды анын ичине, таманына салып кайра кийгизишти. «Бул билдирүү, маалымдоо экен го?» деп ойлоду Турсун. Ошентип, сары өтүкчөнү таң заарынан кетиришти. «Кайырчы кыз да» аны менен удаа жол тартты. Андан мурунураак кетүүгө мүмкүндүк болбоду. Сары өтүк-

чөндүн күзөргө кеткенин, андан мурда барып, крепосттогу командачыга билдириши эң зарыл эле. Бул билдирүү бүткүл батальондун тагдырын чечмек.

Кыштактан чыкканча шөлбүрөп, кудайы сурамыш болуп, басты да, кыштактан узай түшкөндөн кийин баштыктагы кайырды силкип жиберип жанынын бардыгынча крепостту көздөй сызды. Пахта талааларын, эгин аңыздарын аралай, арыктарды аттай чуркады. Жаны көзүнө көрүнүп күйүккөнүнө карабады. Бир жерден эки-үч киши көрүнгөн эле кайра шөлбүрөп өлмөксөн боло түштү. Алар көрүнбөй калгандан кийин зыргый жөнөдү.

— Жолдош командир!— деди крепостко чуркап жетип, энтиккенин баса албай жатып.

— И-и эмне? Эс алчы!?— деди командир, Турсундун тер аккан бетине түшкөн саамай чачын кайра сылап, орундук жылдырып.

«Кайырчы кыздын» алып келген билдирүүсү маанилүү болуп чыкты. «Каршыдагы төртүнчүлөрдү кыйратабыз» деген басмачылардын өзөрү кыйрады. Батальондун командири Турсундун билдирүүсү боюнча күзөргө аскер жиберип, адегенде эле баякы сары өтүкчөндү кармап, анын таманындагы кагазды окуп, басмачылардын кайсы жерлерде экенин, анын өзүнөн айттырап алышып, душмандын күлүн асманга сапырышты.

— Турсун!— деди командир, аны катарга чакырып алып, сиз санитаркалык гана милдетти эмес кужүрмөн жоокердик, чалгынчылык милдетти да эң сонун аткардыңыз! Ошон үчүн сизди мынабу пистолет, он сегиз метр кездеме менен сыйлап, алкыш жарыялаймын.

— Совет бийлиги үчүн кызмат кыламын!— деди Турсун, шерденип.

Турсун милдет өтөгөн үчүнчү батальон басмачылардын курчоосунда калганын угушту.

Таңга маал катуу атышуу болуп, кан күйүп кетти. Ат да, киши да боо түшүп жатат... кыздар тараптан да чыгым көп... жарадарлардын таңышка чама жетпей баратат... Батальондун кишилери уламдан-улам суюлду...

Аттардын туягы менен чаң ызгыткан басмачылар дагы кылыч, мылтыктарын жалаңдата качырып, кыйкырыкты салып, эми нак Турсунду көздөй келе жатышты... Эмне айла кылмак? Өлүмүш болуп өлүктөрдүн арасына кулап калды... Башка эч айла жок эле...

Басмачылардын мыкаачылыгын ушундан билиңиз, жан серек болуп, өлгөнү жаткан кызыл аскерлерди да кылыч менен чаап, найза менен сайып, биротоло жок кылып келе жатышты... Турсундун жүрөгү оозуна тыгылды... Кыймылдабай нак өлгөндөй болуп жерге жабышып көмкөрөсүнөн жатат...

Кара чачы булайып жаткандыктан санитарка экенин билди окшойт, бир басмачы антаңдай атынан түшө калып, «Өлүүбү, тирүүбү?»— дегенсип, моюнга бир тепти... «Өлүк экенин билсе да, аттан мынча түшкөндөн кийин, бычак сала кетейин» дегенсип «а бетбак!» деди да Турсундун далысына бычак урду... Кайра атына мингенче шашты... Турсундун далысы ысый түшүп, бат эле эсин жоготту...

— Аман калганыңыз жакшы болуптур, Турсун! Биз сиздин жана курман болгон жоокерлердин өчүн алдык! Басмачыларды аябай кыйраттык!— деп командир, анын жанында отуруп өткөн окуяны айтып берип жатты.

Жаракаты тез айыкпай турган болгондон кийин командири менен кеңешип, башка бөлүккө, башка госпиталга которуу жөнүндө Түркстан фронтунун командачысы М. В. Фрунзеге арыз жазды. Командачыдан суроосун канааттандырган жооп бат эле келди.

Турсун ыраазы болду. Приказдын мазмунун укса, комсоставдын поёгун бердирүү менен аны Пишпектеги госпиталга жеткирүүнү тапшырган экен.

Ушундай камкордук кылган М. В. Фрунзени Турсун бир тууган агасынан да артык көрүп калды. Кийин да ал жылдарды эсине түшүргөндө улуу полководец жөнүндө көпкө айтып берер эле.

**С. Сасыкбаев.**

## МАРИЯМ ТУУГАНБАЕВА



Мариям Тууганбаева Ташкендеги САКУда окуп жүргөн кезинде Кыргызстанга ишке чакыртылып келген. Ал жылдарда Талды-Суудагы аялдар бөлүмүн уюштуруп жана аны башкарып ишмердигин көрсөсөттү. Кийин «Красноречинск» МТСинде уюштуруу массалык иштери боюнча директордун орун басары болуп көп иштеди. 1930—1937-жылдарда Кыргызстан Борбордук Аткаруу Комитетинин председателинин орун басары болгон. Ал адам партиянын ишин бардык кыйынчылыктарды башынан өткөрүп, жердештеринин таалайы үчүн камкордук көргөн.

Кийинчерээк Мариям Тууганбаева Фрунзедеги педагогикалык институтунун тарых факультетин бүтүргөндөн кийин Талды-Суу орто мектебинде директор болуп иштеп жаш муундарды тарбиялады. 1946-жылдан 1962-жылга чейин Мариям апа Фрунзедеги кооперативдик техникумда педагогдук кесибин уланты. Азыр ал персоналдык пенсияда.



Bardьq elkelerdyn proletarlarь, birikkile!

QЬRQЬZSTANDЬN KOMMUNISTIK (bolşevikter) PARTIJASЬ

BORBORDUQ KOMITET

MYCӨLYK BILET № 49

Munu kersetyycy çol. Тугамбаева М.

Qьrqьzstandьn K(в)P birinci sьjaeь taraьnan Qьrqьzstan Kommunistik (bolşevikter) partijasьnьn Borborduq komitetine MYCӨ bolup şajlandь.

Qьrqьzstandьn K(в)P BK qatcьsь

ş. Frunze "___" ________ 193 ç.

Пролетарии всех стран, соединяйтесь!

КОММУНИСТИЧЕСКАЯ ПАРТИЯ (большевиков) КИРГИЗИИ

ЦЕНТРАЛЬНЫЙ КОМИТЕТ

ЧЛЕНСКИЙ БИЛЕТ № 49

Пред'явитель сего тов. Тугамбаева Мариам

избран Первым С'ездом КП(б) Киргизии ЧЛЕНОМ Центрального Комитета Коммунистической партии (большевиков) Киргизии.

Секретарь ЦК КП(б) Киргизии

г. Фрунзе "___" ________ 193 г.

# САПАР УЗАК



Мен Алила апаны эбактан бери эле билүүчүмүн. Бирок, а кишинин ушунча беделдүү иштерди иштегенин эми гана угуп отурам. Чынында мындайынан караганда эч деле баамдай албайсың. Ал, өзү жөнүндө мага эч деле сөз айткан эмес. Мен анын эски революционерка экенин эжелерден угуп калдым да, бир эбин таап аңгемелешип алууну чечтим.

Алила Сакеевага жолугууга эч мүмкүн болбой жүрдү. Бир күнү, троллейбусту күтүп турсам, тиги орундукта Алила апа отурган экен. Ал да мен күткөн троллейбусту күтүп отуруптур. Көрө коюп, сүйүнүп кеттим. Колунда кара сумкасы, жер жемиш салып алган тору бар.

— Саламатсызбы, апа.

— Саламатчылык.

— Бир жакка баргансыз го...

— Ооба, тиги Балыкчыга барып келатам. Троллейбустун келмеги тозок,— деди анчамынча нааразы болгондугун билдирип.

— Бүгүн колуңуз бош болсо, башыңыздан өткөндөрүңүз жөнүндө айтып берсеңиз дурус болот эле.

— Болот. Эртең базар эмеспи. Түшкө маал үйгө кел, көрбөдүң беле.

— Макул.

Эртеси, айткан убакта Алила апаныкына барсам, ал газет окуп отурган экен. Газетин мындай койду да, мага орундук көрсөттү. Анчамынча аркы-беркини сүйлөшүп алгандан кийин убада боюнча баштан өткөндөрүн айтып берүүнү сурандым.

— Болуптур, мен чай коюп коёюн. Келин болсо окуйт,— анан тынч отуруп сүйлөшөлү.

Алила апа, мени бир карап алды да.

— Сөздү эмнеден баштасак — деди.

— Башыңыздан өткөргөндөрүңүз жөнүндө.

— И-и андай болсо...— Саал ойлоно калды да анан, шыпты бир карап алып сөзүн улады.

— Чоң атабыз Корбото уулу Көлбай дегендин Болот, Бекболот деген эки уулу...

— Апа,— мен сөзүн бөлүп жибердим.— Сиз кийин бойго жетип калганда башыңыздан өткөн кыйын учурлардан айтып берсеңиз. Мисалы, тиги үркүндө Кытайга барып, андан кайтып келаткандагыларыңызды.



— И-и,— и-и,— бир азга ойлоно түштү. Каралжын тарткан жылмайыңкы өңү сустая калып, тээ алысты ойлуу карагансыды да анан үнү кичине каргылданып сөзүн баштады.

— Үркүн болгон жылы мен кичирээк элем. Бир күнү эртең менен эле эл арасы тополоң түшүп калды. Чамасы келгендер үй мүлктөрүн тоо-таштын коңулуна, үңкүрлөргө, жарларга катышып, айыл ичи кымгуут. Ар кайсы жерде тигилген боз үйлөр, эт-аш кайнап жаткан асылуу казандар, чачылган оокаттар калып жатат. Ызы-чуу түшүп ыйлаган балдарды айтпа. «Солдаттар келип калды, болгула»— деген үндөр. Балалуу аялдарды көч менен кошо алдыга жөнөтүп эркектер артта калышты. Анда кайдан билейин, көрсө Алма-Атадан падышанын буйругу менен жиберилген аскерлер экен. Ошо качып баратканда артыбызда бизди коргоп келаткан эркектерди Орловканын жанынан кууп жетишип, Байбосунов Акмат деген манап, Байтуума ажы баш болгон аскерлер куурайлуу белден өлтүрүшөт. Менин Сейитаалы деген агамды тирүүлөй кыйнап, кескилеп өлтүргөнүн өз көзүм менен көрдүм. Бир тууган кыйын экен, азыр да ошол өлтүрүп жатканы көз алдымда күнү бүгүнкүдөй.

Ошентип ар кайсы жерге конуп иле-салаа болуп көчүп баратабыз. Ата-энемдер «Жети-Өгүздөгү коңурат туугандарыбызга жетели. Деги өлсөк да сөөгүбүз бир жерде болсун»— дешип кейип-кепшип калышат. Энем Сабыркан бизди аянычтуу карап коёт да, көзүнүн жашы мөлт-мөлт таамп кетет. Анан этеги менен жашын сүртүп, мени бооруна кысып-кысып, терең үшкүрүнүп алды.

— Жүрүп отурдук. Көч быжырайт. Ак-Терекке жакындап калдык. Күн кызарып бата жаздап, кечтин илеби келип калган. Бир паста эле кайдан-жайдан пайда болгону белгисиз, илээлеп бараткан көч будуң-чаң болуп чак-челекей түшүп калды. Көзүм ымыр-чымыр. «Аскерлер келип калды, өлдүк, өлдүк»,— деген элдин чуулганы угулат. Көрсө бу жолу да байманаптар баштаган падышанын аскерлери экен. Аттуулар атчан, атын алдыргандар жөө-жалаңдап тоо тарапка дыргып качып жатышат. Балалуу аялдар, бүкчүңдөгөн кемпир-чалдар алдарынын барынча чаңга аралашып, «эл менен кошо бололу» дешип чубап качып баратат. Чедирейген курсагы бар, эки таноосу дердеңдеген, чакчаңдаган атчан бирөө, манап болсо керек, качып жаткан элге минтти: «Биздин айткандарыбызга көнгүлө, көнбөсөңөр түбүңөр менен жоготобуз. Андан кыргыз кемип калбайт.» Эл айтканына кулак түрүп да койгон жок. Бай-манаптар катын-бала дебей туш келди сабап, ат менен тебелетип жүрүшөт. Мен атам менен энем кайда экенин билбейм, эл бет алган жакка тырмаландап баратам. Жүрүп отуруп туюкка камалдык. Айлана көзгө сайса көрүнгүс караңгы. Кулун, бээлер кишинеп, ата-энесинен адашып калган балдар ызы-чуу. Чоң кишилер кулундарды, бээлерди кишенебегендей кылып ноктологон. Ыйлаган балдарды сооротуп жүрүшөт. Күнү бою наар албай курсагыбыз ач. Чоң энем караңгыда бээлерди саап балдарга жуткуруп жүрөт. «Деги ушу чүрпөлөрүм аман болуп, жакшылык күнгө туш болоор бекен» деп коёт.

Ошентип ашуу ашып, күн-түн дебей жүрүп отуруп Кытайдын тосмосуна барып камалып калдык. Алардын аскерлери бизди өткөрбөйт, анын үстүнө тосмосу бийик экен, эл камалып туруп калды.— Алила апа айтып жатып кабагын чытып тура калды да, анан сөзүн улады.

— Өтөөрүн эптеп өтүп, Кытайдын жерине тереңдеп кирип барып отурукташып калдык. Өлүм-житимдин көптүгүн айтпа... Көзүң жамандыкты көрбөсүн. Биз барганда үч түтүн элек, өлүп отуруп бир түтүн болуп калдык.

Эл менен кошо кээ бир байлар да барып калыптыр. Алар Кытайдын дөөтайларына кошулуп кедей-кембагалдарды дагы эзип, мал-жан, оокаттарын талап-булай башташты. Айласы кеткен качкындар тентиреп тарап кирди.

Биздин боз үй суунун жээгине тигилген эле. Мен жээктен чакмак таш терип жүрөт элем, бир маалда эле жалаңдаган бир топ атчандар келип калды. Үйдөгүлөр ызы-чуу боло түштү. Көрсө тигилер—бай-манаптар экен, акча, алтын, баалуу буюмдар барбы деп бүлүк түшүрүп жатышыптыр. Менин эсимде бир калганы—Дүрдана деген аталаш тууганыбыз кайраттуу, олбур адам эле, ошонун тиги бала-бакыранын ызы-чуусуна чыдабай, алигилердин бирөөн аттан селейте чапты. Бир топ карма-

шып, өзүнүн башы да канжалап, шайы ооду... Бай-манаптар алаарын алып, кетип калышты... Айта берсе кордукту көп эле тарттык.

Кийин орустун кедей-дыйкандары менен жумушчулары падышаны кулатып, эркин турмуш куруп жатыптыр, бай-манап деген жоюлуп, мурдагы кедей-кембагалдар жерге ээ болушуптур—деп эл арасына тарады. Качкындардын ич-арасынан «элибизге кетебиз, биз да жерге ээ болуп, эл катары жашайбыз, жаңы өкүмөт баарына адилет карайт экен, кайра баргандан коркпой эле койгула» деген үгүт тарады... Ошентип, качып баргандар өз элине, жерине кайтууга кам көрүп калды,— деди Алила апа сөзүн улап,— кайта келе жатканда чоң энем, Зуура апа жана өз энем болуп бир үйлүү жан калыптырбыз. Ачкадан өлгөнчө аман калсын дешкенби мени Жети-Өгүздүк Ысмайыл деген байдын баласына бир табак талканга сатып жиберишти. Андан көргөн кордугумду айтпай эле коёюн, анткени, аны эстегенде ушул азыр да эки, үч күнгө чейин тамак иче албай, уктай албай ооруп калам. Ысмайылдын үйүнөн кетсем дегенде көзүмдүн жашы тыйылбайт.

Күндөрдүн биринде бир милициясы бар үч киши келип калды. Мен эшикте от жагып жүрдүм эле, үйгө кир деп чакырып калышты. «Киши келгенде мени үйгө киргизчи эмес эле, эмне болуп кетти» деп, чочуңкурап шүмүрөйүп барып ички босогого тура калдым. Ысмайылдын улуу байбичеси: «Бери келе гой», деп жанын көрсөттү. «Бул эмне келе гой деп эркелетип калды. Адетин карматып алдап чакырып алып урган жатабы» деген ой менен тиги келген конокторго көңүл бөлбөй эле, байбичеден көзүм өтүп кетсе керек.

Аңгыча болбой келген конокторду бирөө, жөнөкөй кийингени: «Үйүңө кетесиңби, айланайын»,— деп калды «Айланайын» деген сөз кулагыма жакшы угулуп, менин туугандарымдан го деп, тигилерге карасам, жок, алардан эмес, бей-тааныш адамдар. Менде үн жок, сөз жок жооп бербей турам. Коркконум эле байбиче. Ал эки жаакка шакылдатып чапканда колундагы экиден салынган шакектеринин тагы бетиме мөөрдөй эле тура калуучу.

Коркуп турганымды билди окшойт, милиционер жигит: «Силерден бир киши күбө болсун, эшикке чыгып өзүбүз сүйлөшөбүз. Бул бечар коркуп турат. Биз барда коркпо айланайын»—деп, мени эшикти көздөй алып жөнөштү. Үйдөн чыкканда эле силер менен кетем—деп ыйлап жибердим. Ошентип алар менен өз жерим—Кеминге келдим. Көрсө Түркстан Борбордук Комитети тарабынан качкындарга жардам берүү иштери боюнча өзгөчө комиссия түзүлүп, анын мүчөсү Белек Солтоноев жана жергиликтүү советтик биринчи кадрлардан болгон Оторбай Кудаймендеев ж. б. активдер жетим, жесирлерди жана мага окшогондорду жыйнай башташкан экен. Милиционер менен барбаса тиги Ысмайыл бай мени жибербейт эле. Үйүмө келсем үйдөгүлөр «кызыл өгүз, көк сокодон» алышып тоюнуп калышкан экен. Элге келгенден кийин актив боло баштадым. Асыр эсе кыз-келиндердин сабатсыздыгын жоюу ишине активдүү катыштым, анткени, мурда 1916-жылга чейин араб тамгасында сабатым ачылып калган эле. Бул абал аялдардын сабатсыздыгын жоюуда аларды коомдук иштерге тартууга чоң жардам берди. Ленин комсомолунун катарына мүчө болуп өтүп, коомдук иштерге аралаша баштадым. Шайлоо мезгилдеринде айыл кеңешине мүчө, райондук аткаруу комитетине делегат, андан областтык кеңешмелерге делегат болуп калышып жүрдүм.

Ошол кезде мага жана мен өңдөнгөн көп аялдарга чоң көмөк берген Жолдошев Арыкпай, Сыдыков Абсамат, Чункелеев Кары жана Муратаалы деген мугалимдер болушту. Булардын жардамы менен карыган абышкага 2—3-аялдыкка сатылган кыздарды «чыккыла, окугула» деп буза баштадым. Ошондой аялдардын бири — азыркы убакта пенсияда жүргөн Раимбекова Зарылбүбүнү 60 жаштагы абышкага эки аялдын үстүнө үчүнчү аялдыкка сатканда кайта чакырып алдык. Ал ошол ликбезде окуп, сабатын ачып, өмүр бою колхоздун белсемдүү активдеринен болуп келди.

Биздин мындай иштерибизге Совет өкмөтүнүн душмандары — кулактар бардык жактан тоскоолдук кылышып, «бузулган катындар» деп ушак жүргүзүштү. Өлтүрүүгө аракет кылгандары да болгон, бирок алардын ал аракети таш капкан.



Алыс бир шаарга барып окуйлу деп курдашым А. Копобаеваны үгүттөп жүрдүм. Күткөн убактыбыз келди да, экөөбүз 1929-жылы Ташкенди көздөй жөнөдүк. А. Копобаева аялдар курсуна жөнөдү. Күйөөсү Копобаев Мусураалы «жакшы окуп кел» деп, аялын окууга жиберди да эки кичине баласын өзү багып калды.

Мен Ташкен шаарындагы Орто Азиялык Коммунисттик университетке барып өттүм. Мына, ошол САКУ да окуп жүргөн мезгилимден баштап Түштүк Кыргызстан менен ишим байланыштуу болду. Анткени, 1932-жылы университетти бүткөндөн кийин партиялык путевка менен Ош областына жиберген. Ошол 1932-жылкы бир окуяны айтып берейин.

Түштүк Кыргызстандагы басмачыларды жок кылуу, жазгы кош айдоону ийгиликтүү аяктоо жана аялдар арасында ишти күчөтүү маселеси боюнча ВКП(б) БКнын Орто Азия бюросунун чечими менен 1932-жылы САКУнун студенттерин Орто Азия республикаларына мобилизациялады. Биздин группадан аялдардан эки киши элек. Азыркы персоналдык пенсионерка Келдиева Алыйман Өзбекстанга, мени Ошко жиберди. Ош партия комитетинин биринчи секретары Төрөкул Айтматов экен.

Басмачылардын калдыгын жок кылбай туруп башка иштерди жолго коюу кыйын деген көрсөтмө берилди, мен жалгыз Араван районуна бөлүндүм. Аравандагы азыркы «XXII партсъезд» колхозуна бардым. Жергиликтүү коммунисттер, комсомолдор менен биригип ишибиздин планын түздүк. Чогула турган жана жата турган жерибизди эч кимге билгизбей өзгөртүп турдук. Басмачылардын келе турган жолуна, Керме-Тоо деген тоонун этектерине, кокту, өрөөндөргө киши койдук.

Ошол кыштактагы бирөөлөрдүн үйүнө басмачылардан киши келип жүрөт деген имиш-имиш угулду. Муну уккандан кийин планыбызды өзгөрттүк: шектүү үйдөн көп алыс эмес, 5—6 үйдүн үстүнө морго жакын жерге, эл жаткандан кийин бирден киши жатмак болду. Эгер шектүү үйгө шектүү бирөө келсе мордон таш таштоо керек. Мордун төмөн жагы үйдүн ичиндеги очокко чара, же чылапчын коюлмак болду. Ал идиштерге таш түшүп шалдыраганда үйдүн ичинен биз билебиз да, болжогон жерге чогулабыз.

Күндөрдүн биринде Шаа деген ак ниет дыйкандыкына келип кондум (мурда да бир нече жолу конгон элем). Ал көп балалуу эле. Ошол жердин аялдарындай кийинип, башыма жоолукту чүмкөнө салынып, анын майда балдарынын арасында жатуучу элем. Түнүчүндө тышка жумуштап кете турган болсом ошол жердин эркегиндей кийинүүм керек, муну мен баргандын эртеси эле жергиликтүү коммунисттер жана Шаа үйрөткөн эле. Мына, ошол түнү түн ортосу ооп калган мезгилде очоктогу чылапчын «кабар» берди. Үйдүн ичиндеги чоңураак бүлөлөр ойгонуп элейип төшөктүн үстүнө отуруп калдык. Мен тез эле эсимди жыйып, жүгүрүп тышка чыксам үйдүн үстүндө жаткан киши колун шектүү үйдү көздөй булгады да, өзү көздөн кайым болуп белгиленген жакты көздөй жүгүрдү. Шектүү үйдү карасам кагаз жабыштырган кичинекей терезеден бүлбүлдөгөн жарык көрүндү. Мен да ошол жакты көздөй кеттим...

Шектүү үйдүн алдында акбоз аргымак байланып турган экен. Терезе менен эшиктин алдына киши койдук да күтүлбөгөн жерден баягы үйгө кирип бардык...

Ак жолу бар көк чапан, белинде жибек жоолук, башына топу кийген, мурутчан, жашы—28—30да, сулууча келген кызылдуу жигит экен. Наган жана бычак менен жабдылыптыр. Бирок аларды алууга үлгүрбөй калды. Текшере келгенде корбашынын чалгынчысы — Бакир деген болуп чыкты.

Ошол эле күнү таң заарынан ат менен Ошту көздөй жөнөдүм. Калгандар тиги «табылга» менен артымдан келмек болушту. Мен келгенде Т. Айтматов убактысынан эрте кабинетинде отурган экен. Иштин жайын кабарладым. Бул ишибизди баалап, өкмөт ЖАКШЫ деген мүнөздөмө берип, грамота менен сыйлады...

Алиланын турмушундагы кубанычтуу окуянын дагы бири 1931-жылы Коммунисттик партиянын катарына мүчө болуп өттү. Партиянын зор ишенимин Алила талыкпаган эмгек менен актоо үчүн жан дили менен иштеди.

ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА 439309



## БУКӨШ МУҢАЙТПАСОВА

Береги саамайын аппак күмүш аралаган эненин
баскан жолу өзүнчө эле бир тарых. Ал жер менен
өсүп, жер менен карыган адам. Мына эми минтип
небересин эркелетип, жүрөктү алыска алып учкан не
бир шумдук акындын ой-кыялын жараткан ыр оку-
туп угуп олтурат. Бул адам менен жолукканда эмне
гедир анын 1935-жылкы баскан жолунан берки таа-
сирдүү жылдары көз алдыңан өтөт. Адеп колхоз
уюшула баштаганда бүткүл жаны менен көңүлүнде
ылаажы тапкан Букөш эне күчүн, акылын аябай эл
үчүн эмгектенди. Талаа анын бактысын ачты. Эмгек
анын таалайын көтөрдү. 1935-жылы ал эгин талаа-
сында звеновой болуп иштеген эле. Букөштүн бак-
тысыбы айтор ал жылы эгиндин өсүмү, кызыл кыр-
манга түшкөн түшүмү не бир укмуш болду. Звено-
вой кубанып турду. Анын эмгегин эл баалап ошол
жылы эле Москвада өткөн Советтердин VII съездине
делегат кылып жиберишкен. Бул жыл Букөштүн
өмүрүндөгү унутулгус жыл болду. Ошол жылы На-
дежда Константиновна Крупская менен жолуккан.
Ошол эле съездде Букөш Муңайтпасова СССРдин
Борбордук Аткаруу комитетинин мүчөлүгүнө шайла-
ган. Кийин болсо Советтердин чукул чакырылган
VII съездине да делегат болуп катышкан. Ошентип
эне 30 жылдан ашык убакыттан бери КПССтин мү-
чөсү.

Эми Букөш эне жүргөн талаада анын балдарынын
эмгеги, алардын таалайы жаралып жатат. Эненин
көңүлү куунак, эмгек менен өсүп келе жаткан бал-
дарына кубанат.

## ӨТКӨН КҮНДӨРДҮ БАРАКТАП



«Көлдөева Алима. Эски коммунистка. Мурда партиялык жооптуу кызматтарда иштеп келген. Азыр персоналдык пенсионерка» деп жаздым блокнотума.

Мага ушу киши жөнүндө аны билген менин тааныштарымдын бири айтып берген соң, балким оңтою келсе жолугуп аңгемелешермин деген ой менен алигидей жазып алдым. Бирок, менин таанышым Алиманы жакшы билет экен:

— Алима Көлдөеваны кандай жолуктура алам — деп андан сурадым.

— Азыр үйүндө жок болуш керек. Анткени Жалал-Абадка дарыланганы кетип жаткан. Бир-эки жуманын ичинде келип калышы мүмкүн. Келгенде мен өзүм кабарлайм деди.

Арадан бир нече күн өткөндөн кийин, баягы таанышыма автобустун токтоочу жеринен кезигип калдым. Учурашкандан кийин ал мага:

— Алима Көлдөева келиптир. Мага телефон чалды — деди.

— Ырас болот. Сиз макулдашып койсоңуз.

— Болжогон күнү барып аңгемелешип алалы — дедим, таанышыма өтүнүп.

— Мен өзүм деле ээрчитип алып барам. Эмне экен, эч уяла турган жери жок. Өзү апырацдаган эркек мүнөздүү аял.

— Анда эртең барсак дурус болот эле. Менин да колум бош.

— Болот. Саат он экилерде кездешели да чогуу баралы.

Эртеси убада боюнча таанышым экөөбүз жолуктук, бирок анын колу бошобой, бир шашылыш жумуш чыгып калыптыр. Ал мага Алима Көлдөеванын адресин берди да:

— Уялбай эле бара бергиле. Мен сиз жөнүндө айтканмын.

Билет — деди.

Таанышымдын шашып турганын көрдүм да көп кыстаганым жок. Ичимден саал кейип кала бердим.

Мына, үйдү таптым. Эшигин каксам Алиманын келини чыкты.

— Көлдөева Алима ушунда турабы?

— Ооба.

— Үйдөбү?

— Ооба.— Эмне жумуштап келдиңер эле дегендей мени суроолу карады.

— Мен Алима апага жолугушум керек эле. Мүмкүн болсо чакырып койсоңуз.

— Жумушуңар болсо кире бериңиз. Үйдө.

Келини дарбазаны ачып мага жол көрсөттү.

Үйгө кирсем Алима апа столдо отурган экен. Менин эмне себеп менен келгенимди биле койду көрүнөт.

— Кир, кире гой. Бутуңду чечпей эле кой— деди жоон үн менен.

Алиги таанышымдын «эркек сымал» дегени эсиме кылт эте түштү. Ырас эле кыймыл-аракети да куду эркектердикиндей. Бирок өзүнүн мамиле кылышынан анын оор, басырыктуу, жөнөкөй, маданияты бар адам экенин дароо баамдап калдым.

Мага орундук берди да:

— Үйдүн жыйнагы жок. Тиги кара уул эми жыйнасаң эми эле чаң-тополоң түшүрүп салат — деди, небересин көрсөтүп.

Келишимдин жайын айттым.

— Билем, билем. Айткан. Кичине таанышып алалы. Анан жай отуруп эмне керек сураңыз айтып берейин. Мейманга максым куюп келбейсиңерби?

Ошентип мен Алима апага жолугуп, анын үйүндө отурам. Мен келип жолуккандан тартып эле, кийик аңдыган мергенчилер сыяктанып анын кыймыл-аракетине, сүйлөгөнүнө, кулк-мүнөзүнө байкоо жүргүзө баштадым.

— Аңгемени эмнеден баштасак? — деди менин суроомду күтпөй Алима апа.

Мен унчуккан жокмун. Алима апа мени карап алды да:

— Башымдан өткөндөрдү кыскача айтып берейин. Анан өзүңөр жамакташтырып жазып алаарсыңар. Журналисттердин калеми жорго болот эмеспи,— деди күлүмсүрөп тамашалаган болуп.— Менин эсимде бир калганы 1918-жыл. Андан мурункуларын жакшы билбей калдым. Ушу 1918-жылы жалгыз өгүз кошулган араба менен Ак-Чийден азыркы Пишпекке көчүп келдик. Азыр эсептесем ошондо ушу ондун тегерегинде көрүнөм. Так айталбайм. Ал жылдары эл арасында жут, ачарчылык, кыйын.

— Пишпекке эмне себептен көчүп келдиңер? — дедим, блокнотума калемимди кадап кармап.

Алима апа менин жазууга баш коюп калганымды карап койду да сөзүн улады.

— Пишпекке эмнеге көчүпбү? Ошо 1918-жылдары эл арасында «Макелай тактан кулап, кедей-кембагалдарды жактаган адилет өкмөт орноптур дейт. Ошо өкмөт Пишпекке да келип, кедейлерге мал, эгин, үй, жер бөлүп берип жатыптыр» деген кабар биздин Ак-Чийге да жеткен соң, атам Шадетбай бизди ошентип көчүрүп келип калат. Атам мурда байларга жалданып иштеп жону кайыш болуп турган экен. Ошентип, Пишпекке келип отурукташып калдык. Атам № 2 жетим балдар үйүнө арабакеч болуп иштей баштайт. Өзү ак ниет, ишке дилгир адам эле, бат эле элге таанылып кадыр-баркка ээ болот. Партиянын катарына өтөт, Пишпек шаардык советинин депутаттыгына шайланат. А кишинин сабаты жок эле. Кийин кол койгонду үйрөнө баштады.

Арадан жылдар закымдап өтө берет. Мен да бойго жетип калам. Ал кезде кыз он бешке чыкканда эле күйөөгө берүүчү. Азыркыдай жыйырмадан ашкан кыздар чанда гана кезикчү. Кара далы атап, эл арасында шылдың болучусуң.

Мени күйөөгө беришет. Ошондогу көргөн күндү айтпа. Айлам кетип жүрөм. Ажырашууга деле мүмкүн эмес. Кийин күйөөм каза болот. «Кантсе да эми кутулдум го» дедим ичимден. Бирок бу жөн гана курулай кубаныч экен. Кайнагама алып бергени жатканын кулагым чалып калат. Ал кыркта. «Эми мындан кантип кутулам» деп айла издей баштадым. «Деле башка келгенин көрөйүн. Ата-энемден безип, аларга барбай, түз эле Пишпекке келип окууга кирейин. Эгерде бул оюм ордунан чыкпаса анда Чүйдүн суусуна агып өлөйүн» деп ичимден пландаштырып жүрөм...

Бир күнү улуу эжем Апина келип калды. Мен эжеме «Чүйдүн суусуна түшүп өлүүдөн башка эч арга болбой калды» деп муңумду айтып ыйладым. Апина эжем боору ооруп «Ак-Чий» тараптан түн ичинде жезде‍ң келет. Сени тиги суунун жээгинде тосуп турат. Эптеп күүгүм талаш, көз байланганда бир айла таап качып чык» — деп күн болжошуп койдук.



Болжошкон күнү, эл жат-жатка келип калганда качып чыгып айткан жерге келсем, жездем атын откозуп күтүп турган экен. Суу тереӊ. Эми аркы өйүзгө кечип өтүш керек. Ошентип таӊга жуук кечүү таап өтүп күндүз кечке калың камыштын арасында жашынып жүрдүк. Күн кечтей баштаганда камыштан чыгып жолго түштүк да күүгүм талаш Пишпекке келдик. Пишпекте Абдылда дегендин малын баккан Сыдык деген таанышы бар экен, ошондо кондук. Жездем мени ушу кишиникине таштап өзү үйгө кетет. Мен Сыдыктыкында бир жумадай жүрдүм. Ушу аранын ичинде мени куугунтуктап, күйөөмдүн ата-энеси, кайнагам, менин төркүндөрүм да таба алышпайт.

Алима апа саал токтой калды да:

— Мен орчундуу гана жерлерин, кыскача айтып берейинчи. Көп сүйлөп ийдим окшойт— деди мени карап.

Өзүңүз билиңиз дегендей ишарат эттим.

— Сиз Ольга Касьяновна Наздровскаяны, Турсун Осмоновалардын ысмын угуп жүргөн чыгарсыз. 1927-жыл, күзгө маал эле, мен Ольга Касьяновна менен Турсун эженин жардамы аркасында советтик партиялык мектептин алдындагы бир айлык курстан окуп калам. Ушу жылдан тартып менин жолум ачылды. Курска келгенден кийин комсомолдун катарына өттүм. Окууну бүткөн соң өкмөт мени Ош канткомуна жиберди. Аялдардын арасында уюштуруучулук иш жүргүзө баштадым. Ошто аялдар үчүн үч айлык курс уюштуруп ага 25 киши тарттык.

1929-жылдын күзүндө партиянын мүчөлүгүнө кандидаттыкка өтүп, САКУга жиберилдим. Ушу университетте окуп жүргөндөрдөн Кыргызстандан эки эле аял бар экен. Бири мен, экинчиси Алила Сакеева эле.

Кийин 1932-жылы университеттин окуучулары партиялык путевка менен беш айга сабатсыздыкты жоюу иштери боюнча айыл-кыштактарга жиберет. Мен Өзбекстандын Кокон областындагы Риштан районуна туура келип калам.

Мен келген колхоздо алтымыш түтүн бар экен. Алардын бири гана сабаттуу. Ал дагы молдо. Сабатсыздыгын жоюу курсун уюштуруп 12 кишинин сабатын жоюп, 18 адам кол койгонго жарап калат. Азыр бул адам күлөөрлүк угулат. А кезде кол койгонду билген адам бир институтту бүткөнгө тете эле.— Алима апа күлүп койду да, жоолугун оңдоп андан ары улады.— Ушу учурдагы бир окуяны айта кетейин. «Бир күнү өтө зарыл иш чыгып районго барып кайтып келе жаткан элем. Райондон менин колхозума эки жол барат. Бири узак, экинчиси жакын. Ошо жакын жолго түшүп, үйгө баратсам Балтабай деген бригадир алдыман чыгып: «кызым, бул жол менен жүрбө, майып болуп каласың. Тиги чалдыбарды көрүп турасыңбы? — деди да тоо тараптагы бузулган чалдыбарды көрсөттү.— Тиги жолго түш, тилди алып,— деп айтып өзү токтолбостон өтүп кетти. Мен Балтабайдын сөзүнө дароо эле түшүндүм. Токтолбостон кайра артыма тарттым да райкомго келип, болгон ишти түшүндүрүп айттым. А кезде Желан деген атактуу баш кесер бар болучу. Көрсө ошо корбашы Желандын өзү алиги чалдыбарда жол тосуп жатыптыр. Бир топ киши болуп анын жигитин 11 мылтыгы менен колго түшүрүп алдык. Ушу күнү студенттер корбашынын өзүн колго түшүрүшүптүр. Бул иштери үчүн студенттерге райком акчалай жана кездемелей сыйлык берди. Кийин университетке барганыбызда мактоо кагаздарын тапшырып, чоң ишенимди актагандыгыбызга ыраазы болгондугун билдиришти...

1934-жылы окууну ийгиликтүү бүткөндөн кийин Ош областынын Араван районуна келип МТСта аялдар бөлүмүнүн башчысы болуп иштедим. 1936-жылы Фрунзеге чакырылып Кыргызстан Ден соолук Эл Комиссариатынын «Энеликти коргоо» боюнча бөлүм башчысы болуп дайындалдым.

Кийин Москвага «Советтик курулуштун жогорку курсуна» окууга жиберишет. Бирок, ден соолукка байланыштуу аны бүтүрө албай калдым. Кайра келип республикалык прокуратурада кадрлар бөлүмүнүн башчысы болуп иштедим. Кийинки жылдары, Таласта, Петровкада, Кара-Балтада, Кантта жана Буденный райондорунда партиялык жоопттуу кызматтарда иштедим. Кийин бара-бара ден соолугум оңолбой койду. Ошого байланыштуу пенсияга чыгууга туура келди.

**Э. Алиев.**

# ТААЛАЙ КУРМАНЫ

(тарыхый очерк)

Февраль айы жаңы эле башталган. Мен ал кезде алтынчы класста окуучу элем. Бир күнү мектептин директору бизди өз кабинетине жыйнады. Капа сыяктуу. Көп узабай четинде кара шайы тигилген тууну бизге көтөрүп «Намуна» колхозун көздөй алып жөнөдү. Түз эле мүрзөгө бардык. Эл аябай көп экен. Митинг болуп жатыптыр. Сүйлөгөндөрдүн баары эле: «Жаткан жериң жайлуу болсун, топурагың торко болсун, Ырыс! Сенин кырчын өмүрүңдү кыйган жүзү караларга өлүм!» — дешип сөздөрүн аяктап жатышты.

Сөз токтоду. Чогулган эл «Намуна» колхозуна Ырыстын ысмы коюлсун деп чечим кабыл алды.

Ошол Ырыс ким эле?

* * *

Жалал-Абад шаарынын күн чыгыш жагы Чангент деп аталат. Малга да, данга да, жанга да ыңгайлуу жер. 1910-жылы күз айларынын биринде ушул жерге Кудайберди деген томаяк Баткен тараптан тентип келет. Бирок жаңы конуш да анын чекесин жылыткан жок, күндөр өтө берди... Жашы кыркка жеткенде бир жесирге үйлөнөт. Жыл айланбай кыздуу болот. «Кызыбыз бизге окшоп шордуу болбой, ырыскешиктүү болсун» дешип, атын Ырыс коюшат.

* * *

Октябрь революциясынын жарыгы Чангент айлына да тие баштады. Эл катары Кудайбер-ди да бул жарыктан жылынды, үзүр алды. Өзүнчө түтүн булатып, өзүнчө сүйлөөгө жетишти. Малсыздар малдуу, жерсиздер жердүү болуп, Кудайбердиге да үч танап жер, кош өгүз тийди. Мунун баарын жаңы өкмөт бай-лардан тартып алып берди.

Жаңы замандын жаңы мыйзамы байды, бий-ди бийлигинен, малынан, жеринен ажыратты. Алардын кыжыры кайнады. Тоо таяна качып барышып, басмачы болушту. Кеңеш бийли-гине каршы ок ата башташты...

Түн бир убак. Он чакты атчан Кудайбердинин үйүн курчап калды. Үчөө шапа-шупа үйгө кирип келди да: «Чырак жак!» — деп кыйкырды. Чырак жагылды. Үч жыл Кудайбердини иштеткен бай маңдайында туруптур.

— Кош, томаяк... кандай? Кардың тойдубу?— деди бай кылычын сууруп.

— Кудайга шүгүр...

— Кудай да сенин оозуңа кирет экен го, селсаяк! Бизди өлдү деп ойлосоң керек... Али тирүүбүз...

— Өлдү деп эч ким айткан жок...

— Биздин малды ким каттатты?.. Ороолорду ким көрсөттү?.. Чолок этектерге ким жардам берди?.. Кана, жооп берчи, куу сакал!

Кудайберди унчуккан жок.

Жаалданган басмачылар Кудайберди менен кемпирин малканага айдап киришти да кош өгүзгө кошуп мууздап кетишти.

Ырыс үйдө жок эле.

Ошентип шордуу Ырыстын оозуна эми аш тийгенде, тагдыр аны сопол дарактай жалгыз калтырды.

* * *

Тирүү жандын бир оокаты эптеп өтө берет турбайбы. Ырыс жетимдик күндү кечире берди. Эмнегедир, Айкыз деген бир аял Ырыска боорукер сыяктуу болуп туюлду. Жылуу сөз айтат, эскирген кийимдерин берет. Кыз да ага ык тартып калды. Бир күнү Айкыз:

— Эй, кагылайын Ырыс, эми сен качанга чейин ар кимдин көзүн карап жүрмөк элең. Өзүң эле ойлочу. Бойго болсо жетип калдың. Он беш деген кыздын жеткен жашы. Деги, өзүм эле сиңди кылып алсамбы деп да ойлойм... Өз өлтүрбөйт, жат жарытпайт... Атаң бечара да Баткендик эле... Мен да ошояктан болом. Ошол үчүн гана, бүтүн наным жарты болгонуна карабай, сиңди кылып алайын деп айтып жатам да,— деди бал тилге салып.

Ырыс турмуштун туюк жолуна кабылды. Эмне дешин билбей:

— Өзүңүз билиңиз, эже,— деди.

Ырыс унчукпас Жолборстун үчүнчү аялы, айлакер Айкыздын күндөшү болду. Баягыдагы боорукер сыяктанган Айкыз эми ок жылан-



дай октолду. Бүтүн түйшүк Ырыстын мойнуна түштү. Жоон чарбалуу Жолборс «боору бүтүн» калгандардын бири эле. Аңгыча эл ичинде бирикме чарба уюштурула баштады. «Баарын ортого салат имиш. Катыныңда ортого түшөт экен» деген ушактар тарады. Дал ушул ушактар менен олку-солкулуктан пайдаланышкан кулактар колхоз тополоңун чыгарышты. Мекемелерди, мектептерди курчап алышты, колго түшкөн активдерди өлтүрүп да коюшту. Унчукпас Жолборс да ала баканды өңөрүп, башын шайы жоолук менен байлап, атка минди. Кеңеш бийлигине каршы аттын оозун тартпай чаап баратып оңкосунан сайылып түштү. Ошол бойдон кайра ордунан турган жок...

Айкыз да, Ырыс да жесир калды. Айкыз: «кайнилеримдин бири мени алат го» деген ой менен бир жыл күттү. Бирок, эч ким ооз ачпай койду. Соодасы түгөнгөн Айкыз Чөкө-Төбө айыл Советине көчүп барды. Өзү менен кошо «сиңдиси» Ырысты да ала кетти. Колхозго кирмекчи болуп арыз берди. Ал арызга: «иштөөчү күч — бирөө (Ырыс), кошумчам — бир жылкы, кожолук ээси — Айкыз» деп жаздырды. Өмүрүндө жакшылык көрбөгөн, ар кимдин жемесин угуп жүргөн Ырыс үчүн бул дүйнө али караңгы эле. Айкыздын айтканын иштейт: жат десе — жатат, тур десе — турат.

* * *

Жаз да келди. Иш башталды. Ырыс да кетмен алып жумушка чыкты. Кара жумушка көнгөн Ырыс үчүн арык тазалоо, жер тегиздөө оор иш эмес эле. Эркектер менен бирдей иштейт. Дал ушул күндөн баштап он сегиз жаштагы Ырыска ырыс жолукту. Анын атасы — колхоз, энеси — эмгек болду. Айрым кишилер: «мына бу мейман катын эркектерди жолго таштайбы деп коркобуз» деп сөз кылышса, аны жактырбагандары: «эми эле жели чыгып тообосуна келип калат» дешет. Ырыс болсо кетменди керилип шилтей берди.

Күн артынан күн, ай артынан ай өттү. Адегенде эркектерге кошулуп 2—3 гана аял иштечү. Бара-бара алардын аралары да толо баштады. Эмгек Ырыстын жүзүн да, көзүн да ачты. Баркы да арта баштады. Эмгек толкуну ушакты да, өткөн азапты да алда кайда сүрүп таштады, жаңы күндүн каалгасын ачып, келечекке чакырды. Сабатсыздыкты жоюу мектебине да кирди. Айкыз болсо түбү жок капка ушак сөздү толтуруп салып алып үйдөн үйгө кирет: «Колхозго кирбей эле балакетке кирген экемин, айланайындар. Жанакы катын менин сөзүмдү укпайт, кудая тообо. Эркектер менен тарактап кечке талаада жүргөнү аз келгенсип, эми окуу деген бирдемени таап алыптыр. Ий, бетим, анысында бир да катын окубайт экен. Бир гана менин шуркуям... Бир менин эмес, бүт элдин бетине кара көө сүртмөк болду»...

Имиш—имишке улана берди. Он сегиз миң ааламдын күнөөсүн бир Ырыска жаадырышат. Чындык менен эмгек ал ушактарды эбелектей учуруп бириндетет. Ушул учурда «бети ачылган» аялды ар ойго салууга аракеттенишкендер да болушту. Айрымдары ортомчу койсо, кээ бирөөлөрү өздөрү эле кол созот. Ошондойлордун бири — Сүйүмбай мурап болучу. Жашы отуздан жаңы эле ашкан, мурутун чыйраткан жигит. Сүйүмбайдын атасы Кудайберди чириген байлардын бири болгон. Ал жерсуу реформасына чейин өлүп калгандыктан, баласы «атасы үчүн жооп бербей калган». Эптеп колхозго кирет да мураптыкка жетет. Күндөрдүн биринде ошол Сүйүмбай пахта сугарып жүргөн Ырыстын жанына бастырып келип, күмүш үзөңгүнү чирене тээп туруп сөз баштайт:

— Сенин тилегениң — суу, менин тилегеним — сулуу... Эки башты бир жастыкка кошууга көңүлүң чабар бекен, келинжан?..

— Айтар сөзүңүздөн адашып калыпсыз, ылайыгы келсе молдого дем салдырып алыңыз. — Ырыс күлүп койду. Күлкүдөн улам Сүйүмбайдын үмүтү шоолалана түштү. Ат үстүнөн Ырыска кол узатып, ыржактай баштады. Ырыс териге түштү. Колун кагып жиберди. Сүйүмбай келинди өзүн көздөй тартты. Ушул кезде Ырыс анын жакасынан кармап туруп аттан оодарып таштады. Арыкка чабыла жыгылган Сүйүмбай сууга түшкөн чычкандай болуп тура калды. Көрүп тургандар дуу күлдү. Кегин ичине каткан мурап атын жетелеп алыстай берди.

* * *

Ошол жылдары «Намуна» колхозунда бар болгону 5 комсомол мүчөсү бар эле. Баары өспүрүм жигиттер. Дин менен эскичилик муунтуп турган жерде аял эмес, эркектер да жаңылыктарды коомай кабыл алышчу. Жүрөгүндө жалыны бар, жаңы заманга берилген гана жаштар комсомолго өтүшкөн. Дал ушул кырдаалда Ырыс комсомолдун катарына кошулду. Бүткүл эскиликтин чынжырын үздү. Эми ал жалаң гана «иштемчил катын» болбостон, алдыңкы катардагы күрөшчүл да болду.

Оозунда элеги жоктор:

—Кудай урду, эл бузулду, жер бузулду,— дешти.

Бирок, ар жылы келген жаздын жашыл шибери эски чөптү басып жайкалып өскөн сыяктуу эле, жаңы замандын шаңы да эскиликти тепсеп кулач жая берди. «Буурсун менен жер айдап, буулугуп ичте муң кайнап» жүргөн элге Совет бийлиги болот тулпарларды тартуулады. Тилекке каршы болот тулпарлардын «тилин» билгендер бул айылда жок эле. Ошентип, бир топ жигиттер трактористтик курска жөнөтүлдү. Аларга кошулуп «салт бузар катын» Ырыс да кетти. Ырыс ырыска умтула берди. Кыш бою окушту. Эрте жазда жерди дүңгүрөтүп тракторлор талааларды тиле баштады. Ырыс тракторун мечиттин жанына тырылдаткан боюнча токтотуп коюп, үйүн көздөй басты. Молдонун үнү угулбай, намаз жөндүү окулбай калды. Трактордон чочулашкан сопулар алыстан үңүлүп тиктешет да, жакаларын кармашат:

— Тооба!.. Акыр заман деген ушул... Баары бузулду...

— Алиги шерменде минип келиптир дешет...

— Ал бардык элди бузуп бүттү...

— Таксыр, бул шермендени эмне кылабыз эми?

— Баскан изин казып таштоо керек...

Сөз айтыла берди...

Чыт курсак балдар кубанышып тракторду айланып чуркап жүрүшөт.

* * *

Жаңы турмуш чыңала берди. Бирок, айрым шылуундар, байлардын балдары эптеп колхозго кирип алышып, коомдук мүлккө, жаңы өзгөрүшкө кол сала башташты. Эрки бош кедейлерди азгырышып, аларды кылмышка тартуушту. Айлакер Сүйүмбай амал менен айыл Советинин төр агалыгына жетти. Өз айланасына кулак Мурзахматтын баласы Курманалыны, орто дыйкан Ташматтын баласы Айткулуну топтойт. Анан акырындык менен Жалал жана Матисак деген кедейдин балдарын азгырат.

Пахта кырманына өрт коюшат, коомдук малга күчала беришет. Ушинтип мителер коомдук мүлккө тиштерин чайкоого өтөт. Ак жеринен айрым аңкоолорду айыпка жыгышат...

* * *

Эмгек күн алуу — өзүнчө майрам, өзүнчө сайран. 1936-жылдын жыйынтыгы чыгарылып, колхозчуларга эмгек акы төлөнүп жаткан учур эле. Иштегендер сүйүнүп, иштебегендер күйүнөт. Ырыстын кубанчы койнуна батпайт. Ага далай кер мурут жигиттер жетпей калды. Анын үстүнө колхоз башкармасы тарабынан бир үй сыйлык да алды. Жыл сайын ударкырдаал, албетте, Сүйүмбай сыяктуулардын ник колхозчулардын слётуна катышат. Бул кыжырын келтирет, күйбөгөн жерин күл кылат. Мына бүгүн да Сүйүмбай тамекинин түтүнүн ичине тартып, аркы-терки басып турат. Бир оокумда кулак Мурзакматтын баласы Курманалы жан жөкөрлөрү Матисак менен Жалилди ээрчитип алып Ырыстын жанына келди. Көбүрөөк кылт этишкен окшойт, ооздору жабылбай калыптыр. Баш-аламан сөзгө киришти:

— Оо, жеңе, трактор күйөөң аман жатабы?

— Бүгүн беш кишинин акчасын алдың окшойт...

— Акчанын жарымына эле эки эр сатып алса болот...

— Кана, кырмандын үстүнөн чыктык, ырымын кыласыңбы?

— Бизден артыкты таппассың?..

Ырыс унчуккан жок. Акырын барды да Курманалынын башындагы тебетейин алып туруп, өзүнүн жоолугун салып койду. Карап тургандар дуу күлүшөт. Курманалы башындагы жоолукту мыжыгып туруп жерге ыргытты.



* * *

Ызалуу жигиттер Сүйүмбайдын жанында унчукпай турушат. Тиштери кычырайт.

— Кеңеш мындай,— деди Сүйүмбай сөзүн улантып,— бул катын чекеге чыккан чыйкан болду. Колхоздун пахтасын да ушулар өрттөгөн деп комсомолдук чогулушта сүйлөптүр. Кой терисин жамынган карышкырлар биздин арабызда жүрөт дептир. Бул жакшылыкка алып барбайт. Эптеп жолун таап изин шыпырып коюш керек.

— Эртең эле башын алып таштайм,— деди Жалил.

— Охо, мунун баатырдыгын кара.— Сүйүмбай кытмыр күлүп койду.— Бул ишти кудайдын өзүнө да көрсөтпөй иштөө керек. Эртең базар күн. Акчалуу катын базарга барат. Мына ошол жерде айласын таап ичириш керек... Шаардын чети калың камыш. Жан жок... Төө көрдүңбү? Жок. Бээ көрдүңбү? Жок. Оомийн.

* * *

Базарга эл батпайт. Төртөөнүн издегени Ырыс. Ырыс болсо эки уйдун бирин сатып мал базардан келе жаткан эле. Тигилер карп-курп алдынан чыгышты.

— Ой жеңе, кечир. Биз ит болуп... арам суудан ичип алып... сага акаарат сүйлөптүрбүз. Алдыңа келсе атаңдын кунун кеч деген сөз бар. Кечирип кой, жеңе.

Ырыс күлүп:

— Кечирдим,— деди.

— Эмесе, бир аз бозо алып бербейсиңби?

Ак көңүл Ырыс тигилерге бозо алып бермекчи болуп бозочу кемпирдикине барды. Чай чыны менен бозо ичишти. Издегендери колуна тийген жанагы төртөө арак кошкон бозону Ырыска суна берди...

* * *

Эки дөңгөлөктүү араба камышты аралаган жол менен бара жатты. Кыштын ызгаарына карабай, жер бетинде кар жок. Күүгүм кирди. Курманалы, Айткулу, Матисак үчөө Ырысты арабадан сүйрөп түштү. Оозун таңышып, камыштын калың жерин көздөй жөнөштү. Жалил арабаны колхозду көздөй айдап кетти. Эл жатаар ченде болжолдуу жерге Сүйүмбай менен Жалил да келди. Ырыска көрбөгөндү көрсөтүштү. Акчасын бөлүп алышты. Акырында өлтүрүштү. Из жашыруу үчүн Ырыстын сөөгү жаткан камыш кепеге өрт коюшуп, өздөрү житип кетишти.

Бирок душмандар Ырысты өлтүрүшкөнү, өрттөшкөнү менен, анын жолун, азаттыгын өлтүрө алышкан жок, өрттөй алышкан жок. Акыйкаттын, жаңылыктын соту душмандарды жоопко тартты.

* * *

Жалал-Абад шаарынан Сузак селосун көздөй тасмадай созулуп асфальт жол жатат. Ушул жол Ырыс айыл Советин аралап өтөт. Жолдун эки жагын кооз үйлөр, пахта талаасы, жемиш багы курчап турат. Мунун баары Ырыстын үмүтү, Ырыстын багы, Ырыстын шаңы. Ушул жол менен бара жатып, мындан 34 жыл илгери өткөн өкүнүчтүү бир трагедия эсиме түштү, ошол трагедия жазылган тарыхтын саргайган барактары көз алдыма элестеди. Менин кулагыма таалай үчүн курман болгон Кудайбердиева Ырыстын үнү, жүрөк күүсү, келечекке шилтеген кадамы угулуп турду.

Тиги пахта талаасында иштеп жаткан миңдеген аялдардын шаңдуу күлкүсүндө Сенин күлкүңдүн үлүшү бар, Ырыс.

**Т. Байзаков.**

# ЭРТЕ ЭСЕЙГЕН ЖАШТЫК

(Очерк)

Жашыл бактын ичинде эртеден бери бир нокоттон көзүн албай тунжурап отура берди. Жан жагындагы коюп койгон түз сызык дептердин барактары далбырап бир нече жолу ачылып, жабылгансыды. Узун ойдун учугун түрө албай отурган эже аны менен иши болбоду. Ал жерде отурган эжени алыстан караган адам тек гана кыймылсыз статуя катары сезчүдөй. Ой адамды ушунчалык да катырат экен, ээ!

Бир маалда колтугуна катылган манжаларын төмөн түшүрүп укалады. Дагы эле жоготкон таттуу кыялын эстей албай жаткансып бир жерди тиктегени — тиктеген. Эже далайга отура берет беле айтор, танаписке чыккан окуучулардын ызы-чуусунан селт этип чочуп тура калды да бириндеп жерге түшкөн барактарын жыйыштырды. Кайра келип орундуктан орун алды да бир нече топко бөлүнүп ойноп жаткан балдарга ыраазы болуп карады. «Бактылуусуңар. Эзели кабагыңарга кар жаабасын да, кайгынын муңу жүрөгүңөрдө зилдебесин, ылайым ошондой болгула». Бирөө менен сүйлөшүп жаткансып күңгүрөнүп ыраазы болгондой толкуп турду. Балким, алыскы жылдар арасында тумандап калган балалык учурун эскердиби, айтор, заматта жүрөгү уйгу-туйгу болуп, жүзү кубара түштү. Өзү отургузган алма бактын арасынан ылдый түшкөн арыкты жээктеп кетип бара жатты. Ал эми конторго барат. Сабакка даярдангакга кайдан убактысы болсун. Иш көп. Адамдар менен сүйлөшүүдөн колу бошобойт. Эртең менен адамдарды тосуп алса, түн пардасын тартканда аларды узатып, анан илкип үйүнө келет. Же болбосо айдын жарыгын жамынып, учу-кыйрына көз жетпеген мейкинди бир кыдырып чарбасына саран карап келет. Деги эженин колу бошоп, ишсиз отурганын жолуктургандарды табуу өтө кыйын го. Пай-пай, эмгек бул адамдын жолдошу белем!

...Саамайын сылап кулагына илген секелек кыздын жанына басып келип энеси үн катпай туруп калды. Ким билсин, эрте эсее түшкөн кызына ыраазы болуп тургандыр. Болбосо заманасы куурулуп жаштыгын уурдап жаткан кытмыр жылга кыжыры келип, кызына билгизбеске аракет кылып мелтиреп тура калдыбы, эмнеси болсо да сөз айтууга алы келбеди. Жүздөрү күнгө тотугуп, каректери жандуу көзү тегерек кыз энесинин жүзүнөн бир нерсе окугансып тынчсыздана түштү. Куудурап жарылып кеткен колдорун жашыргансып: — Апаке, сага не болуп кетти, ооруп турасыңбы? —-каректерин калдап апасынан жооп күткөндөй телмире карады.

— Жок, кагылайын. Жөн гана сенин түрүңө боорум ооруй түштү. Элге бейпилчилик болсо кендириң кесилбей ээн эле ойнобойт белең.

— Койчу, апаке. Колдон келген иштн иштей албайм демек белем. Сен көтөргөн жүктү мен деле көтөрүшөйүн дедим эле. Капа болот турбайсыңбы?..

— Жок, Кимияхан, капа болбой кара жерге кирейин. Эне болуп эле аямыш болгонум эмеспи. Элдин башына кыйын иш түшкөндө сени үйгө отур десем оңомунбу. Курбуларыңан калба, кулунум.

— Апакем десе, эстүүм десе.— Кыз апасын кыса кучактап эркеледи. Бетин тосуп, эненин ысык илебин сезди. Аңгыча жашыл жөөктү аярлай суу салып бара жаткан келиндин үнү шаңк дей түштү: — Кызыке, суу азайып калды. Кулакка бара келчи.

Кимия энесинин кучагынан ажырап кулакты көздөй бара жатты. Ар кай жери сүзүлгөн батистен өзбекче тигилген көйнөк желаргыга дилдиреп Кимия толо түшүп жатты. Энеси ан сайын узата карап ыраазы болот. Көздөрүнүн чөйчөктөрү толо түшкөн жашты ирмегенде төмөн кулады. Жүзүн аралаган шордуу суу оозуна келе түшкөндө эненин жүрөгү тыз дей түштү. «Көзүмө ак түшсүн. Эл көтөргөн жүктү мен көтөрсөм не болот экен көзүмө»... Терс бурулуп өзүнүн пахта мейкинине жөнөдү...

Жылдыздуу асманда сызып бара жаткан айдын чарасы так төбөгө келип калган учур. Кыз-келиндер чогулуп ырдашат:

«Ак жоолугум чачысы,
Эңкейсем сууга малынат.
Аскерге кеткен курбумду,
Жүрөгүм эңсеп сагынат...»

Келиндер созгон обонду кыздар ичинен коштоп үн салат. Алардын арасында «сүйгөнүн эстеп сагынат» дей албай тартынышат. Келиндер жары жөнүндө сыбызгы үн кошуп ырдаганда уккандардын жүрөгү канап, узун санаага жолдош боло түшүшөт. Четте отурган Кимияхан чыккан үнгө жашый түшкөн топко кайрылып: — Болгулачы, жеңелер. Деги эле баарыңар акын болуп, авамдар келгенде кыз жигиттин айтышында мөөйдүн баарын силер ала турган болдуңар. Же чогуу жатып эс алалы. Болбосо жөөккө баралычы — ырдаган жеңесин үңүлө карап жооп күттү.

— Жөөккө, кызыке. Эртеңки мээ кайнаткан ысыкка саласал салып кете бергендей эр азаматыбыз жок. Жүргүлөчү.

— Жок дебечи,— көңүлүнө катуу алган келин жактырбагандай чак этти.

— Байкушумдун тилеги жакшы. Келип калышар. Ошондо да атаандашып эркектин иши деп тил албай турарбыз.

— Келишсинчи, эки жылдыгын бир иштетели. Кайран немелер кетменден жакшы эле эс ала түшүшкөндүр.

— Ошону айтсаң.

— Согуш эле тынч дейсиңби. Ажал кечип жүрбөйбү, байкуштарыбыз... келиндердин ар кимиси бирден сүйлөп туш-тушка тарады. Жеңелеринин тилектерине Кимия бир чети ыраазы болсо, бир чети ичи эңшерилип капалана түштү. «Байкуштарым кантсин» деп коёт өзүнчө. Кимияхан 12 жашынан катуу-тирикке аралашкан. Ошол жашында эле илмеңдеп пахтаны ылдам тере турган. Аңгыча элдин көңүлүнө кирдүү булут токтоткон жаман кабар угулду. Согуш, согуш деген сөз чоңго да, балага да бирдей кайгы алып келди. Ошол жылдары Кимия кыз колхоздун белсемдүү мүчөсү катары иштеди. Эртерээк чоңойгон кызын көрүп энесинин түтөп турганы да ошол.

Жыл айланып Кимияхан кадыресе адамдар катары боло түштү. Бир күнү ээсиз жаткан тракторду кимге тапшырабыз деген сөз болду. Келиндер бирин-бири тиктешет. Кимия ордунан обдула берип кайра тегерегин карады. Кара жоолук чалынган бир-эки келин көзүнө чалдыга түштү. Жүрөгү сайгылашып, маңдайынан муздак тер чыккандай чыйрыгып кетти.

— Мени жибергилечи. Окуусу болот бекен — кыздын үнү жабыга чыкты. Эч ким кубаттаган жок. Ар кимиси ошентсин дегенден айбыгышат. Кызга катуу тийбесин дегендей аяй түшүшөт.

— Каршылыгыңар жокпу? Кимия окуп келсин. Жаз деген эртең эле кирип келет — жооп күткөндөй жыйналышты башкаруучу отургандарга карады.

— Барсын — ар кай жерден чыккан үн угулду.

Ушул чогулушта колхоздун кыз-келиндеринен механизаторлордун курсуна баруучулар тизмеленди. Анын биринчиси Кимияхан болду.

Үлүңдөгөн чырактын жарыгынан үйдө отургандар эрбейип, сербейип араң көрүнөт. Баары бурчтагы оозу ачык келип жогору жагы морлонуп, жогору чыккан кемегенин жанында отурушту. Үзүлүп барып кайра жана түшкөн жалындан инилеринин жүзү даана көрүнө калат. Анан жалын мордон жогору көтөрүлүп жок боло түшөт. Кимия үйгө киргенде атасы одурая карап кандайдыр бир жаңылык күткөнсүдү.

— Эмне кеп бар, балам? Жакшы кабар уга алдыңбы?

— Жакшы, ата, советтин көп шаарлары бошоптур дешет.

— Акыйкат акыры жеңет да. Ошентсин, чуу чыгып жүрөк үшүп бүттү.

— Жеңгени кайсы, абышка, күндө бир үйдөн ошол. Уруш кемитпей коёбу.

Ата-энесине жөндөп эч нерсе айтып бере албаганына Кимияхан уяла түштү. Кантсин, ал деле согуштун маанисине терең түшүнө бербеген жаш неме эмеспи.

— Ата, мени тракторчу болосуң дешти. Сакалдыга барып окуп келет экенбиз. Үйдөгүлөрдөн жооп күттү. Заматта бөлмөнүн ичин дүлөй тынчтык каптап ар кимисинин санаасы санга бөлүнө учуп турду. Бир оокумда атасы кызына карап: — Ии, бол десе жакшы болуптур. Айылда эр бүлө калбаса, силер айдабаганда ким айдасын. Атаганат, караңгы заман жаштыгымды тумчуктуруп кетпегенде бир нерсе болбойт белем. Кыз-келиндердин катуусун колдон, оорун жерден алганга жарабай отурбайымбы—атасы каңырыгы түтөп капа боло түштү. Энеси дале үнчүккөн жок. Далайдан соң кызына кеңешкен болуп:— Ары-бери ооздуктай салгандай ат эмес, кулунум. Чебердей көр.

— Ала качкандай ат беле, жарыктык апам. Асан-кайгыга төрөлгөн эле жансың да...

— Сырын билбейсиң, абайла дегеним. Деги сактыкта кордук жок.

Эртеси Кимияханды окууга жөнөтүштү. Карылык бекем басып калган атасы кызын узатып, карааны үзүлгүчө карап турду. Жаш кыздын кадыресе адам катар милдет тагып узатканына сыймыктанды...

Райондун ар кайсы колхозунан келген бир топ кыз-келиндер бирге окушту. Жерге сыңар тизелеп отурушуп, тизесине коюп жазуу жазышат. Көбүн эсе трактордун тетиктерин үйрөнөбүз дешип талаада болушат. Айрыкча түн катып толгон кыз-келиндер улам бири рулга отурушат. Адамды турмуш тез эле үйрөтөт тура. Кыска мөөнөттүк курста эле ар кимиси өз алдынча айдоого үйрөнүп кетишти. Ар бир чарба эми атайы адистиги бар механизаторлорго ээ болуп калышты. Кимияханды да жеңелери, жердештери кубанып тосуп алышты.

Түтүнүн асманга бүркөн трактор тээтиги ойдон кайрылгыча атасы күтүп турду. Трактордун үнү жакындаган сайын атанын жүрөгү туйлап эмнегедир кубанычтын толкунунда сүзүп жүргөндөй сезип жатты. Беш-алты өрүп артына таштап койгон чачынын ичкерген учтары шамалга эркелегендей бирде бир биринен алыстап, бирде чогуу боло калат. Башындагы топусу аптапка оңоюн деп агыш чаңгыл тардып калган. Кыз эч нерсени элес албады. Айдоонун четинде отурган адамга анчалык деле көңүл бөлбөдү. Жердин кардын аңтара салып өзүнөн алыстаган кызына атасы үн салды.

— Кызым, Кимия, эс алчы балам,— колун булгап дагы бир нерселерди айтып жатты.

— Атаке, убара, болгон экенсиң. Балдар тамактан кемчил эмеспи, өзүң оорубай жүрөсүңбү?

— Кемчил болсо да чыдайбыз да. Үзүмчүлүк эле. Тынчтык болсо баары болот. Бизди ойлобочу. Өзүңдүн ишиң кандай?

— Көрүп турбайсыңбы. Кээ күндөрү сменщик да жетишпей калат. Күнү менен түн бою жалгыз иштеген күндөр аз эмес. Ата, балдарга,— койнуна каткан эки-үч жүгөрүнүн тандырнанын берди.

— Кулунум, эл жесин. Иштегендерге...

— Бул өзүмдүн нормам. Күнүнө 2 токоч берет. Бирин силерге — атасы көтөрүп келген шылдыр кашка айрандан кере жутуп, чаңканы сууй түштү.

Ата-бала далайга сүйлөштү. Кудуңдап сүйүнгөн кары үйүнө жол тартты. Анда-санда баласына ичи ысыганыбы «адам болот деген эле ушул. Тигинден тиги жердин боорун тилип жүрбөйбү. Жаманым» — ойлогонун үн чыгара сүйлөнүп кетип бара жатты.

Торгойлуу талаага жакшы кабар жетти. Келиндер алиги атчанды тегеректеп коё беришпейт. Бүттү дегени менен жумушу жок, тизгин-чылбырын колуна беришпеди. Кимиянын жүрөгү сүйүнүчтү сезгенсип көөдөнүнөн орун таппагандай туйлады. Салган борозунун аягына жеткиче шашты. Эки көзү, бүт санаасы алиги топтошкон адамдарда. Топтон жоолук ыргытылган сайын жүзүн нур чала түшөт. Акыры чыдай албадыбы, тракторунун отун өчүрбөй ыргып түштү да топко чуркады. Демейде эки бир арыш керген соң жете турган жердин алыстыгы ай?..

— Кызыке, сүйүнчү. Согуш бүтүптүр.

— Кудай ай, болсун. Байкуш жеңем багың бар экен, болсун!

Ушул учурдагы талаадагы бака-шака, ызычуу өзүнчө эле бир турмуш. Туш-тушта түтүнүн асманга бүркөн тракторлор үнүнүн бардыгынча дабыш салып турду. Аны атайын ошондой калтыргансып жеңиш жөнүндө ааламга жар салгандай улам катуулап күрүлдөп үн алышат. Көз жашылап алган кыз-келиндер далайга тарай алган жок. Анын үстүнө кара кагаз алып, кан жуткан келин жубайы эми өлгөнсүп өпкө-өпкөсүнө батпай буулукту.

— Кантсин, кайрылбасына көзү жетип өксүп жатпайбы.

— Чаң тополоңдо кимди ким билсин. Балким тирүүдүр. Балдарынын ырысы болсо келип калаар.

Ыйлаган келин да өзүн сооротот: Багым болсо келип калар. Элдин кубанычына үлүштөш бололучу.

Кимия ар кимисин кучактап кубанычын кимге айтаарын билбейт.

— Эми тулпардын ээси келет, жеңекебайларым. Ээси келет деп жатам.

— Келет, кызыкебай, келет.

Ушул кечте талаа күзөткөн жазгы жумуштагы адамдардын бардыгы айылга келишти. Үй-бүлөсү менен чогуу майрамдашты. Кимияхан да үйдө болду.



Сакалы ылдый жаш куюлган атасы кызын кучактап:— Бактыңан айланайын.— Кайра-кайра алкап жалынып жатты. Жаш инилери так секирип элдин кубанычы эмне экенин түшүнбөсө да чыбык аттарын теминип «жеңиш» деп жар салышат.

Жеңишти ала келген 1945-жылдын жазы кыздын толкундуу өмүрү болду. Унутулгус күн катары көңүлүндө сакталып калды. Ал жылы Кимияхан Балтабаеваны жердештери райондук Советке депутат кылып шайлашты. Эмгек менен торолгон кызды эми райондук жетекчиликке ишке алышты. 1943-жылдан бери минген «тулпарын» ээсине — майдандан келген жердештерине тапшырды. Ал учурда кичинекей чаңдак жол менен машина жүрөт деген кайда. Район менен «Коминтерн» колхозунун ортосуна ат менен жүрүшчү. Кимия эми райондук кызматкер. Кыштын күнү жылдыздуудан аттанып, күн чыкканда конторго жетет. Баягыдан да эми пенсия алуучулар көп. Бирлери чөгүп калса да «балдарыбыз кайткыча» деп колхоздун жумушу менен алек болгон эңкейген карылар, бирлери туулган жердин турпагы үчүн майып болуп кайткандар. Кимиянын иши көп. Эртеден кечке ар түрдүү тагдырдагы адамдар менен жолугат, сүйлөшөт. Бир жыл иштеген соң чын сырын айтты. Бир күнү партиянын райондук катчысынын кабинетинде отуруп:— Пахталуу талаа менин өмүрүмдүн гүлдүү мезгилин алган окшобойбу. Столдо отуруп канчалык иш аткарсам да өзүмө ыраазы боло албай жатамын. Мен пахтага кетпесем кемтигим толбоочудай.

— Жарабаган кеп. Жөн гана ишке көнүгө албай жатасыз.

— Сыртынан караганда ошондой сыяктанат. Менин бүткүл көңүлүм «ак алтын» бүркөн талаада, кайсыл жерде көбүрөөк керек болсом ошол жакка жибергилечи.

— Болбойт, жолдош Балтабаева, иштеп түрүңүз.

— Баары бир менин өмүрүм пахта менен өтүшү керек.

Жыл айланган соң депутат өзү эңсеген талаага, козектүү аянтка келди. Пахтачылыкка звено болуп, жер эненин кеңирсиген койнунда ээн эркин жүрүп калды. Дыйкандын адилеттүү эмгек тери жыттанган талаанын ээси болду. Звенонун мүчөлөрү эми баягыдай сагыныч ырларын ырдашпайт. Алар колхоздун маданиятын, экономикасын көтөрүү үчүн ар-намыстуу иштөө жөнүндө сүйлөшөт. Эмгек менен өскөн адам кайда болсо да тынчы жок болот тура.

Бир күнү звенонун бир-эки мүчөсү түнкү сугатка чыкты. Айлуу түн тыптынч болуп көшүлүп жатты. Кимия суунун кулагын ачып жашыл аянтка салды да ар бир жөөккө көз ченеми менен текши бөлүштүрдү. Минип келген аты ээн басып көчөттөрдү тебелеп кетпесин деп сактандыбы, тердикти астына салып узун чылбырды бутуна илип коюп уйкуга кетти. Катуу чарчагандыктанбы, бутун серппей уктап калды. Аянттын экинчи жагында жүргөн адам акырын келип Кимияны ойготкондон батына албай туруп калды. Эч нерседен кабарсыз оттоп турган ат катуу кошкуруп башын силккенден кыз ойгонуп кетти. Караан жакындаганда:

— Сенсиңби?

— Ооба. Аянт бүтүн суу ичти.

— Рас болуптур.

— Кимия, аттын чылбырын бутуңа илгениң өтө коркунучтуу. Кокустан үркүп кетсе зыян кылбайбы. Кырсык болсо алеки саатта эле — аттын жалын сылап эркелетти.

— Кайдан үрксүн. Көбүрөөк уктап кетемби деп сактанганым. Кичине эле тартса турам да.

— Ошентсе да абайлабаса болбойт.

Эмгекчил адамдын ушундай да өткөргөн күндөрү болгон.

Кимия эженин өмүрү адам баскан улуу жолдо өттү. Өзү туулуп-өскөн колхоздо пахтачылык боюнча бригадир, парторг, айылдык Советтин председатели да, кампачы да, катардагы пахтакер да болуп иштеген.

Жайдын аптабы жандан өтүп күн жерге түшүп калгансып үп эткен жел жок. Кимия Балтабаева башкарган чарбада өнөктүктүн кызыган учуру экен. Колхоздогу пахта аянты эле 820 гектар. Андан тышкары жибекчилик бригадасы, мал чарбачылыгы, балдардын талапка татыктуу билим алуусу, кадрларды даярдоо, айтор эже кийлигишпеген иш жок. Чарбадагы жети пахтачылык бригададагы ар түрдүү му-

нөздөгү адамдар менен тил табуу алардын мыкты иштешине жетишүүнүн өзү эле чоң чыгармачылык күчтү, акылды талап кылат эмеспи. Пахтачылыктан ар жылына 27,16 центнер жана андан ашык алган «ак алтындын» түшүмү эжени аябай кубантат. Эмгек менен кайнап, эмгек менен өскөн адамга жолугушууну эңсеп талаага күттүм. Конторуна келбеди. Өнөктүк күчөп турган учурда издеген адамды талаадан таптым. Эмгек кайнаган пахта аянтынан жолуктурдум.

— Биздин балалык алыс калды. Кыйын жылга дуушар болуп билим да ала албадык. Мына, эми жаш келип калганда орто билимге араң ээ болуп отурабыз. Балдарыбыз өкүнүп калбасын үчүн толук шарт түзүүгө милдеттүүбүз — эже али аткарыла элек көп милдеттери жөнүндө айтып отурду.

Өзү отургузган жемиш бактын ичинде ойлуу олтурду. Ал азыр баягыдай экзаменге даярданып отурган жок. Эже чарбанын келечеги, адамдардын маданияттуу жашоосу жөнүндө ойлонот: «Колхозчулар муктажсыз жашайт. Ар биринин үйүндө көгүлтүр газ плитасы бар. Ал жетишсиз. Эмгекчилер эстетикалык рахаттануу алууга рухий мүдөөсүн канааттандырууга жетишүүбүз керек. Бул экономиканын өсүшү менен бир деңгээлде турган нерсе. Ошондуктан адамдардын аң-сезимине терең сиңип кала турган эстетикалык байлыкка ээ болууга тийишпиз. Адамдар китеп окуп, музыка угушсун. Музыканын рахатына баткандай болсун. Бул үчүн айылдык интеллигенттерге көп милдет таандык. Алар али толугу менен аткарыла элек. Ал да турмушка ашат»... Ушундай узун ойдун түрмөгүн жазып отурду.

Мен «Коминтерн» колхозунан алыстаган сайын дүпүйгөн бактуу айыл жөнүндөгү элестүү жолугушуулар көз алдыма элестей берди. Айылдын, адамдардын келечеги жөнүндө ойлонгон эженин тынчы жок мүнөзү көз алдыма тартыла түшөт. Тигил дүпүйгөн жашыл бактуу айылда Кимия эже жашайт. Ал адам жөнүндө жылуу сөздөр айтышат. Ал адам жөнүндө айылдын ар бир адамы кийинки муунга жомоктоп айтып беришет. Ал жомок эмес жашаган адам дешет билгендер.

Мен да Кимия эжеге анын билгич — жетекчилиги гана үчүн эмес, анын эмгекке, адамкерчиликке толгон бийик адамдыгы үчүн барып жолуктум.

**М. Долоно.**



## ЕВДОКИЯ БОРИСОВНА ПАСЬКО



Советтер Союзунун Баатыры Евдокия Борисовна Пасько Улуу Ата Мекендик Согуштун катышуучусу. Ал майор-учкуч Е. Д. Бершанская жетектеген авиациялык аялдар полкунда кызмат өтөгөн. Көлдүк кызды согуш Ломоносов атындагы университеттин III курсунда окуп жатканда өз каарына алды. Ушул учурда Пасько башка студенттер менен өз ыктыяры менен согушка жөнөп кетти. 1942-жылдын май айына чейин ал Энгельс шаарындагы штурмандык курстан окуп, андан кийин бомбалоочу комсомолдук аялдар полкуна келди. Пасько штурман болуп милдет өтөгөн экипаж полктун эң мыкты экипаждарынын бири деп эсептелинчү. 1942-жылдан 1944-жылдын сентябрына чейин старший лейтенант Е. Пасько 780 жолу согуштук учууларды жасаган. Ал милдет өтөгөн ПО-2 самолету душмандарга 93900 килограмм бомбалык жүктү таштаган. Бул жүк 157 жолу жарылып, 109 жерде өрт чыгарган. Ошонун натыйжасында күйүүчү майлар сакталган 4 склад, согуштук курал-жарак сакталган 2 склад, 3 прожектор, 9 автомашина, 8 артиллериялык топ жана көптөгөн тирүү күчтөр жоголгон.

1943-жылдын 16-сентябрында Новороссийск шаарындагы бомбалоо баатырдын эсинен кетпейт. Душмандар көз ачырбаган прожектордун күчү менен экипажды аткылап жатты. Мындай тоскоолдуктарга туруштук берип, белгиленген максатка жеткенден кийин экипаж душмандарга каршы бомба таштады. Натыйжада таң атканча кыпкызыл жалын асманга көтөрүлүп турду. Кыйын күндөргө Е. Б. Пасько бир түндө 7—8 жолу согуштук учууларды жасап турган. 1944-жылы 26—октябрда Е. Б. Паськонун согушта көрсөткөн баатырдыгы, кайраттуулугу, тайманбастыгы үчүн жогорку наамды ыйгарып, Советтер Союзунун Баатырларынын катарына кошкон. Баатыр кыз биздин жердешибиз. Ошол көлдүк баатыр менен сыймыктанабыз.

дароо эле көз алдыма баштан өткөн каардуу күндөр тартыла калат. Балким алар да ушинткен чыгар. Бирок менин кээде жашый түшкөнүмдү көрүшүп, «Асипа, Асипа, болду. Кел андан көрө обон созуп коёлу...» деп калышат.

Чынында эле Асипа нары жөнөкөй, ичинде кири жок, ачык-айрым адам экен. Анын жүрүш-турушу, сүйлөгөн сөздөрү, адамга кылган мамилеси ушунча жылуу, ушунча мээримдүү. Ал бардык адамды бирдей жакшы көрсө керек.

— Ошентип, согуш аяктагандан кийин биз өз жерибизге кайтууга да мезгил келди. 1945-жылдын 24-август күнү. Жүздөгөн жоокерлер поезд менен үйлөрүнө кетип жатышат. Алардын арасында мен да бар элем. Жүрөк дегдегенин айтпа. Көз да жакшы ирмелбейт. Үйгө келип ата-энемди, тууган-туушкандардын, жердештеримдин жүзүн көрсөм дегенде эки көзүм төрт... Акыры бир нече күндөн кийин туулуп өскөн үйүмдүн босогосун аттадым...

Кийинчерээк мени Москвадагы консерваторияга окууга жиберишти. Аны бүтүп келгенден кийин филармонияда, андан соң, радиодо редактор болуп иштеп жүрдүм. Бирок, согуштун зилдери бейпилдикте эмгектенүүгө жолтоо кылды. Мен катуу кантүжин болгон элем. Ошо кийин залалын көрсөттү көрүнбөйбү.

Биз ушу жөнөкөй кыргыз кызынын өлкөбүздүн жеңишине кошкон аз да болсо үлүшүн айтып кеттик. Мындай үлүштөр көп. Тамчыдан дайра жаралат дегендей, совет элинин фашисттик баскынчыларды жеңишинде Асипа Исмаилованын да кенедей тамчы сымалданган кошумчасы бар.

Асипа Исмаилова өзү айтпаса да, биз кийин анын Кызыл Жылдыз ордени, «Каармандыгы үчүн», «Согуштагы каармандыгы үчүн» деген жана башка медалдар, грамоталар менен сыйланганын билип алдык. Анткени, Асипа эже биз айтып кеткендей жөнөкөй, башка бирөөнөн айырмаланып турганды, көкүрөгүн көтөргөндү жаман көрөт, тиги сыйлыктары жөнүндө ооз ачпаганы ошо болсо керек.

Азыр Асипа Исмаилова Панфилов дивизиясы менен үзбөй байланышып турат. Аны дайыма урматташат. Деле Ата Мекендик согушка катышкандарды урматтабоого эч кимдин акысы жок. Биз аларды көргөндө дайыма ызаат кылып, барктай билишибиз керек,— деп ойлодум өз ичимден, Асипа менен коштошуп жатып.

**Э. Алиев**

## БААТЫР



Күлкүлөрү, обондору мотордун үнүн баскан жоон топ кыздар менен уландар машинанын үстүндө ырдап келатышты. Ыр көчөнүн аякбашына шашпай угулуп, ар короодо бейкапар ойноп жаткан балдарды ээликтирип, көчөгө чыгарды. Алыстан аттын дүбүртүн угуп, баш көтөрүп, жер чапчыган тулпардай Зууракан эне жаштардын арыбас күлкүсүнө, аргендей үндөрүнө кулак түрүп, шашыла жөнөдү.

— Оо, муун болбой кал, заматта уюп калганын кара. Алтымыш алты, сага алдыра койбосмун.

Кыздар менен уландар баягы обонго салып, бир паста Зууракан эненин жанынан алыстады. Эне балдардын карааны үзүлгүчө карап турду: «Караандарым, менин өбөрө-чөбөрөлөрүм. Оюн-күлкү силерге жарашат. Иштегиле, ырдагыла. Ырсыз жашоо жашообу, ырдагыла».

Эне алма багы тараптан угулган ырга кулак түрөт, жүрөк жылытат.

«Ырдагыла, садагалар, ырдагыла. Биз социализмди ыр менен курганбыз...»

**...Эл догдоп жыйылып райондон келгендер**дин сөзүн угууда. Тыңдуусунган активдер алардын катарында олтуруп, жыйын башкарып, элди тескейт. Жыйындын четинде олчойгон батинке кийген, олбурлуу келин жамаачылуу күрмөсүнүн этегин кармалап, кабыргасына кеңешүүдө: «Ыя, Зууракан, сенин орок ыргытып, бир гектардын буудайын оргон күндөрүң кайда? Кара жандын айласынан орустун тешетеше эгинин оруп, кампасына куйган күндөрүң кайда? Тур өйдө, ичтеги бугуңду акыйкатчыл өкмөткө айтып кал. Социализм курулушуна эмне кедерги, муну айт. Тур ордуңдан?»

Жыйналыш башкарган алак көз адам башын жерге салып, дымырай түшкөн көпчүлүккө кайрылат:

— Кана, жолдош, колхозчулар, украиналык стахановчу Мария Демченконун үндөөсүн тососуңарбы? Ким сөз алат?

Олчойгон батинкени так көтөрүп, Зууракан элдин кашына барды. Ал бой токтотуп, күйөөсүнө караса, бетин жошолонтуп, ылдый карап жер чукуп, «улуу-кичүү турат, абайла» дегенсип, ымшыйт. Ал кызарбай, ал уялбай, агаин-туугандары, абысындары уялып жаткансыйт.

— Жолдоштор, адам адамдан калышпайт. Биздин «Белек» колхоздун кызылчадан гектарына 40 центнерден түшүм алышы уят иш, уялыш керек. Башкарма, бригадирлер, ким кандай иштейт, муну баалайсыңарбы? Жапатырмак жабылбасаңар, кара жанын ардактагандар көптүн шарына аралашып, бирөөнүн адал эмгегине ортоктошот.

— Туура, жолдош Кайназарова, туура айтат,— райондон келген өкүл кубаттаары менен Зууракан коштогон батрактын шайыр келин-

дери кол чаба кубатташты. Абысындары, күйөөсү Иманалы баш көтөрүшүп «мынча болду, аягына чыгара айт» — деп дем бергендей тике карайт.

— Мага жер бөлүп берсеңер, киши бөлүп берсеңер Мария Демченконун үндөөсүн тосом, гектарынан өзүм сегиз жүз, мүчөлөрүм алты жүз центнер алат. Украиналык аял төккөн кыкты мен да төгөм.

— Ээ, айланайын кудай, бул далдаке бизди боруктуруп өлтүрөт го. Эми кык аттуунун баарын термелейбиз дейт, курутат го муңуңар,— дешип айрымдары бири-бирине даттанышат.

Зууракан аялдардын күнүң сөзүнө күйүкпөйт, укмаксанга салып, аларды намыстандырат, үгүттөйт, опузалап да коймосу бар.

— Көтөр, көтөрүп баскыла, колхоз арабаны бизге такай берип турбайт, бышылдабай көтөргүлө,— деп өзү сокмо төө капка тооктун кыгын шыкап кайкалай тартып көтөрөт.

Кышты-кыштай жамачылуу жыйырма тогуз кабын алмай-телмей көтөрүп, түтүндү түрө кыдырып, тооктун кыгын чогултушту. Ар кимдин додолонгон кулүн таң азандан айдоолорго ташып, ийин жоорутту, таман оорутту. Аялдар чарчаганда баягы опузага салат:

— Башыңарды жерге салбай ырдагыла.

— Уят го, жеңе.

— Уятчылын мунун, кана ырдадык. Ал өзү баштап ырдаганда, Аксамайдын ачык, коңур үнү жаңырат. Уялыңкырап жүргөн Жамыйла, бир калыпта адеп сактаган Ажаке, Анар, Айнагул, башкарманын аялы Салый ырга кошулушат...

Тракторго кызыл желек байлатып, селкасын чиркетип:

— Айда, Яшке,— деди Зууракан төштөгү айылга кол жаңсай буюруп. Улам айылга жакындаган сайын Зууракандын жүрөгү алып учуп, ырдап баратты. Айылдагылар Зууракандын үнүн алыстан ажыратышат:

— Аа, баягы ударник аялдын ыры.

Эл таңыркап, тракторду ээрчип, Зууракандан:

— Мунуң жердин кутун учурбас бекен? — деп кооптонушат.

Жер айдалып бүткөндө майдаланган тооктун кыгы менен күлдү аралаштырып септирди. Агрономдор Зууракандан сурашат.

— Мунун кандай зарылчылыгы бар?

— Тооктун кыгы отоо чөптөрдү өстүрбөйт. Күл болсо, жердин кыртышын кургатпайт.

Айыл ичинде не деген ушак-айың бар, ага серп салбай, боз дамбалды жоон санга дейре түрүп, этекти кашатка кыстарып, шакап башынан үн салат:

— Келиндер түшкү ысыкта сугарбагыла.

Ошол жылы кызылча оонап чыгып, Зууракан гектарынан 1100 центнерден алды. Курбуларыныкы 700дөн айланды.

— Эмгек адамды эресеге жеткирет — дейт баатыр.

Чынында Зууракан эне айткандай түшүм адамдын эмгегинен экен. Ал эми эмгек алпы Зууракандын төшүнө катарлап жылдыз тагынтып, нечен ирет СССР Жогорку Советине, Кыргыз ССР Жогорку Советине депутаттыкка көтөрүп, атагын алыска угузган да — эмгек. Аны бүгүн жашартып, мүрөк суусун жуткурган да — эмгек. Ана, күрөшчүл коммунист, эмгек алпы Зууракан эне балдарынын ыр менен эмгектенип жүргөнүнө кулак төшөп, жүрөгү эргийт.

**К. Ашымбаев**

# ТЕЛЕГЕЙ

(Очерк)



Жолоочубуз.

Жолдун эки чети жашаң камыш күбүгөн көк шайыдай буластап, толкуйт...

Жаз ырайы ай! Сазда оттогон саан уйлар — куду тойго келип, ээн-жайкын чардаган кемпир-кесектен бетер куйрукту сыртына чаба, өлөңдү токмаарек чалышат.

Ана, көз кайкыган жашыл талааны артка таштап, каксоого чыга түштүк.

Тээ алыстан серейген жалгыз түп бак көрүндү. Бак-талаада күрөгүнө сүйөнүп жалгыз турган сугатчыдай ээнсирейт.

Мына, бир заматта чыбырларды артка чимирип таштаган «Волга» кабышкан улуу тоолордун койнуна култ дей түштү.

Ал бирде бийиктен куюлган шагылды этектеп, сууну жээктесе, бирде балта менен чорт чаап таштагандай тумшуктарды тепчип, коктудагы кызгылт тарткан киргил суугa жогортон карайт. Мындан мурун капчыгайды сан-саат ирет тепчип өтсөк да куду биринчи көргөндөй, Кочкордон бери бурулган береги сүрдүү сууга да, жогору карасаң жүрөгүң, айныгыдай бийик тоого да, а түгүл жыбыт, жылгада көктөгөн караган-бутага да кадала кароодобуз. Буга назар салбаган арабызда бир гана жолоочу. Ал береги шофердун жанында отурган—карган аял. Куштай учкан «Волганын» ичинде жалгыз гана ошонун тынчы кеткен сыяктуу.

— Кап! Эмне гана болду экен эмгиче?!.

Ушинтип коёт да ордунда тынч отура албай чабалактайт. Анан куду өз үйүн көрө койгонсуп, тээ жогору жылгадагы жалгыз боз үйгө кадала карайт.

Кызык! Бул аял менен Фрунзеден чогуу отуруп, эки оозм учурашканыбыз болбосо али сырдаша элекпиз да. Бул ким өзү?

— Кап! Жетпес болдук го! Алигиче эмне болду экен мал?..

— Апа, жакшы эле баратабыз го сабалап, мындан артык...— деп келаткан менин сөзүмдү оозуман жулуп алды тиги киши шамдагайлыгына салып.

— Аа, алдыңа кетейин! Ылдам бараткыныбызда талаш жок... Адам деген ошо тура. Ылдамдаган сайын ылдамдагысы, улам алдыдагыга жеткиси келип...

дери кол чаба кубатташты. Абысындары, күйөөсү Иманалы баш көтөрүшүп «мынча болду, аягына чыгара айт» — деп дем бергендей тике карайт.

— Мага жер бөлүп берсеңер, киши бөлүп берсеңер Мария Демченконун үндөөсүн тосом, гектарынан өзүм сегиз жүз, мүчөлөрүм алты жүз центнер алат. Украиналык аял төккөн кыкты мен да төгөм.

— Ээ, айланайын кудай, бул далдаке бизди боруктуруп өлтүрөт го. Эми кык аттуунун баарын термелейбиз дейт, курутат го мунуңар,— дешип айрымдары бири-бирине даттанышат.

Зуурақан аялдардын күпүң сөзүнө күйүкпөйт, укмаксанга салып, аларды намыстандырат, үгүттөйт, опузалап да коймосу бар.

— Көтөр, көтөрүп баскыла, колхоз арабаны бизге такай берип турбайт, бышылдабай көтөргүлө,— деп өзү сокмо төө капка тооктун кыгын шыкап кайкалай тартып көтөрөт.

Кышты-кыштай жамачылуу жыйырма тогуз кабын алмай-телмей көтөрүп, түтүндү түрө кыдырып, тооктун кыгын чогултушту. Ар кимдин додолонгон кулун таң азандан айдоолорго ташып, ийин жоорутту, таман оорутту. Аялдар чарчаганда баягы опузага салат:

— Башыңарды жерге салбай ырдагыла.

— Уят го, жеңе.

— Уятчылын мунун, кана ырдадык. Ал өзү баштап ырдаганда, Аксамайдын ачык, коңур үнү жаңырат. Уялыңкырап жүргөн Жамыйла, бир калыпта адеп сактаган Ажаке, Анар, Айнагүл, башкарманын аялы Салый ырга кошулушат...

Тракторго кызыл желек байлатып, сеялкасын чиркетип:

— Айда, Яшке,— деди Зуурақан төштөгү айылга кол жаңсай буюруп. Улам айылга жакындаган сайын Зуурақандын жүрөгү алып учуп, ырдап баратты. Айылдагылар Зуурақандын үнүн алыстан ажыратышат:

— Аа, баягы ударник аялдын ыры.

Эл таңыркап, тракторду ээрчип, Зуурақандан:

— Мунуң жердин кутун учурбас бекен? — деп кооптонушат.

Жер айдалып бүткөндө майдаланган тооктун кыгы менен кулду аралаштырып септирди. Агрономдор Зуурақандан сурашат.

— Мунун кандай зарылчылыгы бар?

— Тооктун кыгы отоо чөптөрдү өстүрбөйт. Кул болсо, жердин кыртышын кургатпайт.

Айыл ичинде не деген ушак-айың бар, ага серп салбай, боз дамбалды жоон санга дейре түрүп, этекти кашатка кыстарып, шакап башынан үн салат:

— Келиндер түшкү ысыкта сугарбагыла.

Ошол жылы кызылча оонап чыгып, Зуурақан гектарынан 1100 центнерден алды. Курбуларыныкы 700дөн айланды.

— Эмгек адамды эресеге жеткирет — дейт баатыр.

Чынында Зуурақан эне айткандай түшүм адамдын эмгегинен экен. Ал эми эмгек алпы Зуурақандын төшүнө катарлап жылдыз тагынтып, нечен ирет СССР Жогорку Советине, Кыргыз ССР Жогорку Советине депутаттыкка көтөрүп, атагын алыска угузган да — эмгек. Аны бүгүн жашартып, мүрөк суусун жуткурган да — эмгек. Ана, күрөшчүл коммунист, эмгек алпы Зуурақан эне балдарынын ыр менен эмгектенип жүргөнүнө кулак төшөп, жүрөгү эргийт.

**К. Ашымбаев**

# ТЕЛЕГЕЙ

(Очерк)



Жолоочубуз.

Жолдун эки чети жашаң камыш кубүгөн көк шайыдай буластап, толкуйт...

Жаз ырайы ай! Сазда оттогон саан уйлар — куду тойго келип, ээн-жайкын чардаган кемпир-кесектен бетер куйрукту сыртына чаба, өлөңдү токмаарек чалышат.

Ана, көз кайкыган жашыл талааны артка таштап, каксоого чыга түштүк.

Тээ алыстан серейген жалгыз түп бак көрүндү. Бак-талаада күрөгүнө сүйөнүп жалгыз турган сугатчыдай ээнсирейт.

Мына, бир заматта чыбырларды артка чимирип таштаган «Волга» кабышкан улуу тоолордун койнуна култ дей түштү.

Ал бирде бийиктен куюлган шагылды этектеп, сууну жээктесе, бирде балта менен чорт чаап таштагандай тумшуктарды тепчип, коктудагы кызгылт тарткан киргил суугa жогортон карайт. Мындан мурун капчыгайды сан-саат ирет тепчип өтсөк да куду биринчи көргөндөй, Кочкордон бери бурулган береги сүрдүү суугa да, жогору карасаң жүрөгүң, айнылгыдай бийик тоого да, а түгүл жыбыт, жылгада көктөгөн караган-бутага да кадала кароодобуз. Буга назар салбаган арабызда бир гана жолоочу. Ал береги шофердун жанында отурган—карган аял. Куштай учкан «Волганын» ичинде жалгыз гана ошонун тынчы кеткен сыяктуу.

— Кап! Эмне гана болду экен эмгиче?!.

Ушинтип коёт да ордунда тынч отура албай чабалактайт. Анан куду өз үйүн көрө койгонсуп, тээ жогору жылгадагы жалгыз боз үйгө кадала карайт.

Кызык! Бул аял менен Фрунзеден чогуу отуруп, эки ооз учурашканыбыз болбосо али сырдаша элекпиз да. Бул ким өзү?

— Кап! Жетпес болдук го! Алигиче эмне болду экен мал?..

— Апа, жакшы эле баратабыз го сабалап, мындан артык...— деп келаткан менин сөзүмдү оозуман жулуп алды тиги киши шамдагайлыгына салып.

— Аа, алдыңа кетейин! Ылдам баратканыбызда талаш жок... Адам деген ошо тура. Ылдамдаган сайын ылдамдагысы, улам алдыдагыга жеткиси келип...

Болбосо мен «Волгасы» жок эле көк эшек минип берегини астыма — деди рульда отурган тегерек көз шыңга кара тору жигитти көргөзүп — мындан улуусун артыма учкаштырып, коюмун артында жүргөндө да өзүмү ылдам бараткандай көрчүмүн. Кеп чынынан бузулабы, алдыңа кетейин, ошо көк эшек менен кыдыңдатып жүрүп деле зерикпей бир топ жерди баскан окшоймун... Ушинтти да, биз кызыккан өзүнүн өмүр жолуна түштү...

... Жети жашар секелек кезим... Анда айлыбыз тиги эле Кочкордун Ак-Жарында экен. Ысы күз. Энем казанга нан жаап жаткан. Коломтодогу чокко көмкөрүлгөн казандын коңулунан шыкаалап, шилекейими жута нандын бат эле бышышын күтүп, кырыман жатып көзүм илинип кетиптир... Апамын ачуу чаңырыгы мени силкип алды. Эмне болуп кеткенин билбейм көзүмдү ачкыча болбой апам шыйрагыман алып тышка жүткүнгөндө чокоюм суурулуп апамын колуна кетип, мен ордумда калдым. Ыргып турдум эле дикилдетип колуман сүйрөп тышка чыкты.

Тышта чак-челекей, будуң-чаң. Бир-бирине караган жан жок. Жөө-жалаңдап тоо талаша качып аткан эл. Маңдай жактан тарсылдаган мылтык үнү кокуйлап качкан элдин дүбүртүнө сиңип жатты. Көрсө үркүн тура... Ошондон үй бетин көргөн жокпуз. Биздин айыл тоо-ташты жамынып күндөп-түндөп жүрүп отурушту. «Кытайга качып баратабыз» — деди апам байкуш. Көп узабай атам экөө жолдо өлүштү.

Улуу агабыз Итибайдын колунда калдым. Эл Кытайдан кайтканда биз да кайттык. Бирок өз жерибиз — Кочкорго келбей оокат кылууга, Чүй ичи жакшы деген Итибай агамын айтуусу менен, азыркы Быстровкага келип туруп калдык. Ал жылдары катуу ачарчылык болуп, Итибай аялы экөө тең ачарчылыкта өлдү. Мына эми, анык талаада калдым... Корголорго караган таппаган курган жан ошолордо бир, жыты таеже-жесир катындын колуна бардым. Мына кордукту ошондо көрдүм бейм. Кабыргам ката элек мен шордууну отура калсам төбөгө, тура калсам шыйракка чаап, чоң кишинин кабыргасы кайышчудай ишке жумшайт. Талаада отун алып жүрөм.

Жанатан тээ алыстан келаткан эрбеңдеген маңдайымда бир кызыл тебетей куба жүлүн бала турат. Чокоюнун башы кетмендей. Үстүндө жамачылуу чапан... Үстү-башына анча корунчу түрү жок. Ойноктоп, көзү тирүү. Жылмайып турган калыбында учураша кетти.

— Аман жүрдүңүзбү, карындаш?..

Ээн талаа... Айланада жан көрүнбөйт. Бир топко сүйлөшүп турдук. Абалтан муңдуу-муңдууга жакын го. Бат эле үйүр алыша түштүк. Тиги баланын сүйлөгөнү жагымдуу угулуп, деле жүзү жылдыздуу болуп баратат улам. Ага менин деле ыманым ысык көрүнсө керек. Сыртыман эки-үч жолу көргөн экен ал. Акыры! «Баш кошсок. Экөөбүз тең жетим экенбиз. Эки бакыр-бир тукур болуп оокат кылсак» — деген оюн тартты алдыма. Көбүнчө көңүлүмө баланын жылдызы түшүп калдыбы, анын бул оюна мен деле анча кетенчиктеген жокмун. Эки жетим жетелешкен бойдон так ошо талаадан качып кеттик...

Кол кармашкан теңим ошондо туура 17 жашта менден 4 жаш улуу, аты — Дүйшөнаалы экен. Анын да энеси эчак өлүп, атасы Сагымбай карып калган кези экен. Сагымбайдын кийинки алган аялы — өгөй эненин колунда өлүп-өлүп отуруп, Дүйшөнаалынын жыйырма бир тууганынан өзү менен төртөө калыптыр. Өгөй эне өтө заардуу киши эле. Качан болсо бизге кастарын тикчү. Башканы айтып не кыласың казан кайнап келгенде чалы менен уруш баштап, казанды эңтере тээп таштап, үйрү-тобубуз менен ачка калтырчу. Чал жокто кабырганы сыйрып таштап, жылаңач сөөктүн жытын чыгарып сорпо жасап берет.

Ал кезде Дүйшөнаалы оруста малай жүрчү. Азын-оолак бирдеме таап кез-кези менен үйгө келип калганда үйдөгүлөр, төтөн төрт жетим, (мен, өзүнүн эки карындаш, бир иниси) бүтү-бүтүбүзгө тийбей анык атабыз келгенсийбиз. Дүйшөнаалы бирдеме таап келгенде өгөй эне да бизге тамакты даамдуурак берчү эле.

— Мунубуз болбойт экен! — деди Дүйшөнаалы бир күнү мага акыл салып. Бай орустун малын өткөрүп беребиз. Өзүбүзчө жер тырмалап көрөлү. «Эр акысын жер жебейт» — деген. Айтканындай малын өткөрүп берип, Быстровканын башы «Желкилдекке» буудай айдамак болдук, жадаганда жумуш үстүндө жалмалар бирдемебиз болсочу. Кош айдай турган жерибизге чөп алачык жасадык. Жедеп колго эчтеке урунбаганда Дүйшөнаалы ары маңдайкы «Теректен» жошо артып, акиташ бышырып барып, орустардан бөлкө, ашкабак алып келди.



Мына, жумушту ушундан кийин баштадык. Мен өгүз жетелейм... Дүйшөнаалы буурсун кармайт. Түшкө чейин тырмалаңдап тың жүрөм. Күн ысыгында өгүз сайгактап кордукту ошондо көргөзөт. Өгүздүн башы менен кошо кетем. Каруумун кеткенин байкаган Дүйшөнаалы буурсунду токтотот да.

— Бар, бара гой! — дейт, байкушум өнтөлөп, бөлкөдөн-ашкабакка мыкчып жутуп эс ал... Бүтөр иш...— ушинтип, өз бетибизче дыйканчылыктын артынан түшүп калганда улуу кызым бойго бүттү.

Эмгегибизди жер жеген жок. Курсагыбыз тоюп, кийимибиз бүтөлүп, бат эле мантыга түштүк. Аман-эсен көз жарып кыз төрөдүм. Башыбызга баш кошулду. Ушундан кийин тууган издеп Кочкорго көчүп келдик.

Бир күнү Ак-Жардагы биздин айылга бир орус жигит келди. Дүйшөнаалы экөөбүз аны жасемдебей тааныдык. Ал биз Чүйдө жүргөндөгү Иванов деген ашынабыз экен.

— Кочкордо совхоз курулду! — деди ал бизге сүйүнчүлөй сүйлөп,— анда жакшы болот. Силер, анда көчүп барса керек, Телегей...

Көчүп барганда эмне кылаарыбызды сурадык эле:

— Анда совхоздо кой көп. Кой бакса керек... Анан жакшы жашайды, деп түюнтту бизге.

Досубуздун карасанабасына ынанган биз аялдабай көчүп бардык. Айтканындай тубар кой алып бактык. Бул 1928-жылдын жазы эле. Кой менен Кара-Кужурга чыктык. Досубуз Иванов өзү зоотехник экен. Дүйшөнаалы ага орунбасар болду. Ошо жазда койдо ылаң бар. Төтөн жаш козулар туруштук бере албайт экен. Дары-дармек ташып мал кыдырган Дүйшөнаалыда үй бетин көрүү жок. Куйругун толорсугунан кескен чолок жээрде ат. Чолок сары тон беришкен. Мына ушундан улам Дүйшөнаалым айыл арасында «Чолок этек» атка көчүп, өз аты көп айтылбай калды. Орустун байларында көпкө малай жүргөн эмеспи. Өзү да орусча бир топ сүйлөшө койчу.

Үстүбүздөн үч жыл учуп өттү. Үйрүлүп-түшүп баягы өткөрүп алган коюмду кырсыксыз багып жүргөн кезим. Бир күнү айыл ичинде мындай аңырт тарады. «Совхозго ичкериден алтын сөйкөлүү кой алып келишиптир. Ошону Телегейге бактырат экен. Телегей байкуштун бактысы ачылганы го... Алтын сөйкөлүү кой багат деген эмне!».. Айткандай башка жактан алып келген алты жүз мереносту өткөрүп беришти. Кулактарында сары жези бар экен. Көрсө жана эл айткан «алтын сөйкөсү» ушу тура.

«Алтын сөйкөм» аман-эсен төлдөдү. А жылы Арзынын ичиндеги Бурканды жайлап калдык. Кой кыркыны кирип келди. Алты жүз койду — кыркуу арзанбы. Кыркымчы Дүйшөнаалынын жалгыз иниси — кайним экөөбүз гана. Балдар жаш. Жерден боорун көтөрө элек. Ошентсе да биз кыркында жүргөндө чоңураагы кичирээгине эш болуп, бирин-бири багат. Аракет кылса тирүү кишинин колунан эмнелер келбесин. «Көз коркок — кол баатыр» да. Бир жагынан балдарды багып, бир жагынан алты жүз койдун кыркынында тикебизден турган кайним экөөбүздө чарчоо жок. А түгүл улам кыркылганын колубуздагы төөгө, өгүзгө жүктөп жакага жеткирип турдук. Эмгегим текке кеткен жок. Ошол жылы 12 эчки, 40 метр кездеме 1 мылтык менен сыйлашты. Чеке жылып, эмгегимин үзүрүн көрө баштаганда ого бетер күчөп, күн сайын баккан коюмдун ар бири балдарымдай ысык көрүндү...

* * *

...Уруш убагы. Көчөк-Булакка кыштап калдык. Боз үй. Чыкылдаган аязда кой көңдүн күчү менен араң отурабыз. Кызыл чиедей 12 балам курсактарын чыт кылып от тегеректеп... Таңга маал кичине тук эткеним болбосо менде уйку жок. Күндүз кой менен кетем. Түнкүсүн кой көңдөң чоң калап, балдарымды уктатып коюп, жүн ийрип, көйнөк, ыштан согом — чыт курсактарыма. Ичерге тамак, киерге кийим тартыш кыйын жылдар. Эр бүлө согушта... Күндүзүн тоо-ташка жашынып, малдуу жерди акмалап, түнкүсүн ач бөрүчө короону аңдыган уурулар — согуштун качкындары колдон талашат. Жаман катын, жаш баласынтабы, көбүнчө алардын аңдыганы мен: Күүгүм кир-

ди болду тарс эткен табыш чыкса балдардын да, менин да кулагыбыз тышта элеңдеп...

— Уйуу, ууйу, келсе атам, апа! — деп калчу колундагы көсөөсүн кесей кармаган берегим,— деди «Волганы» зымырылып бараткан тегерек көз кара сур жигитти көргөзгөн Телегей. «Туура! Ошентчүмүн!» — дегендей жигит да ууртунан жылмайып, алды жагынан көзүн албайт.

* * *

Күз. Дагы эле баягыдай жалгыз үй Көчөк-Булактамын. Түн ортосу ооп кеткен. Дүбүр-дүбүр дабышка аралаш кой дыр дей түштү. Мылтык колдо атып эле чыктым. Үнүмүн бардыгынча тоолорду кабыштыра кыйкырып-кыйкырып алып, мылтыкты кармай бердим. Мына кызык! от албайт! Такыр от албайт. Береги беттен чыга түшкөн далбардай караан улам берилеп келатат. Атаңдын көрү-ү, баш кордук! Күйбөгөн жерим күл болду... Карап туруп ушу каракчыга бөөдө өлүм болуп, малыман ажыраймбы?! Ачуум келип колумдагы мылтыкты ташка чаап алып, короонун түбүндө жаткан баканды алаарымда ташка чабылган мылтыктан кулак тундурган үн чыгып, тоолор кабыша түшкөндөй болду. Жанагы далбардай караан артына бурулуп темтеңдеп тоого жармашты. Бетиме от жармаша түшүп көзүмө чок куюп жибергендей болду. Балдарым чурулдап басып калды.

— Апаке! Апаке!..

— Сенсиз биздин көргөн күнүбүз эмне!..

— Апакебай!

«Атасынын көрү! — дедим балдарыма — бир башка бир көз жетет!.. Аман калдым! Ырсыңар бар экен! Жүзү кара десертирлерге короодон кой алдырганча!..

Эртеси көз көрүнбөй калды. Дары бетке сарыгып эки көз тең жумулуп, больницага келдим. «Көпкө жатасың» — дешти.

Балнийсада көпкө жатып, айыгып чыктым. Айыкканы курсун чатак эми башталат — алдыңа кетейиндер! — деп койду каадасынча жүзүнө жылмаюу жаңырткан Телегей.— Башынан эле мени жакшы көрсө беш коюн жеген карышкырдай көрүп, шылтоо таап жогото албай жүргөн совхоздун деректиси Саякбаевге көктөн тилегени жерден табылды бейм. Чакыртып алып: Койду өткөрүп бер! — деди.

— Эмне үчүн?.. Эмнеге? — мен ушинтип аны теше тиктедим.

«Эмнеге? Эмнеге?» — Сен эмне тикиреңдейсиң, ой катын! Өткөр дегенден кийин өткөр койду! Энчиңе басып берген эмес! Койду коюп жанагы чубурган балдарыңды багып ал! Жөнө! Жалгыз көздүү сен эмес!.. Көпкөн эменин кеби сөөгүмөн өтүп, чучугума жетти. Канчалык сабыр кылсам да унчукпай чыгып кете алар эмесмин.

— Оозуңа карап сүйлө! Чубурган балдарымды багышып бер дедимби ыя сени!.. Сокурдугумду сен көрдүңбү?.. Көзүмдү олуп ыргыткан эмесмин!.. А да болсо баккан малым үчүн!.. Балдарым үчүн жанымды да аябайм! Оозуңа карап сүйлө, мени сен жаратсаң да!..

Менин бул сөзүмө деректир да чыдай албады көрүнөт. Тура калып жакадан алып бир булкканда төшүмдөгү «Энелик даңк» чынжырынан үзүлүп, жакам бөлүнүп калды.

— Карап тур! Карап тургун! Бу совхоздо же сен!.. же мен!... Чынжырынан үзүлгөн «Энелик даңкымы» бөлүнгөн жакама кошуп төшүмү бек басып, тышка булкуна чыктым. Болгонун болгондой айтып Кыргызстанга арыз жаздым. Арызымын жыйынтыгы бат эле чыкты. Айтылгандар акыйкатталып, деректир кызматтан алынды. Совхоздон сүрүлдү.

Райком, райисполкомдор жакшылап караш-ты. Кыштоомо асты-үстүн тактайлатып, уядай ысык үй салдырып, балдарыма кийим-кече, ун-талкан жеткиртип беришти. Өкмөттөн айланайын! Бул урматы ого бетер демиме дем кошту. Баккан ириктеримен 6—6,5 килден жүн 75—77 килден эт алууга жетиштим.

Кыйынчылыкка майышпай, он эки баламды тарбиялап өстүргөнүмдү да эске алып, «Баатыр эне» деген ардактуу наам берди. 1957-жылы кышында эмгек баатыры болдум. Нечен жолу Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин депутаттыгына шайландым.

Мына, алдыңа кетейиндер!—дейт Телегей,— балдарым менен ак эмгегим мени туштарабыман баатыр кылып, телегейими текшиледи!

**С. Өмүрбаев.**



## КЕРИМБУБУ ШОПОКОВА



Шопокова Керимбүбү! Ушул ысымды укканда дароо эле көз алдыңа Дүйшөнкул элестей калат. Мына ал тиги Керимбүбүнүн кызылчасын аралап, жары менен чогуу бараткансыйт. Кыргыздын эр жүрөк, кабылан уулдарынын бири. Советтер Союзунун Баатыры Дүйшөнкул Шопоковдун жары Керимбүбү Союзга даңкы чыккан эмгек каармандарынын бири болуп калды. Анын ысымы Чүй өрөөнүнүн кызылчачылары үчүн үлгү.

Кыргызстандын кызылчачылары жөнүндө кеп козгогондо, Керимбүбү дароо көз алдыңа келе түшөт. Дүйшөнкул согушта кандай каармандык көрсөтсө, анын жары Керимбүбү эмгек майданында андан кем эмес каармандыкты көрсөттү. Анын ысмы, Республикабыздын эмгекчилерине кеңири белгилүү,—кичинесинен тартып карысына чейин жатка билишет. Анан да ушундай бир үй-бүлөдөн эки баатыр чыккандар чанда гана кездешет эмеспи.

Эл ишеничин актоо кандай кыйын жана урматтуу. Баары эле бул милдетти дайыма актай бербейт. Ушул элдик ишенимди Дүйшөнкулдан кийин улантып актап келе жаткан Керимбүбү эже десек эч жаңылган болбойбуз. Бул жөнүндө ооз эки да, бийик трибуналардан да, басма сөздөр аркылуу да канча сөздөр айтылды. Биз аны кайталап отуруунун эч кажети жок. Анын эмгектеги залкар ийгиликтерин санап отурбастан, тек гана Керимбүбү эже десек, Шопокова деп билишет. Анткени анын ысмы эл арасына сиңишип кетти. Ушунун өзү эле Керимбүбү эженин эмгеги менен аттын кашкасындай таанымал болуп калганынын белгиси эмеспи.

Дайыма алдыда, дайыма эмгегиңизден бал таамп турсун Керимбүбү эже!

## АСИПА ТЕМИРОВА



Республикабызда кой чарбасынын мыкты чеберлери жөнүндө кеп кылганда Асипа Темирова дароо эле көңүлгө кылт дей түшөт. Ал көп жылдар бою кой багып, эң сонун көрсөткүчтөргө жетишкен. Асипа апа ар жүз тубар койдон төл алуу боюнча республикабыздын алдыңкы чабандарынан болгон. Анын талыкпаган эмгеги даңкка бөлөп, Асипа Темирова Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наамга татыктуу болгон. Ушунун өзү—Асипа апанын көп жылдык эмгегинен үзүрү эмеспи.

Азыр Асипа апа татыктуу эс алууда. Бирок анын кой чарбасын өстүрүүдө сиңирген эмгеги республикабыздын чарбасынын тарыхында кала берет.

## ӨЛМӨСХАН АТАБЕКОВА



Эгерде сиздер Насирдин Байтемировдун «Жылдызкан» романын окуган болсоцор, андагы так ошо башкы каарман Өлмөсхан Атабекова. Анын ысмын биз дайым сыймыктануу менен айтабыз. «Саргара тартсаң, кызара бөртөсүң» деген кыргыз элинин таамай айтылган макалы бар эмесби, анысы кандай, Атабектин кызы Кыргызстанда аялдар арасынан Алтын жылдызды алгандардын алдыңкыларына кирет.

## КҮЛСАРА СУЛАЙМАНОВА



Бизде эмгектен Алтын жылдыз алып, жүзү күн нурундай албырган азаматтар көп, бирок Күлсара Сулайманова өңдүү, Эмгекте да баатыр, жана Баатыр эне болгондор чанда гана кездешет. Күлсара эне эмгекке да өз балдарына кылгандай мамиле жасайт. Эгерде сиздер Калинин районуна караштуу Панфилов колхозуна барып, Күлсара эне жөнүндө сурап ооз ачканда эле, ал кишинин мээрмандыгы жөнүндө, анын кажыбас кайраткер, мээнеткеч адам экендиги жөнүндө туш-туштан жаадырып айтып киришет.

Панфилов атындагы чарбанын кант кызылчадан түшүмдү жогору алууда Күлсара Сулаймановanын үлүшү чоң. Ал бул баалуу өсүмдүктү өстүрүүнүн жаңы жолдорун өндүрүштө колдонуп, илимий жактан негизделген алдыңкы агротехниканы пайдалануунун натыйжасында эң сонун өндүрүштүк көрсөткүчтөргө жетишкен. Күлсара Сулайманова көрктүү кыргыз жергесине көрк берип турган Ала-Тоонун жылдыздарынын бири. Күлсаранын эмгеги жана энелик мээрими менен биз да сыймыктанабыз.



## КАЙЫРКҮЛ МУКАШЕВА



Ысык-Көл өрөөнүндөгү «Улакол» совхозу Кыргызстандагы асыл тукум кой өстүрүүчү ири чарбалардын бири. Анын карамагында он миңдеген койлор өстүрүлөт. Социалисттик Эмгектин Баатыры, КПССтин XXIII — съездинин катышуучусу Кайыркүл Мукашева ушул чарбада эмгектенет. Совхоздун байлыгын арттырууда анын салымы чоң. Ал көп жылдан бери старший чабан болуп иштеп келе жатат. Анын бригадасы жыл сайын төлдү арбын алууда.

Кайыркүлдү өз кесибинин устаты деп тайманбай айтышат. Ал жалгыз гана төлдү жана жүндү арбын алуу үчүн күрөшпөстөн койлордун асыл тукумдуулугун арттырууга да абдан далалат кылып көп салым кошту. Кой багуунун жолдорун жакшыртты.

Биздин өлкөбүздө адамдын эмгеги, ал кайсы улуттан гана болбосун, жогору бааланат. Ушу карапайым кыргыз кызынын жылдыздуу кыздардан болгону анын ачык күбөсү.

## САЛТАНАТХАН ЮСУПОВА



Араван районуна караштуу XXII партсъезд атындагы колхозунун ак алтындуу аймагына чыксаңыз пахтачылык бригадасынын бригадири Салтанатхан Юсуповага сөзсүз жолугасыз. Атактуу бригадирдин даңкы азыр Кыргызстандын чегинен өтүп Союзга маалим болду. Аны азыр жөн гана Салтанатхан дечү болушту. Социалисттик Эмгектин Баатыры, ак алтындын чебери Салтанатхан Юсупова жыл сайын пахтаны арбын жыйнайт, жыйнаганда да машина менен жыйнайт. Биз Салтанатхандын былтыркы жылы канча жыйнаганын гана четин чыгарып айтып коёлу—ал машина менен 315 тонна пахта жыйнап Союз боюнча биринчи орунга чыкты. Албетте бул ийгилик өзү келе койгон жок. Салтанатхан пахтаны машина менен терүүнүн ыкмаларын таап, техниканы билгичтик менен колдонуунун натыйжасында жетишип отурат.

— Бул ийгилик чек эмес,— дейт Салтанатхан,— адамдын мүмкүнчүлүгү чексиз, демек ийгиликтин да чеги болушу мүмкүн эмес.

# КӨЛ ЧОЛПОНУ



Далдалчы Керим чал жалгыз бээсине кош дөңгөлөк арабасын чегип, бир нерселерин басып, адаттагысындай эле эртелеп жолго чыккан. Демейде Керимден калбаган чоң сакал абышка, соодасы түгөнбөгөн бозокор Бурул бүгүн көрүнбөйт.

Жол жүрбөгөндүкпү. Мыты эне тай чабым жерге басып, төмөнкү Үңкүр-Таштын кайрылышынын Тунук-Булакка жетип көкүрөк баскан. Мыты энеге жете келген далдалчы Керим сербейген мурутун чыйратып, алчактай баскан чабдар бээге камчы үйрүп, чыйт түкүрүп, үн чыгарат.

— Башыңа чөп сындырып коё турган экен. Жекшемби күнү жолго чыккандарды ажаанындай көрчү элең, жол болсун сага, Мыты?

— Кең-Ссуга баратам.

— Ии, сапарың узак го, тынччылыкпы?

— Тынччылык эле, кызыма баратам.

— Кайсы кызыңа?

— Канча кызым бар эле, Жамыйлама. Бала кургур эстен кетпейт...

— Ии, Жамыйлама де. Иши кылып ал кызыңдын өмүрү узун болсун. Жалгыз атты арабага чеге албайбыз, темир тезектин тилин бүтүндөй билип, эркектер менен тең жарыша машина айдаганын көр! Бир жайда Бирликтин, Кең-Суунун, Жылуу-Булактын эгинин бүтүндөй жалгыз өзү чабат деген эмне?! Баса, кечээ жакында эле Жамыйла, тиги чоң газетке да сүрөтү менен чыгыптыр дешип жүрүшпөйбү. Иши кылып аман болсун. Кубана бер Мыты, кубана бер. Ырыстуу кемпирсиң, ырыстуу!

* * *

...Кең-Суунун түзү. Бул жерге жылда эгин айдалат. Бул жерге быйыл да эгин айдалган. Күздүк көйкөлө чыккан. Бул жерди беш жылдан бери удаасы менен ушул жерде өскөн, ушул, жерде чоңойгон көлдүк кыз келип чабат. Мына, ал кыз бул жерге дагы келген. Дагы эгин чапканы келген. Өткөн жылы анын комбайнын трактор чиркеп келсе, быйыл өзү, өзү айдап келген. Ал кыз өткөн жылы бул түзөңдү күндүз чаңкайдын чак түшүндө келип чапкан. Быйылчы? Быйыл бул келкиге түн ортосунда келип түштү... Ооба, убакыт өзгөрүлгөн сайын адамдын аң-сезимине жараша иши да өзгөрүлө берет тура.



«Азыр жатып алчу убакыт эмес тура. Согуш, согуш каргаша болду. Бүлүнгөн чарбаларды— өнөр жай ишканаларын, колхоз-совхоздорду чукул арада калыбына келтирүү милдети турбайбы. Эл ачынды, элдин кийми жыртылды. Жамыйла дагы кеп нерселерди ойлонду. Күлүк ой өткөн күндөрдүн көбүн эске салды...

... Түн. Жамыйла штурвалда олтурган. Жаш бала чарчаганбы, уктап кетип, калың бакалдын арасына кулап түшүп, ызаланып ыйлаганын эстеп, азыр эле «бырс» деп күлүп жибергенин өзү да сезбей калды шекилдүү.

Жамыйланы азыр көр! Баягы чабал, ызакор кыз жок, кабелтең, эмгектен бышкан чымыр денесине, кара тору жүзү төп келип, келбеттүү да, сүйкүмдүү да көрүнөт.

* * *

...Ыкшоо чыккан эгиндер комбайндын жарыгынан уялгандай бир-бирине жашынышып баштарын иет. Ага кайдан карасын. Жер кайгыган күздүктү бир четинен күтүрөтүп, көл толкунуна термелгендей Жамыйла комбайнын чарк имерип башкарып жүрөт. Бирин-бири кубалаша келген шоферлор кузоваларын чабылган данга жык толтурушат да, кайра шарт бурулуп жолго чыгышат. Беш-алты жигиттин жалгыз кыздын чапкан эгинине ээ болушпай ыза болгондоруна көк деңизде каалгыган ай күлөт, күбө болот.

Бул түнү тиги «Бирлик» колхозунун түзөңүнөн да жалгыз жарык көпкө каалгыды. Ал Чувичкин бабай — Жамыйланын окутуучусу эле. Анда-санда ал киши комбайнынын жарыгын бирде өчүрүп, бирде күйгүзүп, Жамыйлага бир нерсе жөнүндө кабар бергенсийт. Ал ага жооп кылып, машинасын ошол замат лып токтото салат да: Менин бабайым, мен чарчаган жокмун. Бир аз жер калды. Ошол жерди бүтүп эс алам. Андан көрө өзүңүз бир аз чырм этсеңиз боло — дегендей, ал да машинасынын жарыгын бирде өчүрүп, бирде күйгүзүп жооп кайтарат.

Ал жылдар артта калды. Нечен жаз, жай, күз, кыш мезгилдери оошту. Жамыйла мындай мезгилдердин далай түйшүктүү күндөрүн башынан өткөрдү.

Ар бир адамдын турмушунда эсте калчу күн, эсте калчу жыл болот эмеспи. 1957-жыл Жамыйланын турмушундагы кубанычтуу жылдардын бири.

«Дыйкан эмгегин жер баалайт, эр эмгегин эл баалайт» — дейт элде. Калети жок айтылган кеп эмеспи. Ошол жылы көлдүн биринчи механизатор кызы Жамыйла Дүйшееванын согуш жылдарында жана согуштан кийинки мезгилдерде көргөзгөн каарман эмгеги жогору бааланып, ага СССР Жогорку Советинин Президиуму Социалисттик Эмгектин Баатыры деген ардактуу наамды ыйгарат. Көкүрөккө Ленин ордени жана алтын жылдызы тагылат!

Улууну да, кичүүнү да сыйга, баркка жеткирген эмгек болот тура!

1960-жыл. Турмушта адам кээде мөгдүйт. Ооба, Жамыйла кептер болгон илдетке каршы чапчаң бир жыл күрөштү...

...«Чын эле, чын эле сүйгөн кесибимен ажыраймынбы? Жок, жок! Мен эч качан сүйгөн кесибимди таштабаймын!». Жамыйла оор операцияда жаткан учурда да жогоркудай сөздөрдү нечен жолу кайталады. Ооба, Көл чолпонундагы эрк сапат аны өз кесибинен бөлгөн жок!

Райондук партия комитети Дүйшееваны сүйгөн кесибине кайра койду. Бир машинаны эмес, ирилешкен чарбадагы чачынды механизацияны тартипке келтирүү, бүтүндөй башкаруу үчүн аны инженер-механик кылып дайындады. Жамыйла бул кесипте бир жыл толук эмгектенди. Андан кийин ал артта калган участокко барып, ирилешкен колхоздун № 3 бригадасына бригадирлик милдетти өтөө ишине жиберилет. Мына, он жылдын жүзү болду. Жамыйла бул кесипте он жылдан бери күн тынчынан, түн уйкусунан безип эмгектенип жүрөт!

Дүйшеева Жамыйланын кошкон салымы да баалуу!

Күндөр өтөт. Бирок, эл үчүн арналган өмүр, элге арналган эмгек эстен кетпейт!

**Н. Касымбеков.**

## БУРУЛБҮБҮ ТУРДУБАЕВА



Тогуз-Торо районуна караштуу «Бирлик» колхозунун баатыр чабаны Бурулбүбү Турдубаеваны бул жерликтер ишке дыкан, кең пейил адам катары билишет. «Бирлик» артелинин байлыгы жөнүндө кеп кылганда Бурулбүбүнү эскербей койбойбуз. Ал жылыга жүндү арбын кыркып алып, ар жүз тубар койдон алынуучу төлдүн санын да көбөйттү.

Бу Тогуз-Торо өрөөнүндө кыштын ызгаардуу суук күндөрүн кимдер билбейт. Мына ушундай шарттар да мал багуудан кыйын эмне бар. Чабандык кесип, кыйын да, барктуу да. Бирок мындай урматка жетиш үчүн чабандык кесипти сүйө билүү жетиштик кылбайт, чыныгы чабан болом десең жердин шартын, малдын сырын жакшы билиш керек. Антпесе ийгилик жөн эле келе койбойт. Социалисттик Эмгектин Баатыры Бурулбүбү Турдубаева ошондой өз кесибин сүйгөн да, жердин шартын да, малдын сырын да жакшы билген чабан. Анын койлору дайыма жогорку семиздикте багылат. Албетте, жүн менен төлдүн арбын алынышы үчүн жакшы өбөлгө. «Мал семизи мурун кандатат» деп эл бекеринен айткан эмес. Ошондуктан Бурулбүбү ийгиликке жетишүүнүн эң башкы себебин малдын семиздигинен көрүп, дайыма жайыттарды билгичтик менен пайдаланат. Малды бүгүн кайсы жерге, эртең кайсы жерге жайаарын, кайсы жайыттын оту качан оттуу болорун жакшы билет.

Мындай, чабандык жашыруун сырларды Бурулбүбүдөн сурагыла. Ал билбеген эч сыр жок.

## СААДАТ НОГОЕВА



Саадат Ногоева. Бул ысым биздин кулагыбызга жат болуп калды. Ногоева республикабыздын пахта чарбасын өнүктүрүүдө көп салым кошту. Анын ушу үзүрлүү эмгеги Кыргызстандын чеги эмес, бүт Союзга даңкын чыгарып отурат.

Саадат Ногоева мына отуз беш жылдан ашуун убактан бери «ак алтын» эгилген талаадан саал обочолой элек. Жаз жаңы эле кылтая баштагандан тартып ишке ашыгып билегин түрүнгөн ким? Албетте, ал Саадат эже. Мына ушундан тартып күзгө чейин анын бир үйү пахта эгилген талаа. Ушунун өзүнөн эле, өз ишине берилгендик, айтылган сөздү иш менен бекемдөө үчүн жасаган аракет жана эпкиндүү эмгек экени даана көрүнүп турат. Биз ушундай эң сонун сапаттар бир өзүнө бүткөн адам менен сыймыктанабыз. Тигине Саадат эже көгүлтүр кораблин айдап, ак алтын эгилген талааны аралап өзүнөн өрнөк алып жүргөн кыргыз кыздарын баштап алдыда бара жатат.



## МАРУСА ЖАҢЫБАЕВА



Мына жаңыдан гана таң кулан өөк салып, асмандагы сансыз жылдыздар бириндеп, түпсүз асманга житип жоголо баштады. Айлана жым-жырт. Короодо фонарь алып бир адам жүрөт. Ушу түндүн мемиреген тынчтыгында ошол адам гана жоолжуп тынчсыз басып жүргөнсүйт. Мына ал, эми гана фонарын акырын үйлөп өчүрдү да, эки жагын карады. Айлана баягыдай эле жым-жырт. Бир аздан кийин күн да күмүш нурун чачып, жерге тиричиликтин үрөнүн себе баштайт. Ошондо гана тынчыраак көз ирмеп алса болот. Ушу түн күзөтүп жүргөн биздин Маруса Жаңыбаева. Анын ысмы азыр жалгыз гана Тогуз-Торолуктар үчүн үлгү болбостон, республикабыздын чабандары үчүн да өрнөк болуп калды. Маруса мал багуунун накта устаты. Анын эмгегин өкмөтүбүз жогору баалап Социалисттик Эмгектин Баатыры деген ардактуу наам берди.

Тогуз-Торолуктар жөн гана Маруса десең, мээнеткеч, мал жандуу адам, өз ишинин чебери деп билишет.

## АСЫЛБҮБҮ СЕЙИТБЕКОВА



Социалисттик Эмгектин Баатыры, Кыргыз ССРнын социалисттик мал чарбасынын отличниги, СССР Жогорку Советинин бешинчи чакырылышынын депутаты, бадачы Сейитбекова Асылбүбү өзүнүн ак ниет эмгеги менен республикабызга таанымал. Мал багуу, кыйын жана мээнеттүү экенин ар ким билет. Бирок ага ар кимдин эле дити батып, колунан келе бербейт. Таймандай, ушул кесипти тандап алгандар жөнүндө кеп кылганда биз алардын ысмын сыймыктануу менен атайбыз. Ошол биз сыймыктангандардын бири ушул Асылбүбү Сейитбекова.

# БЕЙТААНЫШ БАЙБИЧЕ, ЖЕ...



Огулжан эне!.. Биз, жаштар эски адамдарды жакшы биле бербейбиз. Алардын учуруна, жаш кезине, күрөшүнө, кийинки турмушуна кызыкпайбыз. Ушул эле Огулжан энени апалы. Тигине, ал ойноок неберелерине көз сала, акырын ээрчип баратат. Деги, ким ал өзү? Бизге азырынча бейтааныш гана байбиче, же өз энелерибизден эч айырмаланбаган карапайым кара кемпир. Ооба, орто бойлуу, мээрман пейил, кары киши. Жылдыздуу өңүндөгү бырыштарды көрдүңүзбү, ал — узак өмүрдүн, ошол өмүрдөгү күрөштүн, мээнеттин жана да бак-таалайдын изи...

Чак түш. Бардыгы түштөнүп жатышты.

— Жаңы дандын наны кандай сонун, тим эле буруксуйт,— деди Жолдошбай сындырып жатып.

— Пешене тер, досум, пешене тер! — деп Калдар деген жигит да жетине албай кетти.

— Ушу пешене терге жетүү кыйын болбодубу!..— Огулжан көп нерселерди ойлоп кетти.

... 1929-жылдын жазы. Айылдагылар бүт бир жерге чогулган. Райондон келген өкүлдөр жаңы боло турган артель жөнүндө түшүндүрүп жатышты. Эл уюп тып-тынч. Ар кимиси ар нерсени ойлойт. Аларга алдыдагы иштер бүт бүдөмүк. Аскерче кийинген, узун бойлуу, кубакай жүз, колуна калем, кагаз кармаган жигит ордунан турду да, көпчүлүккө тигилди:

— Жолдоштор, биз силерге бардыгын түшүндүрдүк. Кана, жаңы артелге кирүү үчүн ким биринчи болуп жазылат? Тартынбагыла, чечкиндүү болгула!

— Биз биринчи болуп жазылабыз! — деди оор тынчтыкты буза ордунан тура калган Огулжан.

— Ким болуп жазыласыз?

— Огулжан Токтобай келини.— Анын үнү тургандарга тапанчанын заар үнүндөй туюлду. «Маркум кайнатасынын атын оозу-мурду кыйшайбай айтат да, ботом!» Аны жактырбаган үндөр дуу-дуу дей түштү.

Жолдошбай ордунан турду да, ошол замат чечкиндүү: «Эмнеге таңыркайсыңар, Огулжан айтса, менин атамын, өз кайнатасынын атын айтты. Анын эмне күнөөсү бар экен!» Анан тиги аскерче кийинген жигитке кайрылды: «Мени жазыңыз — Жолдошбай Токтобай улуу». Үчүнчү болуп Калдар Кыдык уулу жазылды. Бардыгы 11 гана киши болду. Калгандар артелге жазылуудан баш тартышты. Ошол жылы бул он бир үйлүү кишинин артели «Кызыл-Могол» деп аталды. Ортодон ашык жерге буудай, жүгөрү, күрүч жана жашылча эгишти. Тилекке жараша, алардан мол түшүм алынды... Артелдин ар бир мүчөсү бүтүн кийинип, кеңири ичип-жеп, жаңы заманды алкап, аны түзгөн улуу Лениндин ысымын жүрөктөрүндө күүгө салып чертишти.

Кийинки жылы жазда артелге дагы 30 үйлүү киши кирген эле. Кулактар элди тескери жолго бурду. Аң-сезимсиз эл алардын «акыл-насатын» туура көрдү. Базар-Коргон өрөөнүндөгү эл бир күндө, бир убакта көтөрүлүп, алгач артелге киргендерге жана райондук жетекчи мекемелерге селдей кол салып кирди. Ондогон кишилер, алардын ичинде партиялык, советтик жана комсомолдук кызматкерлер да курман болушту. Артелге киргендердин тизмелери тытылып жолдо жатты.

Огулжан менен Жолдошбайды көлөкөдөй аңдышты. Алар үйгө да жатпай из жашырчу болушту. Мына ушундай учурдан пайдаланып, кулактар алардын үйүн өрттөштү жана үрөндүк эгинди талап алышты.

Бирок, тез эле кулактардын тамырлары кыйылды. Талаа жаңырды. Алгачкы «Кызыл-Могол» артели 1932-жылы «Октябрдын 15 жылдыгы» деген колхоз болду. Бул колхоздо Огулжан аялдардан чыккан биринчи бригадир эле.

Карамагында 40 гектар пахта бар. Андагы иш процессинин оордугун айтпа. 1932—35-жылдар эмес беле... Эки жардын бар болгон кызыкчылыгы пахта, андан жакшы түшүм алуу. Бир нече жыл катары менен ар гектар жерден 60 центнерден түшүм алышты. Бул республикадагы гана эмес, союздагы рекорд эле.

Огулжан ийгиликке манчыркап калган жок. Кайра жан-дили менен берилип эмгектенди. Кол менен пахта терүүдө ага бир да кыз-келин тең келе албады. Ал жөнүндө далай ырлар, очерктер жазылып, басма беттери жайнап, калк кадырлап, дуу-дуу сөз арбыды. Бакыттын булагы—эмгек деген сөз чындыкка айланды. Эмнеге дейсизби, Огулжан 1937-жылкы биринчи шайлоодо СССР Жогорку Советине депутат болуп шайланды.

Январь, 1938-жыл. Жалал-Абаддын вокзалы. Жолдошбай Огулжанды күтүүдө, аны менен бирге райондон да кишилер келген. Огулжан Москвага СССР Жогорку Советинин биринчи сессиясына катышканы кеткен эле. Ал белгиленген күндөн эки күн кечигип келди. Жолдо поезд бузулуптур. Вагондон элеңдей түшүп келаткан Огулжан кош ат кармап турган Жолдошбайын көпчүлүктөн жазбай тааныды. Москвадан баалуу белек катары жүрөгүнө араң сыйдырып келаткан чоң жаңылыктарын Жолдошбайына тартуулады:

— СССР Жогорку Советинин Президиумунун председатели Калинин менен тыныгуу мезгилинде, андан кийин да, бирге болуп бетме-бет сүйлөштүк. Жөнөкөй, мээримдүү, абдан жакшы киши экен. Жаңылыгым эң эле көп. Бардыгын шашпай айтып берем. Андан көрөк үйгө тезирээк жетели. Кыздарды сагындым...

Депутат болгондон кийин да эки жылча колхоздо иштеп турду. Коммунисттик партиянын катарына өттү. Анан райондук аткаруу комитетинин председателдигине шайланды, бир нече жылдар иштеди.

Далай кыздардын турмуштук таалай жолун ачып, билимге тартты, эркиндик берди. Анын ал жылдардагы аткарган иши көп. Баары эле, айрыкча аялдар райаткомдун раисине кайрылышаар эле.

Адам энчиси түгөнбөйт тура. Огулжан Токтобаева эки жыл катары менен (1954—1955-жылдарда) пахтачылыктын маданиятын көтөргөндүгү жана кол менен түшүм жыйноодо рекорддук көрсөткүчкө жетишкендиги үчүн Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак Грамотасы менен сыйланды. Совет бийлигинин 40 жылдыгында ал «Ардак белгиси» ордени менен сыйланды.

Кийинки жылдарда да, ал улгайып калганына карабастан, колхоз ишине кол кабыш кылып, жаштар менен тең иштейт. «Көнгөн иш кыйын экен, үйдө тура албайм. Көңүлүм эле талаага тартат»,— дейт, ал аңгемелеше калсаң.

**Ш. Мойдинов.**

# ӨЗ ИШИНИН УСТАТЫ



«40 лет Октября» атындагы кийим тигүү фабрикасынын заңкайган чоң имараты. Имараттын чоң-чоң терезелери күндүн жарыгын өзүнө оп тартып алган сыяктуу залдын ичин күзгүдөй жарык кылып турат, ал эми бул жерде эмгектенишкен кыз-келиндердин жүздөрүчү? Ал абдан жарык, абдан шаңдуу. Ошол жайдары, колдорунан көөрү төгүлгөн кыз-келиндер эркектердин ар түрдүү размериндеги жана фасонундагы пальтолорун, плащтарын, шымдарын, ошондой эле балдардын пальтосун, көйнөктөрүн чыгарышат. Ушу жарашыктуу кийимдерге фабриканын атактуу адамдарынын бири Алиман Усупованын да колу тийген...

Алиман жаш кезинен тартып эле машина менен кийим тиге койгонду жакшы көрчү. Окуп жүргөндө апасы көйнөк-көнчөк тиге койгондо, ал бир жагынан жыра талашып, өзүнүн эңсеп жүргөн машина тигүү кесибин үйрөнүп алды.

Айыл арасында Усуптун кызы өнөрлүү болуптур, анын колунан бардыгы келет экен деген сөздөр бат эле биринен сала экинчисине таркап кеткен болучу. «Ата айланайын десе, дегеле ошондой болсун, бала-бакырабыздын майда-чүйдө кийим-кечесин тиктирип алып турганга жакшы болбодубу?» — деп кубанып жүргөндөр да айыл ичинде болбой койгон жок. Ким гана болбосун «Мына бу баламдын көйнөгү эле, колуң бош болсо ушуну машинаңа айландырып бере койчу ылайым көшөгөң көгөрүп, бактылуу болгур»,— деп сурангандар да учуроочу. Ушинтип Алиман жакшы окуу менен машина тиккенди да өздөштүрүп алган...

1948-жылы Алиман Фрунзе шаарынын ремеслолук окуу жайына кирди. Алиман өз каалаганына куп келе калган бул ремеслолук окуу жайына киргендигине аябай кубанды. Ал окуудан бир дагы күн калган жок. Ар дайым сергектик менен окуп, тырышчаактыгын баштагыдай уланта берди. Окууну практика менен айкалыштырды. Өз тажрыйбасын байытып, кесибин өздөштүрө берди. Тигүү машинасынын ар бир деталдарын үйрөнүүнүн жолуна түшүп, арышын улам кеңири шилтеди. Натыйжада окуу жайын 6-разряд деген наам менен бүтүрүп чыкты. Жаш тигүүчүлөрдү бөлүштүрө келгенде аны ВЛКСМ атындагы фабрикага тигүүчү кылып жиберишти. Анын оюу да ошол жерге калууда болучу.

Адегенде Алиман ар кандай майда жумуштарды аткарып жүрдү. Тажрыйбалуу мастерлердин иштегендигин өтө көңүл коюп байкады. Алардын иш ыктарын, тажрыйбаларын такай үйрөнүүнү самады. Иштиктүү чеберлердин кийим тигүүдөгү бай тажрыйбаларын улам бир четинен үйрөнө берди. Ошентип, эмгектенүүнү чын ыкласы менен жактырган А. Усупова бул ишканада өзүн эмгекке бөлөп, алдыңкылардын катарынан эч калышпады.

Жумуштун илгери жүрүшү жалаң бир кишинин колунан келбей турган иш. Ошондуктан анын аткарылышы ар бир тигүүчүгө жараша болот. Эгерде агрегатта иштеген жумушчулардын бардыгы ынтымактуу болушуп, ар бири өз кесибин сүйсө, анда күндөлүк норма гана эмес, айлык норма да, ошондой эле жылдык план да ашыгы менен аткарыла тургандыгы шексиз. Алиман өз алдынча тигүүчү болуп иштегенден тартып күндөлүк нормасын ашыгы менен орундатып турду.

Мына ошентип, Алиман өзүнүн жолдошторунун арасында бат эле кадыр-баркка ээ боло баштады. Ал жаш экендигине карабастан, коомдук иштерге да активдүү катышып жүрдү. Ушулардын бардыгы Алимандын келечектеги перспективалуу иштеринин жаркыраган көрүнүшүнүн бири эле...

Эмгек кылууда үлгү көрсөткөндүгү үчүн Алиман эмгекчилер депутаттарынын Фрунзе шаардык Советинин депутаттыгына шайланат. Ал мурда карапайым жана жөнөкөй тигүүчү болуп келсе, эми элдин кызматкери, мамлекеттик маселелерди чечүүгө катышат. Депутат Алиман Усупова иштеген цех узак убактан бери карай «коммунисттик эмгектин коллективи» деген ардактуу наам үчүн талыкпастан күрөшүп жатат. Бул цехте жаңы нерсени жаратууда анын кийирген салымы көп.

Күндөрдүн биринде фабриканын партиялык бюросунун кеңири заседаниеси чакырылып, анда 23-агрегаттын артта калгандыгынын себептери айтылып, анын коллективинин начар иштеп жаткандыктарынын бети ачылды. Агрегаттын начальнигинин доклады заседаниеде кеңири талкууга алынды. Ошол эле агрегаттын өзүндө иштеп жаткан мастерине да, бригадирине да сөз тийбей койгон жок. Алардын иши бюронун заседаниесинде катуу сынга алынды. Ушундай абалга мындан ары карай эч бир чыдоого болбой тургандыгын белгилеп, 23-агрегаттын ишин колго алуу жөнүндө бюронун заседаниеси атайын чечим чыгарды. Агрегаттын коллективин мыкты кадрлар менен топтоо, цехтин начальнигин алмаштыруу жөнүндө бир топ пайдалуу сөздөр айтылды.

Мына ошондо Алиман Усупова Валентина Гагановайын жолун жолдоп, артта калып, өндүрүштүн жылдык тапшырмасын аткара албай келе жаткан ушул 23-агрегатка барууну партиялык бюронун заседаниесинде биринчи сунуш кылгандыгы өтө маанилүү. Алимандын чыйрактыгына, анын шамдагайлыгына жана мамлекеттик ишти жан-дили менен иштей тургандыгына көздөрү жеткен бюро мүчөлөрү анын патриоттук бул сунуштарын жактырат.

Алиманды агрегаттын коллективи өтө жылуу, өтө жакын адамы катары кабыл алышты. Алиман Усупова ишке киришер замат агрегаттын иши менен терең таанышып, коллектив менен аңгеме өткөрдү. Агрегаттын артта калып келаткандыгынын себептерин, жылдык пландын аткарылбай жаткандыгынын тоскоолдуктарын толук сураштырышып, ишти мындан ары жолго коюунун чараларын көрдү. Көрсө агрегаттагы негизги кемчилик: андагы тигүүчүлөрдүн басымдуу көпчүлүгүнүн жаңы үйрөнчүктөр экендиги. Ошондой эле тартиптин жолго коюлбай бошоңдоп кетишинин натыйжасында пландын аткарылбай жаткандыгы сезилди.

Шамдагай, чебер, кийим тигүүнүн чыныгы устаты Алиман Усупова буга окшогон оор абалдан коркуп артка чегинип турбастан, бардык ишти дароо колго алды. Алды менен жумушчу орундун туура жайгаштырылышына көңүл бурулуп, ар бир тигүүчүнүн ордун тактады. Ал эми агрегаттын тагдырын чечүүчү негизги маселе кадрлар маселеси. Ушуларга көңүл бурулуп, бардыгы өз жайында болгон-



## АТАЛАР БАШТАГАН...

«Чоң-Көпүрө, Авылан,
Сүйгөнүм сени сагынам!
Дары коюп таш жарса,
Жүрөгүм чыгат кабынан!..»

(Отузунчу жылдарда Таш-Көмүр,— Кетмен-Төбө жолун курууда иштегендердин ыры).

— Сен бул ырды кайдан билесиң?

— Кичинекейимде уккан элем. Агаларыбыз ырдашчу.

— Бул биздин сүйгөн ырыбыз эле. Кийин да көпкө унутпай ырдап жүрдүк.

— Жолдун курулушунда сиз да иштедиңиз беле?

— Ооба.

Мен ага кызыга карадым. Жумагүл эненин бырыш баскан жүзүнөн анын эмнелерди ойлоп олтурганын билүү кыйын эле.

— Мен сага жомок айтып берем. Аны биз өзүбүз башыбыздан өткөргөнбүз. Ал баягы сен угуп жүргөндөй «Бир кемпир чал болуптур»... деп башталбайт. «Мен... Биз...» деп башталат.

Унчукпадым... Жумагүл эне сөзүн дароо эле баштаган жок. Ал көпкө үнсүз ойлонуп олтурду. Анын көздөрүн бул жолу карабадым. Анан жомок башталды...

...Теңдик заман Кетмен-Төбөгө жеткенде Жумагүл жаш келин болучу.

Жаштыгына эрк берген жаңы заманды ал жадырап тосуп алды. Алгачкы чыккан активисткалардан болду...

Жыйырманчы жылдардын акыры. Анда Жумагүл Ак-Чий селолук Советинин төрагасынын жардамчысы болуучу. Андижан-Наманган тараптан чыккан басмачылардын зор тобу Кетмен-Төбөгө капыстан кирип келди. Селолук Советтин адамдары кайдадыр көздөн кайым болду. Жумагүл эс токтотуп, эки куржундун көзүнө керектүү документтерди салып коңшусунукуна бекитти. Ай, чиркин ай, басмачылардын азабын берер «Кызыл жигиттердин» отряды алыста болгонун карачы! Басмачылар бир байдын айлына барып өргүп калышты.

Экинчи күнү жайдак ат минген жигитти бирөө Жумагүлгө ээрчитип келди. Ал эрктүү отряддан экен. Басмачылардын багытын байкап калышып, алардын артынан кууп Масыдан чыгышыптыр. Узак жол жүрүшүп, Таш-Көмүрдөн бери аскалардын кыйыктарынан өтүп аябай чаалыгып келишкен. Далайларынын аттары аскадан учуп жөө-жалаң калган. Отряд Нарын дарыясынын аркы өйүзүнө токтоп, бул жигитти чалгындап келүүгө жиберишиптир.

Эмне кылуу керек? Жумагүлдүн көп ойлонуп олтурууга мүмкүнчүлүгү жок эле. Эртең басмачылар башка жакка жол тартышарын уккан.

Айылдан төрт суучул жигиттерди таап аттантып жөнөттү. Нарындын боюна жакын жерде эки үйүр жылкы жүргөн. Алар түндөп ошол жылкыны наркы өйүзгө алып өтүүнү чечишти.

Түн. Асман кабагын катуу чытып, анда-санда жашын тамчылатып турат. Алты атчан жылкыларды сүрдүктүрө сүрүп дарыяга кептеди. Дүпүрөгөн аттардын гана дүбүртү. Кез-кез аста, бирок өкүм сүйлөгөн аялдын добушу чыгат. Акыры жылкылар биринин артынан бири сууга боюн таштай баштады. Эң акыры болуп Жумагүл сууга кирди.

Тайманбас адамдарды тагдыры эч кырсыкка учуратпай наркы өйүзгө алып чыкты...

Жумагүл ошол зор кагылышка катышканда турмуштун тунук максаты үчүн күрөшүү деген эмине экенин анык түшүндү. Басмачылар менен салгылашта курман болгон жигиттин ачык боюнча калган нурсуз томсоргон көздөрүнө карап туруп, турмушта бошогон анын ордун толтуруп, ар дайым ошол үчүн жашоого, күрөшүүгө өз ичинде ант берген. Кийин басмачыларды талкалоодо жеңиштин себепчиси болгону үчүн аны мақташты, сыйлашты.

...Ал унчукпай калды.

— Анан эмне болду? — дедим.

— 1939-жыл. Фрунзе—Ош жолунун Кетмен-Төбө аралыгын куруу башталды. Чокуларын түбөлүк ак мөңгү каптаган тоолор менен курчалган Кетмен-Төбө өрөөнүн — «Чоң дүйнө» менен байланыштыруучу.

— Мурда жол жок беле?..

— Бар болчу. Ат туягы, адам таманы араң сыя турган жалгыз аяк жол эле. А да кийинчирээк салынган.

...Илгери ...Илгери ...адамдар бул жол менен Таш-Көмүр багытына аттуу кетишип, кайра куржундарын моюндарына илишип, ыргалышып жөө кайтышчу экен. Анткени ат ага жарым жолго чейин гана жолдош боло алган. Салаңдаган аскалардын кыйыгына жеткенде аттарын калтырышып, сапарларын жөө улашкан. Көп жерлерден шатылар менен өтүшчү. Ал эми кайта кайтып келе жатканда атынын аскалардын кыйыктарында жаткан кагыраган сөөктөрүн гана табышчу. Адамдар ал сөөктөргө кайгылуу карашып жондорундагы базардан алган маталарын ыкшап коюшуп алдыга илкишчү...

Биз ошол адамдардын жаштары таамп, буттары тилинген аскаларды талкалап, машина жолун курууга таандык. Ар ким колунда бар куралын алып курулушка топ-топ болуп келип жатышты. Кетмен, чукулдук, лом, темир күрөк... негизги куралыбыз. Ырас, таш жаруучу дары ошондо эле бар болуучу...

Чоң инженерибиз грузин жигит эле. Ал бир күнү мага келди да:

— Жумагүл, мени эң бийик чокуга ээрчитип чыкчы? — деди. Мен да айылды сагынган элем. Алыстан болсо да Кетмен-Төбөнүн караанын көрөмүн деген ой менен макул болдум. Биз атчан жүрүүгө жол таап айланып олтуруп Авлан тоосунун чокусуна чыктык.

Кетмен-Төбө алаканга салгандай көрүнөт экен. Биз көпкө олтурдук. Ал кыргызчага чала-була бурулган тили менен сүйлөп жатты.

— Жумагүл, сенин жериң абдан жакшы. Бул жер мындан да сонун болуп багы ачылат,— деген. Андан башкасын түшүнгөн эмесмин. Анын көп ойлору айтылбай, көп сөздөрү мага түшүнүксүз боюнча кала берген. Мына ошондогу анын айтылбай калган оюна, мен түшүнбөй калган сөздөрүнө эми түшүнүп олтурам...

Жумагүл эненин андан аркы аңгемесин укпадым. Эмнени түшүнгөнүн да сурабадым. Бирок, ал мага түшүнүктүү эле. Убакыт жетип калып жолго чыктым.

— Самолет келер учуру болуп калдыбы?— деди ал мен коштошкондо.

— Мен автобус менен кетем.

— Автобус менен!.. Жол ачылдыбы?..—Анын көздөрүндө таңдануу эмес, толкундоонун нурлары ойноп турду.

— Ооба, эне. Бүгүн биринчи автобус Токтогулдан Фрунзеге жөнөйт,— дедим.

Ал ушул улуу жолдун биринчи жүргүнчүсү болгонум үчүн артымдан мага суктана карап узатып калды.

Ал эми мен болсо ушул жолдун курулушун биринчи башташкан адамдар жөнүндө ойго батып келаттым.

Токтогулдан Фрунзеге чейинки жолдун коотзугу, Чычкан капчыгайы менен Суусамырдын жаратылышы жөнүндө мындан бир жыл мурда жазган очерктерибизде суктангaнбыз. Жол курулушунда эмгектенген адамдардын эрдиктери жөнүндө баяндагaнбыз. Бул жолу мен ошол адамдардын кимиси менен жолугар экенмин деген гана ой менен келе жаттым.

Ала-Бел... өткөн жылы гана бул дабанга бульдезер из сала элек болуучу. Булуттар түнөгөн бийик ашууда тасмадай шоссе жол артылып жатат.

Дабанда төбөсү булуттардан ашып адам турат. Жерди ийилте басып, кең ийиндери менен көктү тиреп тургансып көрүнөт. Ал Виталий Косьминов:

Мен бул жигит менен быйыл ушул жолдо кайрадан жолугуштум. Өткөн жылы ал жол мастери болуп иштөөчү. Ала-Бел прорабствосунун старший прорабы Леонид Семенович Фельдман башка курулушка кетип анын ордуна Виталий калыптыр.

— Ошентип жолду бүтүрдүк, тууган. Эми бул жолдо мага да, сага да кыла турган иш калган жок. Сен акыркы очеркинди жазасың, мен акыркы жолу Суусамыр өрөөнүндө тасмадай тартылган жолго көз чаптырам.

— Эми кайда барасың?

— Жаңы жолдун курулушун баштайбыз!

— Кайдан?

— Кара-Тоодон. Казакстанда. Бул адамдардын турмушу романтика. Мен алардын тагдырларына суктанамын.

Биз бирге Фрунзе багытына жол тарттык.

**К. Жуманазаров.**

## ДАН ЖЫТТАНГАН АДАМ

Рыбачье шаары. Кереметтүү көл мына ушул жерден башталат. Пристань. Ушул жерден нечен тонналаган жүктөрдү артышып, пароходдор тээ чыгышка кербен тартышат. Көптөн бери иштеген суучулдарга Кызыл-Омпол менен Сан-Таштан чыгуучу шамалдын сыры беш колдой маалым. Жылдын бардык мезгилинде көл эл үчүн кызмат кылат. Көл ошон үчүн ар кимге кымбат. Ошол көл боорунда көп даңктуу адамдар жашайт. Алардын бирөө Жумабүбү Кырбашова.

Бул 1946-жылдын октябрь айы эле. Күндөрдүн биринде курбусу Мукан экөө шаардагы дан даярдоо элеваторунун директору жолдош Стояновго киришип, жөн-жайын айтышты. Экөөнүн оюна толук түшүнгөндөн кийин:

— Элеватордо жумуш өтө эле оор, техника азырынча жокко эсе. Ошондуктан күн-түнү да иштеп калууга туура келет. Мына ушулардын бардыгына чыдай алабыз десеңер, мен силердин максатыңарга тилектеш болоюн, деди директор, экөөнө суктана карап.

— Бардыгына чыдайбыз, мындан оор иштерди да башыбыздан өткөрдүк, бизге ишенип коюңуз,— деп экөө ишенимдүү жооп кайтарышты.

Ошентип, жаш үй-бүлө жумушчулук кесипке өтүштү. Эгиз козудай ээрчишкен экөө ишке эрте келип, кеч кайтышат. Ошол мезгилдеги иш жагдайын Жумабүбү мындайча сүрөттөйт:

— Техника жетишсиз эле. Бардык иш кол менен аткарылуучу. Кемелердин көпкө токтоп калышына жол бербөө үчүн түнү да тыным албай иштеген күндөрүбүз болгон. Ал убакта жумушчулардын саны да аз болчу. Айрым учурларда бир машинаны жалгыз адам гана жүктөөгө туура келчү.

Эмгекчил эки жаштын эпкиндүү аракеттери элеватордо жылуу кабыл алынып жатты. Мукан Өзбеков комсомолдук-жаштар бригадасына жетекчилик кылса, Жумабүбү 1950-жылдан тартып аялдар бригадасынын бригадирлигине көтөрүлдү. Ишке дилгир, жөндөмдүү Жумабүбүнү рыбачьеликтер 1950-жылдан бери ушу күнгө дейре жергиликтүү Советтерге болгон шайлоолордо шаардык Советтин депутаттыгына шайлап келатышат. Албетте бул шаардыктардын ага болгон зор ишеними.



1966-жылы Жумабүбү Кырбашеванын турмушунда эң эле зор кубаныч болду. Өкмөт менен партия Жумабүбүнүн эмгегин жогору баалады. Аны жогорку сыйлык — Эмгек Кызыл Туу ордени менен сыйлады. Ошентип, анын зоболосу дагы көтөрүлдү.

Тегирмендин гүүлдөгөн үнүнөн мында биринчи келген адамдын кулагы тунчудай. Ал тургай атайын издеп келген адамың менен да алгылыктуу сүйлөшө албай каласың. А мында иштегендер бири-биринин сөзүн таасын угушат.

Алдыңызга ак нанды коюп оокаттанып олтурганда ошол нанды бизге кимдер, кандай түйүшүктөрдү жумшап өстүрүп, даярдап берип жатканын эстейсиз. Ооба, алар дан өстүрүүчүлөр менен ак нанды даярдоочулар. Дан жыттанган адамдар... Ылайым жер үстүндө дан жыттанып, элди токчулук аралап турсун.

**М. Бейшембаев.**

Кызга жетмек да кыйын экен.



## ҚҮЛҮЙПА ҚОНДУЧАЛОВА



Қыргызстандын маданияты жөнүндө кеп козгогондо Қүлүйпа Қондучалованын ысмын атабай коё албайбыз. Қүлүйпа Қондучалова көп жылдардан бери маданият майданында талбай эмгектенип келе жатат.

## БАТЫШ САЛИЕВА



Қыргыз республикалык профсоюздарынын председатели Салиева Батыш.





## САҚИН БЕГМАТОВА

Президиумда Қыргыз ССР Министрлер Советинин орун басары Бегматова Сакин.

## ТОҚТОБҮБҮ ТОҚТАЛИЕВА



Токтобүбү Токталиева республикалык прокуратуранын кылмыш иштерди тергөө бөлүмүнүн прокурору, юстициянын старший советниги.

. . .Өткөн согуштун каардуу күндөрү. Жаш кыз Токталиева юрист болом деп ойлогон эместир. Тың жана чыйрак экендигине карап, Фрунзедеги № 5 кыргыз орто мектебинин 9-классын бүткөндөн кийин комсомолдун райондук комитети ага юридикалык курска барууга путевка берди.

Ал Тянь-Шань, Ак-Талаа, Кочкор жана Чүй райондорунда тергөөчү жана прокурор болуп иштеди. 1956-жылдан бери республикалык прокуратурада кылмыш иштерди тергөө бөлүмүнүн прокурору.

Ишке дилгир, өз ишин так билген Т. Токталиеванын юристтик наамы үлгүлүү иштегендиги үчүн улам жогорулай берди. 1967-жылдын октябрында ага юстициянын старший советниги деген наам берилди.



## УМУТАЙ БЕКНАЗАРОВА

Республикабыздагы мугалимдердин ичинен Крупская атындагы медалды биринчилерден болуп алган мугалим.



## КУТПА ОРУЗБАЕВА



Республикалык аялдар Советинин председатели.

Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын мүчө корреспонденти Валентина Абдылдаевна Исабаева студенттер менен практикалык сабак өтүп жатат





## ЭЛЕСТҮҮ ӨМҮР

«Кымбаттуу апаке! Өлкөбүздүн адам таң каларлык көркөм кооз жерлеринин бири, деңиз жээгиндеги балалыктын бакыт шаарчасы— Артектен жалындуу ысык салам! Бул жерден жаңы курбуларды, жаңы тааныш досторду таптым. Баарынан да чет элдик өлкөлөрдөн келген ар кандай улуттун балдарычы...

Кымбаттуу апаке! Айта берсем сөзүм түгөнбөйт. Кыскасы — Артек шаарчасы көңүлдүү. Жакында мен самолеттун моделин жасап учуруп, мелдеште биринчиликти ээледим. Инструктор агай Илья менин моделимди көрүп аябай жактырып:

— А балким сен келечекте учкуч болорсуң! — деп мактоого алды. Агайым айткандай учкуч болсом деп кыялданам»...

Ал сагыныч булагы ташкындаган апасына кат жазуу менен алек.

Күн мемиреп тийип турат. Деңиз тараптан соккон сыдырым айлананы салкынга бөлөйт.

— Роза, сени Илья агай чакырып жатат.

— Каякта? — деди Роза жыгач аттан шашыла түшүп жатып.

— Авиамоделисттердин клубунда. Ал жерге жазуучу келиптир. Биздин сүрөтүбүздү тартып, китепке чыгарат экен.

Бейшегүл менен бир бөлмөдө жатуучу Светлана аны шаштыра, сол колунан жетелей клубду көздөй чуркашты. Ал жерде инструктор Илья, фото кабарчы Т. Грачева, жазуучу жана журналист Я. Гайц турушкан экен. Алар спорт, ыр-хор, авиамоделизм боюнча биринчиликти ээлеген балдарды сүрөткө тартып өздөрүнчө аңгеме куруп турушуптур.

— Мына, биздин Роза да келип калды! (Бейшегүлдү Артектегилер Роза деп аташа турган).

— Роза, сүрөткө өзүң жасаган самолеттун моделин кармап түш. Пионердик форма кийимиңди кий! Бул Артектеги күндөрдөн эстелик болот! — деди Илья.

...Арадан бир жылдан ашык убакыт өттү. Бейшегүл мектепке күндөгү маалдан саал кечигип келди. Көгүш, калың мукабалуу «Артек» деген жазуусу бар китепти улам барактап ачып, ар бир бетине үңүлө карашкан беш-алты окуучу кыздар жана балдар Бейшегүлдүн келип калгандыгын анча байкас алышкан жок.

Алардын ортосунда мектептин старший пионер вожатыйы да бар эле.

— Бул китепте Бейшегүл жөнүндө көбүрөөк жазылыптыр. Фото сүрөттөрү да бар экен! — деди вожатый балдарга жылмайган түр менен.

— Китепке чыгышыңды куттуктайбыз!

Топтолуп турган балдардын ар кимиси Бейшегүлдүн колун кыса кармап ага дагы жаңы ийгиликтерди каалашты.

Мындан отуз жылдан ашуун мурда. Я. Гайц жана Т. Грачеванын «Артек» аттуу калың мукабалуу китеби Бейшегүлдүн балалык күндөрүнөн элестүү кабарларды берет.



Бейшегүл Үмөталиева № 5 кыргыз орто мектебинде окуп жүргөндө өздүк көркөм чыгармачылык ийримине активдүү катышып, андан соң кыргыз филармониясында бийчи болуп иштеп жүрдү. Ал бийге, спортко кичинесинен эле абдан дилгир, ынтызар эле. Ошон үчүн ошол окуучулук жылдарында эле 1939-жылы Москвада өткөрүлгөн кыргыз искусствосунун биринчи он күндүгүнө катышат. Ушул жылы «Советская Киргизия» газетасына филармониянын башкы көркөм жетекчисинин «Кыргыз бийинин жаралышы» деген макаласы жарыяланат. Анда Бейшегүлдүн бий искусствосундагы өнөрү да жогору бааланган. Бирок, кийин Бейшегүл башка жол таап кетти — ал илимдер дүйнөсүндө сапарын улантты.

Коомдук ишмер, баамчыл педагог эженин адресине келген ондогон каттар, акын-жазуучулардын арноолору аз эмес.

Эженин колунан тарбия алган, акыл сөздөрүн сезимине, жүрөгүнө уюткан студенттердин бири жаш акын Тургунбай Эргешов мындай деп жазат:

«Тыкылдаган кадамынын дабышынан бери айыра таанып, аны сыйлашкан студенттер жымжырт болушат. Залга эжеке кирет. Анан кафедрага акырын көтөрүлүп, ойлогон оюн, көңүлүндө уюган кеңештерин жөнөкөй гана жол менен айта баштайт. Ошол биз угуп кулакка сиңген көнүмүш сөздөрдөн канчалык ыкластуулук, куйүмдүүлүк жана камкордук сезилет...

...Алыстагы атчанды күткөн ападай, ушул эженин алда нени ойлоп турганы мага артыкча жагат. Мүмкүн, чейрек кылым ичинде өзү тарбиялаган окуучулары ушул минутада эсине келип, бет алдында олтурган каракөз жаштардын келечегин да көз алдына элестетер»...

Республикабыздын сүрөт искусствосунун музейинен көзгө тааныш кыргыз кызынын бюстун көрдүм. Анын жүзүнөн кандайдар бир кубанычтуу күлүңдөө пайда болуп, көздөрү алысты тиктейт. Анын көз карашынан келечекке болгон ишеним байкалгансыйт. Башындагы топусу ага кынап койгондой сүйкүмдүү жарашып, кыздын ажарын ачат. Көрсө бул бюсту Ласло Месорош 1937-жылы жасаптыр. Ал кыргыз кызы бүгүнкү күндөгү илимпоз эже Бейшегүл Үмөталиева экен. Венгриялык автор Конта да «Ласло Масарош Советтер Союзунда» деген китебинде Бейшегүл эже жөнүндө да токтолуптур.

Педагогиялык илимий ишке кызыккан Бейшегүл эже кыргыз мектептеринин 3—4-класстарынын окуучулары үчүн «Кыргыз тили» китебин түзгөн эле. Бул китеп азыр кенже класстардын окуучуларынын чыныгы сүймөнчүлүгүнө айланды. Окуу программасы боюнча он тогуз жылдан бери кайталанып чыгып келе жатат.

**И. Исаков.**

## ЛИЛИЯ ТУРУСБЕКОВА



Лилия Турусбекова кыргыз кыздарынын ичинен чыккан алгачкы кинорежиссер. Анын чыгармачылык фантазиясынан көптөгөн документалдык фильмдер жаралды. Лилиянын «Алар Тянь-Шанда төрөлгөн» деген документалдык фильми менен чет өлкөлөрдүн кино-сүйүүчүлөрү да тааныш. Лилия азыр илим дүйнөсүндө эмгектенүүдө.



## ГҮЛСҮН АЙТМУХАМБЕТОВА

Гүлсүн Айтмухамбетова, химия илимдеринин доктору, Кыргыз илимдер Академиясынын химия институтунун лаборатория башчысы. Анын жетекчилиги астында окумуштуулардын тобу кызыктуу иш жүргүзүп жатат.

## ЖАННЕТА ТАТЫБЕКОВА



Тарых илимдеринин доктору Ж. Татыбекованын илимий диапозонун аялдар маселеси жана алардын коомчулуктагы ролу ээледи. Алдыда дагы ачыла элек көп тарых бар.



## ДОКТОР



Операциянын сүрү ай! Бер жакта жүрүп эле менде жан жок... Каңылжарды жарган ар кандай дарынын жыты, тынчтык... Какиш Рыскулова пинцет менен тери, майды кесип, алардын кан тамырларын кыпчуурлар менен чымчып жатты... Анан сокур ичегини сөөмөйү менен илип чыкты. Ал суук тийгенден жабышып калыптыр, андан өтө чеберлик менен ажырата кесип алды. Анын кыймылы уз ишмекерге окшош эле. Эки-үч эле сөөмөй бата тургандай кысталыш жерде, ай курч бычагы башка бир жерди чырпып кетер бекен деген капысынан жөнсүз шектене калганыңа ыңгайсыз боло түшөсүң. Иштин олуттуулугу академик Какиш Рыскулованын жүзүн албыртып, кара терге салды. Операциясын көрүп туруп мен да кара терге түштүм, ал турмак көңүлүм да караңгылап кетти окшойт...

— Жыйырма үч жылдан берки биздин ишибиз ушундай,— деп Какиш эже менин маанайым пас түрүмө моймолжуй күлдү.

Ого, жыйырма үч жыл! Мунун өзү эле чейрек кылым да!

Эженин эмгек жолуна кызыктым. Көптү сурап отурдум.

...Андан мурунбу?

Зарыл ишиң болбосо
Сен Зардалыга барбагын.
Кокус ишиң болбосо,
Сен Кожешкенге барбагын,—

деп ырдаган жерлерге барып иштегенмин. Элдин минтип ырдаганы да бекеринен эмес болчу. Баткендин куму шыркыраган кыяларынан өтүш коркунучтуу келер эле. Ошол өтүп баратканда ат кичине тайгылса болду—төмөндөгү сууга учуп түшөсүң.

1937-жылы район боюнча болгону бир гана жерде медпункт бар болчу. Ага да эл сейрек келчү. Ошондуктан биз аларды селолук совет аркылуу чакыртып, күч менен дарылачубуз.

...Анан? Анан мединститутту бүтүрүп, профессор Кругловдун кол алдында 1944-жылдан тартып госпиталдык хирургияда иштеп жүрдүм. Согуштан келген жарадарлар көп. Бирөө колунан, экинчиси бутунан ажыраган... Ошондо бутунан ажырагандар протез кие албай кыйнашты. Сыртын карасаң соо, операция да эреже боюнча туура жасалган, а бирок алар протез кие алышпайт. Себеби эмнеде? Менин кандидаттык темам ушуга арналды. Мен изилдей баштадым. Көрсө, иш мындай экен. Мисал үчүн, бирөө жоон санга чейин кесилди дейли. Берки чолок сан сыртынан жакшы бүткөнү менен кесилген ички нервдери көөп чоңоюп, сыздатып оорута берет экен. Далай тажрыйбалар жүргүзүлдү. Далай учу-кыйырсыз ойлор өттү. Сыздаткан ооруга чыдай албоо деле ошондой, тажрыйба улантылып, оорулардын абалын текшерүү да созула берди. Акырында жанагы кесилген нерв чоңоюп кетип ошолор оорутуп жатканы аныкталды. Эми ошол нервдин өсүшүн басаңдатып ооруганын жоготуш керек болду. Акырында ошол ар бир нервдин өзүнчө кан тамырлары болот. Ошол кан тамырларды нерв менен кошо бууса, нервдин азыгы азайып өсүшү басаңдайт экен. Анан ал нервге суук тийбесин, оорубасын үчүн хинин менен иштетүү ыкмасы табылды. Кийин-

ки операциялар ушул жол менен жүргүзүлүп, ондогон инвалиддер аябай ыраазылыктарын билдирип кетишти. Протезди да кадимкидей кие башташты.

Ал эми доктордук диссертация кесилген кан тамырларды кантип бири-бирине улаштырып тигүү, бириктирүү жолдоруна арналган. Мисал үчүн, мурда кол же бут кесилсе, же кырчылса, ал кесилген жагы ошол бойдон ыргытылып салынчу, андан адам мунжу болуп калар эле. Бүгүнкү советтик хирургия кырчылган же кесилген колду, бутту кайра бириктирип, сөөгү менен өзөгүн, эти менен этин, нерви менен нервин, кан тамыры менен кан тамырын улаштырып кынап бириктирүү ишин колго алган.

Чынында эле Какиш Рыскулова бул эмгегин коргоп жатканда отургандар бир пикирден мыкты эмгек деп баалап, бир добуштан диссертантты куттукташты.

Жаштыктын чырайлуу издери дурус сакталган академик Какиш Рыскулова операциядан чыгып, бырсыйган назик колдорун жууп жатты. Ушул бырсыйган назик колдор чейрек кылымдан бери жүздөгөн оорулууларга операция жасап, аларды ажалдын оозунан бери тартып албадыбы. Ушул назик колдор төрт баланы энелик мээрим менен багып алпештеди, кийим тигип кийгизди алардын саамайын сылап эркелетти. Ушул назик колдор Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун председателинин орун басары болуп калем кармады, далай маанилүү иштерди барактап чечти. Ушул назик колдор мединституттун студенттерине хирургия боюнча сабак берип, аны иш жүзүндө көргөзүүдө...

**С. Закирова**



## КООЗДУКТУН БҮТПӨС САПАРЫ



Адам өзүнүн бир кадам жогорулоосунда турмуштун таянычы көп-көп аракеттенүүнүн аркасында болдубу, же анын жаратууларынын дээрлик көпчүлүгү өзүнөн-өзү эле пайда боло калабы? — деген суроолорду, басып өткөн өмүр жолуна бериши мүмкүн. Айрым учурларда анын жүрөгү сезип каалаган ишине кандайча келип, анын натыйжасы кандай үзүр бере баштаганын өзү да сезбей калгандары жолугат.

Ырас, бул жерде Жамал Үмөталиеванын ушул күнгө чейинки өткөн өмүр жолунда жана анын искусствонун адамы болушуна жогоруда биз келтирген турмуштук эки учурдун бирөөнө да анча жакындабаганы менен поэзия, ыр, музыка дүйнөсүнөн элибиздин прикладдык искусствосун изилдөөгө келиши өзүнчө нукуралыкка, жөндөмдүүлүккө, эмгектенүүнүн сайкеш келгендиги го деп ойлойбуз. Бул өсүү, калыптануу жана жекече күчкө толуулар өз сапарында канчалык окуялардын күбөсү болду дейсиң. Алар ачык асман жылдыздары сымал: ар дайым бадырайып сени караган эстен чыккыс элестөөлөрдүн, күн нуру сыңары барчыккыс элестөөлөрдүн, берешендиктин, табийгаттын өз адыкка март, берешендиктин, табийгаттын өз тартуусу сыңары ченемсиз жана айтып болгус ажайып коздуктун окуялары эле. Жамалдын тагдыры да так ушул өңдүүлөргө эрте байланышып, өтө кичинекей кезинен кыргыз комузун колуна ойнотуп, музыкалык инструменттердин падышасы болгон пианино менен достошту.

Окуялар... кызыктуу да, кымбат да окуялар, шаркырап таштан ташка кулап түшкөн тоо суусу мол. Өзөнгө келип кошулган сыяктуу алар да өмүр сапарын бойлоп бийиктей берди. Мына анын бири да татаалы да Жамалдын али күнгө чейин көз алдында.

...Кеч күз болгондуктан, айлана ымырт тартып, шаардын көчөлөрүн адаттагыдан тышкары жымжырттык өкүм сүрүп турду. Жамал сабактарга даярданып олтурган калыбында сырттан апасынын шаша басып келе жаткан дабышын укту. Бирок, аны анча этибарга албай — иштен келүүчү убак болуп калдыбы? — деп өзүнө өзү суроо катты.

— Айланайын Жамал атаң... сүйүнчү,— деген сөздөрдү угуп, энесинин кучагында тургонын гана бир сезди. Окуялардын кандай алмашып кеткендигин ал баамдоого үлгүрө албай калды.

...Үй-бүлөнүн бактысы бүгүн айрыкча чексиз. Темиркул агай согуштан кайтып келген экен. Мында айрыкча Жамалдын кубанычын айтпа.

Жамал бой тартып, анын закым кыялы алыска-алыска алып учту. Кыял, илим борбору Москвага, анын так ортоонуна орношкон М. В. Ломоносов атындагы мамлекеттик университеттин чоң имараты...

Миң кубулган музыканын тайманбас жана тапкыч поэзиянын, көп кылымдарга шериктеш, ата-бабасынын жан дүйнөсү комуздун таасиринде өскөн бүгүнкү илимий советтеги айрыкча бир изилдөөчүнүн килем токуу өнөрү кыргыз элинин нукура өзүнүкү эмес,— деген илимий корутундусу катуу тийди.

— Ушундай болгонбу? — деди ал кыялында бушайман боло. Жо-ок, бул маселени кандай гана болбосун далилдешим керек. Болбосо беш жыл университеттеги менин эмгегим, анда чыгыш килеми, анын ичинен кыргыз килеми жөнүндөгү курстук жана дипломдук иштерим желге сапырылып кетеби? Кыргызда да байыртадан бери килем токуу өнөрү жашап келаткан болуу керек? Анткени, башка чыгыш элдери сыяктуу эле кыргыз килемдеринде да улуттук өзгөчөлүк бар. Түзмө-түз көчүрүп алуучулук, башка элди туроочуулук килемдин орнаменттеринде анчалык байкалбайт. Бул килем токуу өнөрчүлүгүн көп кылымдардан бери жашап келатат деп айтууга башкы таяныч берди.

Жөп-жөнөкөй кыргыз кызы улуттук көркөмдүк байлыгынын мезгил эскирте албаган, тескерисинче, улам ажарлантуучу прикладдык искусствосу (килем токуу өнөрчүлүгү) боюнча эмгек жазып бул тармакта ондогон окумуштуу — этнографтарды, кызыктырган маселелерди чечти.

Ал эми килем токуу кыргыз элинин кылым аттаган прикладдык кол өнөрчүлүгүнө кирбейт. Ал биздин эл үчүн мүнөздүү эмес. Килем токуу өнөрү өзбектер, тажиктер, түркмөндөр сыяктуу чыгыштын айрым улуттарына гана тиешелүү дегендердин ойлоручу? Жаш окумуштуу бул жоболордун турмуштук эместигин илим жүзүндө далилдөө менен, кыргыз элинин мал чарбалуу, алардын ичинен кой чарбалуу турмушу килем токуучулук өнөрчүлүгүнүн өркүндөшүнө башкы шартты түзгөндүгүн далилдеди. Натыйжада, өткөн кылымда дүйнөнүн көп өлкөлөрүнө кыргыз килемдеринин таанымал болгондугун фактылар, илимий корутундулар аркылуу бекемдеди.

Жамалга 1963-жылы анын «Кыргыздын түктүү килеми»: деген эмгеги үчүн ага искусство таануу илимдеринин кандидаты деген илимий даража берилди. Албетте бул кыргыз эли үчүн сыймыктуу жаңылыктардын бири. Ушул эле 1963-жылы Жамал Үмөталиева этнографтардын жана антропологдордун эл аралык кеңешмесинде доклад жасап, көпчүлүк окумуштуулардын көңүлүн бурат.

Үмөталиева Жамалдын «Кыргыздын кол өнөрчүлүгү жөнүндө» деген китеби орус жана англис тилдерине которулуп, кыргыздын элдик казынасы менен чет элдиктерди тааныштырып отурат. Биз айта берсек Жамалдын иштеген иштери көп. Анын ар бирине чакан очеркте токтолуп айтып кетүүгө мүмкүнчүлүк болбоду. Ошондуктан анча-мынчасын болсо да атап кетүүнү туура таптык.

«Кыргыздын профессионалдык сүрөт искусствосу» жана «Кыргыздын түктүү килеми» деген китептери алгачкы фундаменталдык эмгектери болуп саналат.

«Кыргыздын жанрдык живописи» деген эмгеги өзүнчө китеп болуп орус тилинде чыгып, окумуштуулар арасында чоң кызыгууну туудуруп отурат. Жамал илимий темадагы 30 дан ашуун макаланын автору.

Кыргыз ССР Илимдер Академиясы даярдап басмадан жарык көрүүчү «Искусство тарыхынын очерктери» деген фундаменталдуу эмгектеги «живопись» жана кол өнөрчүлүгү боюнча чоң эки бөлүмдү Жамал Үмөталиева жазган. Кыргыз кызынын ушинтип талыкпай илим кудугун казып, элдик өнөрдү терең изилдөөгө дем койгондугу бизди кубантпай койбойт.

Азыр Жамал Үмөталиева Сүрөтчүлөр Союзунда искусство секциясынын председатели, кол өнөрчүлүк искусствосу боюнча бүткүл союздук координация секциясынын мүчөсү. Ал ошондой эле СССР сүрөтчүлөр союзунун мүчөсү.

**Т. Орокчиев.**



## ФАТИМА МАҚЕЕВА



Улуу Октябрь революциясынын берген таалай кенчи чексиз. Анын үзүрүн совет өлкөсүндөгү жашаган улуттардын баары бирдей пайдаланып жатышат. Ошол улуттардын бири дунган эли. Азыр дунган элинин өз адабияты, өз маданияты, өз илимпоздору бар. Ошол илимпоздордун бири, дунган кыздарынын арасынан чыккан жаш окумуштуу Фатима Макеева болуп эсептелет.

Фатиманын автобиографиясы анча деле даңазалуу эмес, кыска жана жөнөкөй. Ошондой болсо да ал өзүнчө кызыгарлык.

Фатима Макееванын атасы Хусе Октябрь революциясынын жеңишинен кийин окууга мүмкүнчүлүк алып, өз сабатын жойгон, жана да ал 1932-жылы Ташкенттеги Орто Азия Коммунисттик университетин бүтүрүп келген соң, башкаларды окута баштайт. Бирок, Хусе ыр жазганды жакшы көрөт. Кийин анын ырлары дунган элине тарайт. Өзү болсо басмаларда көп газеттер менен чыгармачылык тыгыз байланышта болгон. Хусенин балдар-кыздары көп эле. Ошолордун бири ушу азыркы Фатима.

Фатима Ырдыкта төрөлүп, ошол эле айылда сегиз жылдыкты бүтүргөн соң, Нарын шаарындагы педагогиялык окуу жайына өтөт.

Кыз адабиятка шыктуу болуп, көркөм адабияттарды үзбөй окуйт. Фатима өзүн да ушу адамдын ички дүйнөсүн ачуучу поэзияга жакын болуп, шыбырашсам дегенде эки көзү төрт. Арадан жылдар өтөт, Фатима окуу жайды бүтүрүп, Кыргызстан аялдар пединститутуна өтөт. Мына ушу студенттик кезден тартып, ал чыгыш элдеринин поэзиясын, дунган элинин чоң акыны, советтик дунган адабиятын негиздөөчүсү Ясыр Шивазанын чыгармачылыгы менен абдан таанышат да, поэзияны мурдагыдан да катуу сүйүп калат.

Фатима Макеева так ушу бир тууган дунган поэзиясынын өзгөчөлүктөрүн жана көркөмдүүлүктөрүн ачып берүүгө өз өмүрүн арноону чечет. Бирок бул оюн ишке ашырыш үчүн татаал белдерден ашыш керек эле.

Макеева пединститутту бүтүргөн соң Москвага барып СССР Илимдер Академиясынын Горький атындагы дүйнөлүк адабият институтуна аспиранттык экзамен берип, ага өтөт.

Алгачкы жылдары окуу кыйын болду. Анткени Фатима дунган адабий тилин оңой-олтоң эле өздөштүрө койгон жок. Бул үчүн өз алдынча көп эмгектенүүгө туура келди. Анын үстүнө же дунган-орус сөздүгү же дунган тилинин түшүндүрмө сөздүгү жок болгондуктан түшүнүксүз сөздөрдүн маанисин өзүң ойлоп божомолдоп билишиң керек. Ошондуктан жаш аспирантка дунган тилин изилдеген лингвист-окумуштуулардан консультация алып турду. Төрт жыл баса эмгектенгенден кийин, эмгек текке кеткен жок. Ал СССР элдеринин адабият секторуна өзүнүн кандидаттык диссертациясын талкууга берди. Талкууга катышкан адабиятчылар жана этнографтар советтик дунгандардын адабиятын изилдөө боюнча алгачкы жышаналуу изилдөөнү жылуу кабыл алышып, жаш окумуштуу кызга алкыштарын айтышты.

Фатима диссертациясын талкуудан өткөргөндөн кийин, Фрунзеге келет да Илимдер Академиясында кенже илимий кызматкер болуп иштеп, ошону менен бирге эле, илимий эмгегин биротоло бүтүүгө кам көрөт. Ал Ясыр Шивазанын поэзиясы жөнүндө орус китеп окуучулары үчүн китепче даярдайт. Шиваза жөнүндө жазуу оңой эмес. Жазыш үчүн акындын тилинин өзгөчөлүктөрүн жакшы түшүнө билүү керек. Фатима Шивазанын лирикасынын мазмунун гана китеп окуучуларга жеткирбестен, ошондой эле анын ыр түзүлүштөрүнүн өзгөчөлүктөрүн жана бул өзгөчөлүктөр орус тилине которгондо жоголуп калышын көрсөтүү керек болучу. Ал эми бул жөнүндө эч ким жазган эмес. 1967-жылы жайында «Кыргызстан» басмасынан анын «Жаз ырчысы» деген ат менен Шиваза жөнүндөгү китепчеси жарык көрөт.

Макееванын ошондой эле дунгандардын ыр түзүлүштөрү жөнүндөгү илимий-изилдөөчүлүк макаласы жарык көрөт.

Фатима үчүн 1967-жылдын ноябрь айы эстен кеткис жана өзгөчө. Ал СССР Илимдер Академиясынын дүйнөлүк адабият институтунун Окумуштуулар советинде официалдуу түрдө диссертациясын жактайт да, ага филологиялык илимдердин кандидаты деген илимий даража берилет. Мына ушинтип дунган кыздарынын ичинен биринчи илимпоз төрөлөт.

Азыр Макееванын алдыга койгон иштери көп. Анын баарын жүзөгө ашырыш үчүн талбай эмгектенүү гана керек. Ал эми Фатима болсо бул жагынан айттырбайт. Жакынкы жылдарда анын жакшы илимий эмгектерди жазаарында шек жок. Ишиң илгерилей берсин, Фатима!





## ЖЫЛДАР ИЗИ

Сен биздин боорубуз болот экенсиң. Туулуп өскөн жериңди унутпаган чыгарсың. Ал айыл Биржан суусунун жээгинде болор эле...

Биржан деп жатышабы? Ошол акактай суунун боюнан кеткеним канча жыл болду дейсиң.— Колундагы кагазды мыкчый кармап эң алыстагы жылдардын изине түштү. Көздөрү карагаттай жайнаган энеси кадимкисиндей маңдайына келе калды.

...Силер баса тургулачы. Кайрадан кайрылып, мелтиреп агып жаткан суунун жээгине барып, кармамасынын төшүндөгү седептердин эң жакшысын кылдат үзүп алды да Биржан суусуна ыргытып койду.

— Кагылайын касиеттүү жер, өз коломтомо кайрылып келер бекемин. Сен бизди, биз сени унутпай калалы. Ушул сууну жээктеп нечен ирет балдарыма өмүр жаш тилеген күндөрүм болбоду беле. Мына эми сенден алыстап тагдыр түшкөн жерге кетип бара жатабыз. Касиеттүү тууган жер. Калкалай көр...— Көзүнүн жашы агып ошол сууну тиктеп далайга турду. Балдарын ээрчиткен Ысмайыл колундагы таягына сүйөнө жол арбыта берди. Антпегенде кантет эле. Кичине күндүн көзү көрүнгөндө жүрөгү дикилдеп маңдайынан тер шорголоп сүйлөргө да алы келбей калат. Ошончолук начар болуп калган түрүн эч кимге билгизбеген болуп тээ бир оокумга үн катпай жол арбытат. Нургүл балдарынын артынан жөнөдү. Аларга жете келип, абышкасын сүйөп өзүнүн денесинин солкулдаганын билгизбеске аракет кылды. Капырай, ушундай учурда талаа сурданып, үнчукпай жатса канчалык шумдук башка түшөт.

Тигилердин кайгысын кошо көтөрүп жаткансып, тунжураган талаанын учу-кыйрына көз жетпейт. Үмүт менен тигил бүлө алга кетип бара жатты. Балдар кантсин. Ойноп кетсе ачкалыгы билинбей секирип калышат. Үчөөнүн артынан ата-энеси жалынып-жалбарып каңырыгы түтөп, не айтарын да билбей калышат. Ысмайыл таякка сүйөнүп жолдун четинде бир аз тура калды. Нургүл өзү да эс алайын дегенсип, чөгөлөп олтура калды да, — менин ийнимди таянып турсаң, бир аз жеңилирек болорсуң.

Ысмайыл үндөгөн жок. Таянбаска айласы барбы алы куруп бара жатты эле.— Бир айылдын карааны көрүнсө баш мааналап балдарды эс алдыралычы байбиче. Жаш немелердин тарамышы тартылып алдан тайып калса бере коёр күчтүү тамагыбыз жок кашайып калбайлы.

— Менин деле оюм ошол. Балдар да таалайына жазганын көрөр. Деги сен жакшы болуп кетсең болду.

— Мени койчу, тукумум бар эмеспи. Тигил жаш балдар турмуш көрсүн, өмүр сүрсүн. Ошолор жөнүндө ойлосоң.

— Жаман сөз айтпачы. Балдарыңды атасыз алып калып кимдин көзүн каратат элем. Менин да өтүмүм жок байкуш жанмын. Андан көрө өзүңдү бек кармасаң... Нургүл солкулдап ыйлаганын билгизбегенсип жер караган бойдон кыйлага үн каткан жок. Ысмайыл аялынын жашып жатканын сезип турса да жараланган жүрөктү ого бетер калкалагысы келбедиби,— жашоого тойгон ким бар экен. Жаман айтпай жакшы жок деген сөз деле акылыңа салып жатпаймынбы. Сен дагы санаага жеңдирчү болдуң.

Жалбырактар самсаалап дүпүйө бутак керген чынарды тигилер алыстан эле мааналап келишкен. Ысмайылдын астына баягы жылдагы ушулардын айлына келин болуп жаңы келген жылы өрмөк куруп согуп алган күрөң жолдуу таарын салды. Кыйшая тур дегенсип, жаңсап койду да кыштак жакка кеткен балдарын утурлай карап басты. Караңгылыкты жарып улам жакындап келе жаткан үч карааңды болдуболбоду өзүнүн балдары экен деп ойлоду да, кобурап жалына берди.

— Апаке, бул айылда жакшы адамдар бар экен. Мен ырдап берсем казак талаасынын татынакай керимселине сеңселип жаткансыган жаш кыз тура. Үнүңдөн — дешти. Анан бизди өзүлөрү менен отургузуп тамак жедиришти. Апам, атамдар дагы айылга жете албай калды эле десем нан да беришти. Талкан да түйүштү.—Бүбүкан энесинен жооп күтпөй болгон олжосун көрсөтүп жатты. Бир туугандары так секиришип, эжесинин кубанычын кошо бөлүшкөндөй энесине эч сөз айтпай эркелей карап турушту.

— Киши болгонуңдан кагылайын. Сен да багайын дегенге жараган турбайсыңбы. Жүргүлө эми, атаңа баралы. Балдарын ээрчитип бүткүл денесин кандайдыр бир кубаныч каптагансып же бакырып-бакырып ыйлаарын болбосо каткыраарын билбей дирилдеп турду.

— Айтса бышактап каласың, мына балдарың да ушунтип сени, мени багууга жарап калды. Музоочук мүңдүрбайт деп эл бекеринен айтпасынбы. Адам болот деген эле ушул.— Ысмайыл асмандагы жыбыраган жылдызга көз жүгүртүп жанында кыйшайып жаткан байбичесинин көңүлүн жубатып, кобурап жатты. Кереэли кечке жердин үстүн аптап каптагандыктан болсо керек талаада жүрүп турган керимсел жел аргы бетке урса, эмнегедир жылуу аба сезилет. Ошентсе да күндүн көзү көрүнбөй түнкү тынчтыкты жамынып жаткан бул үй-бүлө буту-башын керип кадимкидей эс ала түштү. Балдар бырпырап таттуу уйкунун кучагына кетти белем эч кимисинин чукуранганы да угулбай калды. Мына ушул учурда күтүп тургансып Ысмайыл акырын шыбырай аялына акыл салат.

— Мен өзүмдүн алымды билем го. Ушул жерде алиги маңдайкы айылды мааналап кала берсекпи дейм байбиче. Балдарыңды күчтөндүрүп алып андан кийин мезгил күзгө тартканда жылсакпы деп ойлоймун.— Байбичесинен жооп күткөнсүп тунжураган асманды тиктеп жата берди.

— Андай дебечи. Канчалык жакшы адамдар болсо да бөтөн эл, бөлөк жерде калгандан көрө бир туугандарымды мааналайын. Күз деле мына кирип келди. Алыңдын барында жетип алалы.— Байбичесинин көгөрүп турганын байкаган Ысмайыл түнкү абадан кере дем алды да— аның да тура. Бир жагдай болбосок кыш күрөө кирип келсе кыйын го. Анда эс алалы. Таңга жуук салкын учурда жол арбытып алалы.



Бүбүкан кайрадан колундагы катты алып окууга аракеттенди. Кайсы боор экенин билүүгө ашыкты... Сен Ташкенде жашап турганда белгисиз болуп кеткен экенсиң. Ошондон бери кабарыңды да биле албадык... Бүбүкандын көзүнөн буурчактап аккан жаш колундагы кагазга таамп, жазуулар бири-бири менен кошулгансып калды. Ташкентти жазып атышабы. Терезенин айнегин ачып дене башы кысылгансып аба жетпегендей сыртка карап кере-кере дем алып, көөдөнүн баскысы келди. Сыртта жылдыздар түнкү тынчтыкка магдырап, үргүлөп уктап жаткан жашыл шаар. Ал Бүбүкан эженин шаары. Ушул шаарда жашап, ушул шаарда анын эмгек чыйыры түшкөн. Бактылуу жылдар артта калып таалайлуу карылыкка жеткен. Шаар эженин ушундай өмүрүнүн күбөсү .Өзүн канчалык алаксытайын десе да балалык учурунда жүрөгүнө да, көңүлүнө да так салган алыскы жылдар көз алдына келип туруп алды.

... Бака-шака түшкөн шаар бөтөн жерден келген адамдарды эмнегедир кучак жая меймандостук менен тосуп алган жылуулугу билинбеди. Бийик дарбазанын алдына келип Нургүл кубангандыгынан болсо керек үнчүкпай эле көзүнүн чарасы толуп кеткен жашты ирмеп алды да, менин туулган үйүм ушул. Бир туугандарым да ушул жерде. Келдик Ысмайыл, — Ошол жерде эшикти кагып далайга турбадыкпы. Дарбаза кыйчылдап, ичин көздөй ачылган соң менин көзүмө эмнегедир ушул дарбазанын ичи чакан шаардай сезилди. Бөзгө түйүлгөн чакан оокаттарыбызды көтөрүп ошо кичинекей шаарга сорулгансып заматта кирип кеткендей болдук. Дарбаза жабылган соң сырттагы ызы-чуу кыжы-кужу эл да көрүнбөй калды. Эне жүрөгү кыйынго чиркин. Балдарынын улам бирөөнө барып ары карап ыйлап, бери карап күлгөн болуп бизге бир ат сарайын бошоттуруп берди. Атам ошол үйгө киргенден тартып оболу өйдө болуп акыл-насаат айтканын да койду. Дубалды тиктеп бизге артын салып жата берет. Берген тамакты да оңдуу ичпей «балдарды тойгузчу, балдарыңа карачы байбиче» деп жылдырып коёт. Биз жашаган үйдө терезе болбогондуктан кичинекей чай чынынын түбүнө майга малып кебез жагып коё турганбыз. Кеч кире апам оор улутунду да — тигил чырагыңды басып койчу кагылайын. Атаң караңгыны сүйөмүн дейт.— Энемдин үнү дирилдеп акыркы сөздөрүн да жакшы угуза алган жок. Караңгыда эмнени көрөйүн. Андасанда гана энемдин үшкүрүгү таш жара үйдүн тынчтыгын бузбаса эчтекени деле сезгеним жок. Эртең менен карасам атам жатчу капшытта төбөсү жамаачыланган кара жоолугун бош коё берип энем отурган экен... Катыгүн ай, кайдан ошолорду эстедим. Тагдыр ар кандай болот эмеспи. Эми эмнесин кайрадан көз алдыма келтирип кайгырайын.— Бүбүкан эже кайраттанып, колундагы катты окубаган боюнча ушалап барып таштап койду. Анан дубалдын боору толгон китептердин ар бирин алып же окубай же койбой барактай берди. Эмнеси болсо да өткөн учур көз алдына бекем келип орношуп алгансып, деги бир өчсөчү.

Атамдан кийин эки бөбөгүмдүн алы кетип төшөккө жатып калат. Кол арага жараган эле мен. Эртең менен эки ийниме апкеч салып сууга жөнөйм. Кайра келсем кайра барам. Деги үйдөгүлөрдүн алын сурооого деле алым келбейт. Кеч бешим болуп калса керек. Үйгө кирсем энем эки баласын эки жагына кучактап нес болуп калыптыр. Өлүмдөн жүрөгүм калган жаным аларды кайдан жамандыкка кыяйын. Жанына жакын олтура калып кичүү сиңдимдин бетинен өптүм. Кыйналып тургандай кубакай жүзүнө тигиле карадым. Үн жок, сөз жок жада калса бетинин да жылуулугу кетиптир. Эки баласын кармап ыйлай албай турган энеме таң калдым. Ошонун эртеси энем экөөбүз эле бир үйдө жалгыз олтурдук. Ал да сүйлөбөй, жер таянып олтура берет. Мен да маңдайында үн катпайм. Көрсө апам ооруга чалдыгып, сүйлөргө дарманы келбей калган тура. Баягыда суу алсам эми тандырга токоч жасай турган болдум. Күндүн кайсы убак экени эсимде жок. Койнума ысык токоч катып алып байкуш апамды кубантайын деп үйгө чуркап келдим. Атам сыяктанып ошол капшытта жатчу эле. Киргенимде жөтөлүп, сүйлөөгө дарманы келбесе да мага башын буруп кабагын жогору көтөрүп койчу. Апакем кубанып атат деп мен да ыраазы болор элем. Бул жолу үн каткан жок. Токоч алып келдим деп жоолугун астына салсам сүзүлүп уктап кеткен адамдай ойгоно албайт. Жүрөгүмдү бирөө ийне менен сайып жаткансып денем ымыр-чы-

мыр болуп бакырып жибердим.— Өлбөйм дебедиң беле, кайда барам. Апа-а!

Беттеринин түгү чыгып ичиркенип кеткен Бүбүкан эже отура калды. Лентасы үзүлгөн фильм сыяктанып баягы нерсенин уландысы кайрадан көз алдына келе түштү.

—... Бир күнү колумдагы эки чаканы кармап, дарбазанын жанында каткан бойдон туруп калдым. Кызып байрак кармаган кыздар, балдар жакындаган сайын же чуркап барып кошула албай, же болбосо качып кете албай өзүмдү кызык сезип кеттим. Алар узаган соң чаканы коё коюп, чуркап барып катарга кошулбай коомайсып бастым. Алардын бирөө казакчалап — жетимсиңби, биз менен барбайсыңбы. Келе гой — деди. Жакшы сөздү аз уккан жаным эркелеп кеттимби чуркап барып кучактап алдым. Ошолор менен Ташкент шаарындагы казак кыздар, балдарын окута турган мектепке кирип калдым. Көрсө турмуш башка тура. Энемдей эркелетип, атамдай асыраган мугалимдерге жолуктум. Кийим кийип пионердик кызыл жагоо тагынып, баягы балдар көтөргөн кызыл байракты мен да көчөгө алып чыгып, жаңы замандын беренесин даңазалап ырдачу болдум...

Ушинтип бир кат алам деп, кап кайдагыны көз алдыма келтирип, бир капа болгонум бар эле, кызым,— деп Бүбүкан эже балпайып, мээрман эне, билгич жетекчи, мыкты дарыгер катары менин да көз алдыма тартылды. Мен ал киши менен далай жолу жүздөшүп, бүгүнкү турмушу, бүгүнкү эмгеги жөнүндө сураганым болгон эле. Эженин саамайларын аппак бубак аралап, бактылуу карылыктын мезгилин жашап жатса да күнү бүгүнкүдөй күүлү. Ал башкарган терапия бөлүмүндөгү медициналык аппараттардын деги эле жакшы шарттын түзүлгөндүгүн көрүп, эженин 30-жылдардын аягындагы Ала-Букадагы иштеген кыйын жылдары эсиме кылт дей түштү.— Доктурду көргөндө айрым адамдар качат эмес беле. Ала-Букада ошондой да болду. Шарт жок. Өзүбүз кичинекей там чүргөп алып ошол жерде оорулуу адамдарды кабыл алып дарыладык. Бири дарыгер деп жакшы көрсө бири жектей турган. Эчен ирет мазар түбүндө таң тосуп күн күзөтүп жаткан адамдар менен кошо болуп, аларга медицинанын мааниси жөнүндө түшүндүрүп дарылаган элек. Эми укса киши күлбөйбү. Мазарга кайсы дарыгер барсын.

Эже баскан жол кыйын, кыйла узак, кече жакында 1956-жылы илимий даражага жетишип, жылдар бою мээнеттенген эмгеги колуна тийди. Ал азыр медициналык илимдин кандидаты, доцент, гостерапиянын кафедра башчысы. Жаш адистерди тарбиялоодо эженин жумшаган эмгеги көп. Ал бир нече илимий брошюралардын автору. Айыл-кыштактарда иштеп жаткан жаш адистерге жардам катары «Рак оорусунун алгачкы диагностикасын коюу» жана «Ашказандын жарасына цитогистологиялык анализ жасоо» деген эмгектери атайын даярдалган эмгек. Ал жаш адистердин стол китепчесине айланып бара жатат. Мындан тышкары күн сайын өзүнүн тарбиялануучуларынан кеңеш сураган ондогон каттар келет. Бүбүкан Ахунбаева ал окуучуларына өз убагында кеңеш берип, ишине жардамдашууну адамдык милдетим деп сезет.

Адам жана анын өмүрү ушул жөнөкөй гана балпайган адамдын колунда белем-ов! Анткени качан барсаң эженин кабинетинде болбосо эже оорунун койкасынын жанында, анын ден соолугунун сакчылыгында турганын көрөсүң. Адамдар да өзүнүн өмүрүн кылдат улап жаткансып, эжеге чоң үмүт менен кайрылышат.

**Д. Мукамбетова.**



Нуркамал ыр окуп берип жатат.

## ЭЛЕСИ ЖҮРӨГҮМДӨ

Жүрөк кылдарын козгогон жакшынакай ыр саптарын окуп келип аны жазган авторун карай салсам Нуркамал Жетикашкаева деп туруптур. Ансыз да көптөн бери ошол адам жөнүндө окууну, ал жөнүндө угууну, алым келсе барып келүүнү эңсеп жүрө турган элем. Нуркамалдын татынакай поэзиясына ыраазы болуп ал адам менин жүрөгүмдөн орун алып идеалым катары жашап жаткандыгын билдирип, таанышуу максатында кат жаздым. Адамдан да ушунчалык мээримдүү көңүлчөөк адам чыгат тура. Ал Нуркамал эле. Беш-алты күн өтпөй ал кишиден кат алдым. Менин келечектеги окууma жардам берерин билгизип, каттар келген сайын жүрөгүм элеп-желеп болуп Нуркамалды көрүүгө ашыгамын.

Мээ кайнаткан Фрунзенин аптабында көчө кыдырып кетип бара жаттым. Нуркамалдын чакырык кагазын алган соң шаарга жөнөгөн элем. Азыркы XXII партсъезд көчөсү менен жүрүп олтуруп, керектүү номерди таптым. Жаагым ылдый куюлган терди сүртө албай ийнимдеги куржунумду жерге ала коюп, эшикти каккыладым. Үйдүн ичинен аялдын назик үнү угулуп, бир убакта эшик ачылды. Нуркамал менин көз алдымда жайнап турду.

— Сизге ким керек эле?

— Мага Нуркамал, Нуркамал эже керек эле.

— Кире кой анда, тартынбай эле кире бер.

Аптыгып сүрдөп калгандыктанбы, эч сөз айта албадым. Сиздин катты алгандан кийин жолго чыктым. Окуюн деген оюм бар, деген пикиримди билдирдим. Нуркамал болсо эзелтен көрүп жүргөн тааныш сиңдисиндей мени кабыл алып, сергип ал деп ээн олтургузуп койду. Менин өмүрүмө, менин тагдырыма ошол акын аялдын таасири көп тийди. Жогорку окуу жайына документ даярдап, аракет кылып жүрүп мени Кыргызстан мамлекеттик педагогиялык институтуна окууга киргизип койду. Нуркамалдын таасириби болбосо ошол акынды жүрөгүмө өзгөчө жакын көргөндүктөнбү, мен дагы поэзия дүйнөсүнө аралашып ыр жазууга далалаттанып жүрдүм. Жазган ырларымды окуп көрүп кээ бирде ушунчалык көңүлүмдү калтыра кесе айтып салса, кээ бирде сенде поэзиянын керемети бар. Көп окугун. Эмгектенүүдөн

талба. Эмгек адамдын атын чыгара жүзүн жарык кылат эмеспи дей турган.

Нуркамалдын пейли кенен, жүрөгү таза ак көңүл экендигин улам жакындап таанышкан сайын билдим. Ал учурда республикалык газета, журналдардын беттеринде Сатиндин да ырлары көп чыга турган. Кээ бир учурларда биздин ырларыбыздын өзүнүн көңүлүнө жаккандарын тандап алып редакцияларга эрчитип келүүчү. Сатинди да өзүнүн эң бир жакын сиңдилериндей көрүп, көңүл бөлүп, чыгармачылыгына дем берүүчү.

Ар качан Нуркамалдын адамдын жан дүйнөсүнө кандайдыр бир керемет шоокум сепкен сиген ырларын окуган учурда анын бакыракай мээрман жүздөрү көз алдыма келе түшөт. Нуркамалдын өмүрү жана чыгармачылыгы гүлдөп турган учурда ажал арабыздан бөлүп кетти. Ошентсе да күнү бүгүнкүдөй Нуркамал биздин жүрөгүбүздө жашап жатат. Анын татынакай ырлары, таасирдүү сөздөрү кызыл жүздүү кыргыз кызынын элестерин кайрадан жараткандай. Кыргыз поэзиясындагы кыргыз кыздарынан чыккан алгачкы Карлыгач акыныбыз Нуркамалдын ырлары, сезим башатынан жаралган сергек поэзиянын катары биздин жүрөгүбүздө.

**Ж. Сулайманова.**







## ТЕНТИ АДЫШЕВА

### КУРБУЛАР

Гүл элек гүл бакчада бирге өскөн,
Күлүндөп гүлгүн жаштык беттен өпкөн.
Эскерип элесине байланабыз
Ээрчишип мезгил менен кошо өткөн.

Курбубуз кучакташып эркин өскөн,
Эркелеп элибизде бойго жеткен.
Кылчактап кыз мезгилге кайрылабыз
Кылактап кыр артына калып кеткен.

Көңүлдөн көктөм жашың кетпес белем,
Этектеп элүү, алтымыш жеткен менен.
Курбулар бир-бирине дайым жаштай
Кыярып саамайлары кеткен менен.

Жүрбөсө мойундашып курбу-курдаш,
Кызыгы бул өмүрдүн болбос экен.
Жаш кетип барган сайын жакын тартып
Башкага анын орду толбос экен.

### МЕНИН СҮЙГӨНҮМ

Адамдар менин сүйгөнүм,
Адамдар үчүн бүрдөдүм.
Жыпарым чачып багында,
Кызыл гүл болуп гүлдөдүм.

Сен үчүн күндө жасанып,
Кулпунуп үкү каданып.
Өмүрдү келем тизгиндеп,
Жашоодон кетпей жаданып.

Жылынып сенин демиңе
Жылуулук мен да беремин.
Жапаны чегип жабыксам
Жалооруп сага келемин.

Адамдар сени сүйөмүн,
Силер деп согот жүрөгүм.
Эгерде адам болбосо,
Ким билет кимдер жүрөрүн.

Жашоонун көрүп жыргалын,
Жанаша жүрүп ырдадым.
Эгерде адам болбосо,
Кимдерге менин ырларым.



## ЖАЗУУЧУ ЖАНА ЖУРНАЛИСТ

Кыргыз элинин өткөн дооруна көз жүгүртүп, ак чач энелерибиздин баштан кечирген кыйын тагдырларын көз алдыга элестетип, анан мындан элүү жыл мурда аял затына башталарга караганда жүз эсе, миң эсе нурдуу тийген Октябрь революциясынын күнүн эске салганыбызда, дал ошол улуу күн менен кошо жарык дүйнөгө келген аялдардын бактысына суктанбай коё албайбыз. Мына ошондой бактылуу аялдардын бири — Айым Айтбаева.

Совет бийлиги жол ачып берген прогресстин улуу сересине умтула башташкан кыргыз кыздарынын бири болуп Айым Айтбаева да 1930-жылы Ленинградга барып, Герцен атындагы пединституттун алдындагы төрт жылдык улуттар мектебинде окуйт. Андан ошол эле институтка өткөн кезде ооруп калып, Кыргызстандын пединститутуна которулат.

А. Айтбаеванын чыгармачылыкка кызыгуусу мына ошол 30-жылдардын ортосунда башталат. Анын балдарга арнап жазган «Кара балапан», «Биринчи мектеп» деген аңгемелери 1936-жылы «Кыргызстан пионери» газетасына жарыяланат. Анын «Сүйүү өлбөйт» аттуу повести болсо «Ала-Тоо» журналына 1958-жылы жарыяланды.

«Сүйүү өлбөйт» повестинде автор кыргыз кыз-келиндеринин жыйырманчы жылдардагы жүргүзгөн күрөштөрүн, аракеттерин көрсөтөт. Ал тез эле «Турмуш чакырат» деген ат менен орус тилине которулуп, орус окуучуларына тартууланды. А. Айтбаеванын бир кыйла аңгеме, повесттери жарык көрдү. Айрыкча анын «Сырдуу коңгуроо», «Торсогой», «Атанын жагоосу» повесттери, «Эне кирпи», «Турумтай», «Төөгө минген музоо» сыяктуу аңгемелери жаш жеткинчектердин сүйүктүү чыгармаларынан болуп калды.

Жазуучунун көрүнүктүү чыгармаларынын бири «Тамчы кан» романы. Бул роман өзүнүн идеялык-көркөмдүк жактан сөзгө алууга татыктуу жазылгандыгы менен окуучулардын көңүлүн өзүнө тартат.

Айым Айтбаева көп жылдар бою «Советтик Кыргызстан» газетасында адабий кызматкер, бөлүм башчысы, «Кыргызстан пионери», «Ленинчил жаш» газеталарынын редактору болуп иштеген. Азыркы күндө «Кыргызстан аялдары» журналынын жооптуу секретары. Анын калеминен бир канча очерк, фельетон, публицистикалык макалалар жаралган.

Жазуучунун кийинки эмгектеринин бири «Кечиккен кат» повести. Бул повестте да автор бүгүнкү күндөгү шаардык аялдардын турмушун көрсөтүү менен, кандайдыр бир деңгээлде «Тамчы кан» романдагы тематикалык линияны уланткан.

Айым Айтбаеванын көп жылдык коомдук ишмердиги, журналистикалык жана жазуучулук эмгеги өкмөт менен партия тарабынан жогору бааланып, ал «Ардак белгиси» ордени, «Эмгектеги каармандыгы үчүн», «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн» медалдары менен сыйланган.

**К. Артыкбаев.**



## КҮМҮШ СУРАНОВА



Адамдын баскан жолу укмуш. Не бир көп кырдуу татаал. Береги тоо кызы да татаал жолду басып өттү. Ал көп жылдардан бери миң түрлүү сыры бар чарбанын жетекчиси. Колхоздун башкармасынын председатели. Бош убактысы болгондо жүрөктөн чыккан татынакай ыр саптарын жаратат. Бул ыр Күмүш Сурановдын ыры.

### КЫРГЫЗ ЭЛИМ

Ала-Тоом айланайын келет дегим,
Ажайып берекелүү менин жерим.
Бей тааныш болсо дагы келе кой деп,
Кымызын эки колдоп сунган элим.

Атыңдан айланайын кыргыз элим,
Түгөнгүс алтынга бай сенин жериң.
Меймандос, кичипейил, сылык мүнөз,
Мээримдүү тамашакөй келиндериң.

Кубулжуп кыяк тартып, комуз черткен,
Күн санап албан-албан эмгек эткен.
Өркүндөп өнүгө бер улам алга,
Кубанам, коммунизмге эрте жетсең.

ЗУУРА СООРОНБАЕВА

# ЭНЕ

(н о в е л л а)



— Алдыңа кетейин, бешик бооң бек болсун. Билгендей убагында келиптирсиң ырас. Жийдешиңдин аман-эсен көз жарып, эки колун бооруна алып алганы жакшы кеп болбодубу! Байкуштун өзүнөн курсагы чоң эле. Эгиз төрөр бекен деп жүрчү элем.— Эне баласынын колунан өптү.

Жигит толкундаганын басалбай, жадырап-жайнады.

— Өзүм баланын атасы, Жийдегүлүм баланын энеси болдубу, чын эле? Капырай, мен эмне болуп турам? Же биринчи балалуу болуу ушундай кубаныч болобу?! — деп ойлоду Капар ичинен.

Калыйкан кайын энесинин сөзүн бөлдү.

— Э, кагылайын жарыктык, мырза баланы бешик бооң бек болсун деп кандайча айтып жатасыз? Жийдегүл кыз төрөсө да, эркек төрөсө да бизге беришмек эмес беле, булар. Өздөрү бала туруп баланын азыр эмне кереги бар экөөнө. Кара кылды как жарган калыс кайын эне болсоңор бешик бооң бек болсун деп менин көңүлүмдү улап койсоңор эмне болот эле?.. Мунун баары жанакы жамандын жамандыгынан да...

— Э ажылдаган кудай төбөңдөн аткыр, сага бирдеме деп жаман-жакшы айткан киши барбы. Алсаң аларсың, албасаң каларсың. Капашты бешик бооң бек болсун деп айтты деп өлүп кетчүдөй өкүлдөй турган кимсиң өзүң?! Же Капаштын балалуу болгону, Жийдегүлдүн төрөгөнү жалган беле?! Ала кушту атынан чакыр дегендей, бакмактан андан аркы кылсаң да, эл Капар менен Жийдегүлдүн баласы эле дейт...

Капар жеңесине ак да, көк да деген жок. Ал айтканынан кайтпаган, өз оюн өзгөгө бербеген, бейжай ургаачы. Кырктын кырына келгенче согончогу канаган жан эмес. Калп же чын экенин аныктап билген киши жок. Айтор үч жолу боюма болсо, үчөө тең түшүмөн чочуп түшүп калды деп жүрөт. Күйөөсү болсо аялынын сөзүнө «курандай» ишенет. Анын маңоолугунан пайдаланып, Эсенканды кыңк дедирбей бийлеп алган.

Капар унчукпаган калыбында жөнөп кетти...



Жапжаш туруп Жийдегүлдүн баласаактыгын байкаган Капар ага-жеңесинин сөзүн колуктусуна жаңыртып айткан жок. Ал балага болгон өз жүрөгүн, өз сүйүүсүн колуктусунуку менен салмактап таразага салып да көргөн учуру болду. Бирок жаш эненин балага болгон сүйүүсү өзүнүкүнөн күчтүү алоолоп, жалындап турганын байкады. «Эне чиркин бир гана бала үчүн жаралган, бала үчүн жашаган керемет экен го» деп ойлонот ал. Жалгыз агасынын көңүлүн калтырып, баласын бербейм деп айтуу колунан келеби же жокпу, ага да көзү жетпейт.

Капар ушинтип эки ойлуу болуп жүргөн кезде ага-жеңеси Кубатты сурап келип калышты.

Үй-бүлөнүн ынтымак-ыркынан чыга албаган Жийдегүл үч айлык уулун аларга кармата берип бозала болуп кала берди.

Бала деген бала да. Ал карыга да, жашка да бирдей ысык, бирдей ыйык. Жийдегүл канчалык алаксыйын, канчалык унутайын десе да кичинекейи уктаса түшүнөн, күнү бою оюнан кетпеди. Эки эмчегин ийнине чыга сүт тээп чыкты. Эмчеги зыркырап, оорусу күчөгөн сайын жүрөгү кошо сыздайт. Убакыттын өткөнүнө болбой үрптөрүнөн сүт дирилдеп кетет. Ансайын келин көз жашын төгөт. Кубатты сагынат. Жанын коёрго жер таппай кетет. Эки колун батыра албай кайпактай берет. Баласынын артынан куштай учуп жеткиси келет... Айласы жок...

Күйөөсү экөө отпуска алышты. Жакында айылга барышат.

— Мен үйгө эң биринчи эле Кубатым үчүн бара жаткан сыяктанам, Капаш. Аны сагынгандай эч кимди сагынып көрбөгөндөй болом. Боорума кысып, моокумум кана өпкүм келет. Ар дайым чогуу болууну эңсейм. Кубатка эне болгондон бери жүрөгүм жалгыз гана бала деп сого турган болду. Айтчы, уулубуз мурдагыдан өзгөрүп чоңоёюн деп калды бекен? Сен эмнеге мени мындай жактырбагандай суроолуу тиктейсиң. Же мени жаман көрүп турасыңбы? Мейлиң, жаман көрсөң да, жакшы көрсөң да өзүң бил. Кубат үчүн мен баарына кайыл болуп турганымды түшүнчү жаным. Стулда олтурган күйөөсүнүн мойнунан орой кучактады.— Сен балаңды сагындыңбы? — Капар колуктусуна сыр билгизбей, башын чайкамыш болду.

— Жийдеш, сен али бала бойдон окшойсуң ээ?!

— Эмне үчүн антип айтасың?

— Кубат эми экөөбүздүн балабыз эмес да. Үйгө барганда мага айткан сөздөрүңдү аларга угузчу болбо. Жеңемдин туубаса да тутунган уулу эми Кубат. Мынчалык бербесек болот эле, бергенден кийин...— Кучактап турган колуктусун маңдайынан сылады.

Жийдегүлдүн дени суу сепкендей муздай түштү. Капысынан бирөө төбөгө муштагандай селт этти. Келиндин көз жашы Капардын төшүнө куюлуп жатты...

Айылга келгенден бери чыракдандын жарыгын айланып учкан жетим көпөлөктөй болгон Жийдегүл Кубатка имерчиктеп, убактысынын көбүн кайынагасыныкында өткөрөт.

...Баланы уктатып коюп Калыйкан бир жакка чыгып кетти. Үйдө өзүнөн башка киши жок эле. Жууган кирлерин жаңыдан чайкай баштаган кезде төркү бөлмөдөн баланын ыйлап жатканы кулагына шак дей түштү. Кандай шылтоо таап, баласынын жанына барып бир өбүүнү эңсеп турган келинге жол ачылды. Жүрөгү бирде кулундай туйлап, бирде сааттын маятнигиндей тырсылдап көөдөнүн ургулай баштады. Сыгып жаткан кирин таштай коюп, кичинекей уулу уктап жаткан бөлмөнү көздөй жүгүрдү. Ал жаңы гана баланын жанына жеткенде тышкы эшик кыйч этип, бирөө кирип келаткандай болду. Жийдегүл демин ичине алып бир паска токтой калды. Айлана жымжырт. Тек гана коркконго кош көрүнүп жаткан сыяктуу. Эненин мээримин элжиретип, жалгыз гана Кубаттын ыңаалаган үнү үйдүн ичиндеги тынчтыкты бузат. Жийдегүл андан ары чыдай алган жок. Анын энелик жүрөгүн дагы бир кичинекей жүрөк өзүнө чакырып жатты. Ал уулунун жанына кандай учуп жеткенин, аны колуна кандай алып, бооруна кандай кысканын өзү да сезбей калды. Баятадан бери жаш эненин ыйык жыты гана жетишпей жаткансып үнү тып басылды. Жийдегүл боргулданып катуу тердеген баласын желдете кармап, жазы маңдайына чыпташкан капкара жумшак көкүлүн ипичке манчалары менен артка сылады. Азыр эле катуу жааган жаанга

жуунуп мөлтүрөй түшкөн кожогаттай жоодураган Кубаттын капкара көздөрүнөн көз албайт.— Эткен татынакай бала болгон! Торолуп, көзгө көрүнөйүн деп калыптыр байкушум. Жийдегүл анын өңүнүн бир жерин Капарга окшоштурса, бир жерин өзүнө окшоштуруп турду. Кубат колдорун Жийдегүлдү көздөй сереңдетип талпынып, үн сала баштады. Ансайын энелик таза махаббаты жети кабат асмандын туу чокусунда желбиреп, төбөсү көккө тийип турду. Келиндин эрди Кубаттын болтойгон жумшак ууртуна алмак-салмак жабышты.

Жийдегүл абысынын байкаган эмес. Калыйкан бутунун учу менен дабышын чыгарбай аста басып келип, эчактан бери эне-баланын ээнэркин ээлишип жатканын көрүп, ачуусуна чыдай албай титиреп турган болучу...

— Тузум урсун сени!

Келин үн чыккан жакка селт эте жалт бурулду. Чекир көздөрү кайнап, каны ичине тартып, калч-калч этип, өң-даалаттан кетип турган абысынын көргөн Жийдегүл бакырып жиберди . Бала колунан ыргып кете жаздады. Келини Калыйкандан бир чети корксо, бир чети уялып турду. Ансайын аялдын кара жиндери кармап, долуланды.

— Балаңдын башына сийейин сетер, балаңды алып кет. Сенин балаң экенин билдим.

— Кечир жеңекебай. Мен тим эле ыйлап жатканын...

— Ушундай болоорун билгем. Төрт ай алышкан кайран эмгегим.

Ал өз башын өзү ургулап: — Оо, шордуу башым, өз маңдайыма жазбаган бала үчүн эмнеге жыртылдым экен? Өзөгүмдү өрттөдүң го канчык! Кудайдын көзү жок көр, кулагы жок дүлөй, ушул сага окшогон шайтанга берген баласын менден аяды го.

— Жеңе!

— Жеңенин балакетин албай чык үйүмдөн.

— Каалабасаңыз кетейин.

— Ала кет балаңды. Мен баласыз эле күн көрөм.

— Албайм. Ал менин балам эмес.— Бул сөз Жийдегүлдүн көөдөнүнөн кыйналып жатып, күч менен зорго чыкты.

—Ыя де, түлкүдөй мант бергенин, балаң болбосо аны эмнеге өптүң, эмнеге жыттадың, эмнеге жалындың?

— Сиздин балаңызды өбүүгө болбойбу?

— Болбойт. Баса, булар ушул убакка чейин эмнеге жентектебей жүрөт десем, өз балаң үчүн бизди теңиңе албай, бучкагыңа теңебей жүргөн турбайсыңбы ээ.

— Э шумдук, ойго келбеген сөздү табат экенсиз.— Жийдегүл кетмекчи болуп баскан-да Калыйкан анын жолун торой басты.

— Алып кет дейм балаңды.

Келин чыйрала түштү. Ал Кубатты чыны менен эле алып кетүүгө бел байлап келип, эртеңки ага-ининин ортосундагы үзүр-мазыр сөздү ойлоп, эрдин тиштеп токтой калды. Жийдегүл көргөн көзүнө ишенбей турду. Бир убакта жөжөнү чеңгелдеген кулаалыдан бетер Кубатты каруудан салаңдата аткый кармаган Калыйкан келинди көздөй ыргытты. Жаш эне баланы бүткүл денеси менен топтой тосту.

— Сени эриңе айтып бетиңди тилдирип туз салдырбасам элеби... Аял үй жаңырта кыйкырып, келиндин артынан атырылып чыкты. Ал жолдун боюна олтура калып Жийдегүлдү каргап-шилеп, өкүрүп-өксөп көк чөптү жулуп көбүрүп-жабырып жатты.

Жийдегүлдүн оозуна сөз кирбеди. Муунумуунуна тийбей калтыраган жаш эне Кубатты бооруна кыскан бойдон артына карабай жүгүрүп баратты.





ҢИНАКАН ЖҮНДҮБАЕВА

**ЖЫЙЫРМА БЕШ ЖАШ**

Уулумай,

Ыраазымын. Кечир мени,
Сезбепмин жыйырма бешке толгонуңду.
Мекендин дипломун колуңа алып,
Атаңа орун басар болгонуңду.
Калкыңа өтөр милдет, басар жолуң,
Канча экен,
Кана айтчы болжодуңбу?

Уулумай,

Мен көрбөгөн же укпаган,
Сен киер кийимдер көп желге учпаган,
Шамалдар терезеңди чебер чертип,
Сулуу күн нурун сунат назик бөртүп,
Ошондо,
Эң биринчи кунт коёруң:
Күндөгү калыстыкты үйрөн боорум...

Уулумай,

Жаз гүлү жабалактап сени тиктейт,
Сары күз түшүмдөрүн дагы жүктөйт,
Магдырап,
Жыпар жытка, мартчылыкка
Ошондо,
Жаз мелдешин кечээн укпа...
Аралап мартчылыктын бай базарын,
Үйрөнгүн күз пейилин кой назарын.



СУБАЙЫЛДА АБДЫКАДЫРОВА



**АК КӨЙНӨГҮМ**

Кайран гана ак көйнөгүм,
Далайды эске саласың.
Эп этип желге делбиреп,
Жаштыгымды алып учуп кетчү элең.
Кылгырышып көздөр сага элжиреп
Жакшы ырдай жанга таасир этчү элең.

Театрга сени гана кийчүмүн,
Аппак жууп бырышын таптап жатып,
Эмки болчу үлпөткө сактап катып.
Эң аяычтуу кийим илгичке илчүмүн
Кол тийгизбей, чаң жугузбай бапестеп.
Башкасы бир, сени гана билчүмүн.

Эми сен бут аарчыгыч чүпүрөксүң,
Бир кезде кол жетпеген жерге катсам.
Чаң болуп босогодо жатып калсаң,
Эшикке ыргыткыча эми шашам.

**АБЫСЫНДАР**

Абысындар, абысындар,
Бириң Көлдүн кызысың.
Бириң Төрдүн кызысың.
Бириң Оштон келгенсиң,
Бириң Чүйдөн экенсиң.

Ким билиптир, силер минтип —
Баш кошорду бир үйгө.
Бириң — жеңе, бириң — келин
Улуу, бириң кичүү үйдө.

Абысындар, абысындар
Ага-ининин жарлары.
Өзүмсүнткөн жолдошуңар
Бир кишинин балдары.

Силер башка, силер бөлөк,
Аныңарда талаш жок.
Бөлүп кээде кеткениңер
Ортолорго салат чок.

Абысындар, абысындар,
Достугунан жоосу көп.
Бөлүшө албай энчилерин
Ынтымактан доосу көп.

Көзү тойбойт абысындын
Алсам эле деп турат.
Ага-инилер боор тартып,
Барсам эле деп турат.

Абысындар, абысындар,
Бир башкача жансыңар.
Кереп-матап керейишип,
Кана, жеңди кайсыңар?

## МАЙРАМКАН АБЫЛКАСЫМОВА



Бүткүл союздук Ленин комсомолу
атындагы сыйлыктын лауреаты

### МЕКЕНИМ

Жумшай көрбө күрөштүн майдасына,
Күрөшпөй эле жеңилип берейинчи,
Андан көрө кырчын тал жолго чыгып,
Азабыңан мен карып келейинчи.

* * *

Эсептелбей иштин өйдө-төмөнү,
Не байлыктын турмуш жайдын көлөмү,
Туташтырып аралыкты турган жок
Экөөбүздү, адамдыктан бөлөгү.

Не ийгилик, же кырсыктын жолунда,
Же көңүлдүн жылуусунда, тоңунда.
Ичиркентпес, силкинтпес да, кемитпес,
Адамдыктын бар белгиси колумда.

Жашоо чиркин, сенин сүрдүү өңүңөн,
Мен да сүрдүү, мен да жумшак көрүнөм.
Амалдуулар тегеретип чайкаса,
Сен төгүлсөң, мен да кошо төгүлөм.

Өтөт күндөр жакшысына жашартып,
Жаманында коёт жонго таш артып.
Зээни менен азабына чыдасаң,
Көөдөнүңдү, көңүлүңдү тазартып.

Келет күндөр жаралгандай бактыга,
Жетилчүүдөй жеңилчүүдөй баштууга.
Ошондуктан коно бербестиги бар,
Ырыс, таалай адам эле аттууга.

* * *

Боорукермин, бир алдооң баштан өткүчө,
Сыйчылмын мен, сен сыйрышып кеткенче.
Жумшакмын мен, бир-экини кечирем,
Ортолорду чагылган жарып өткүчө.

Анан кайра кабарлашпайт жакшылык,
Көңүлдөрдү көпкө кетет таш кылып.
Анан менин зоо экеним сезесиң,
Ала албайсың ок атып да жаш кылып.

Кеткен сынык ширетилип бекибейт,
Жакшы күндөр жанаша албай жетимдейт.
Тетир чалып чатышып калган көңүлдөр
Майласаң да, сүттөсөң да чечилбейт.

Ошону үчүн мен өзүмдү сактаймын,
Ошону үчүн мен өзүмдү барктаймын.
Көп оку да, көп сакта да сен мени,
Мен ошондой көп жазылган каттаймын.

### ИШЕНИМ ДАЙЫМ ЖҮРӨКТӨ

Талкууладык адамдардын мүнөздөрүн,
Ар кимдин ар бир башка — күрөштөрүн.
Кээ бирөө жер таянып өзү турса,
Кээсинин жөлөп турган тирөөчтөрүн.

Сен менин көз алдыма — тагдырыма,
Сен менин ойлорумдун баардыгында.
Оңдурбай, арыктатпай багып жүрөм,
Өзүңдү, жүрөгүмдүн байлыгында.

* * *

Канчага? Кандай ишке келишпедим.
Не болсун, нелер үчүн тең иштедим.
Колумда кармап жүргөн маягымдай
Ар түркүн суроолордо сени издедим.

Ошондуктан, ким кантип, өмүр күтөт,
Ким үчүн кайран күндөр калат түтөп,
А кимдер келет экен кылымдардын
Ураган кирпичтерин өзүнчө бүтөп.

Таарындымбы? Таарынбады жүрөктөр,
Таза бойдон, ысык бойдон тилектер,
Тааныштарга жылуу сезим туш берип,
Жанаша экен, дос колунда сүрөттөр.

Ойлор менен, бирге албас аралык,
Бириктирген таасири күчтүү балалык.
Бул жашоонун агып жаткан агымын,
Эки башка терезеден карадык.

## ГҮЛСАЙРА МОМУНОВА



### АЯЛ ЗАТЫ

Аялдар турмуш жолун сүйгөн жанбыз,
Мээрман балага эне, эрге жарбыз.
Артынып мойнубузга өмүр жүгүн,
Дүйнөгө чоң иш менен келген жанбыз.

Сүйөбүз ааламдагы сулуулукту,
Сүйөбүз мемиреген жылуулукту.
Көтөрүп колубуздан бала өстүрүп,
Табигат бизге берген улуулукту.

Сүйөбүз дүйнөдөгү кубанычты,
Сүйөбүз ынтымактуу кол алышты.
Эр жетип эркин өсүп балдарыбыз.
Сүйөбүз бой тирешип бир басышты.

Аялдар көп сыноодон өткөн жанбыз,
Энебиз адам уулун өпкөн жанбыз.
Жасаса ошол уулуң бир чекилик,
Сызылтып көздүн жашын төккөн жанбыз.

Сүйөбүз — көктө калкып ай сызганын,
Сүйөбүз—дайым күлүп күн чыкканын.
Таң менен шаңга батып гүл бакчада,
Сүйөбүз булбул таңшып унчукканын.

Аялдар сакчысыбыз тынчтык туунун,
Биз үчүн кереги эмне ызы-чуунун.
Адамга суук тумшук көргөзбөйлү,
Өзүбүз төрөп берген тынчтык уулун.

Эргийли айкын жолдо алга жөнөп,
Эрийли элге тынчтык уулун төрөп.
Алдейлеп өстүрөлү адам уулун,
Акыйкат бешигине эркин бөлөп.

## СЫР

Жалбардың, мен тартынып каада күттүм,
Сүйсөм да ал сезимди ары түрттүм.
Да бир аз зарылсын деп, жалынсын деп,
Жашырып чын сырымды чыдап туттум.

Сен болсо эрип жатып агып бүттүң,
Көп күтүп, аз калганда үмүт үздүң.
Мен болсо чыңга чыгып карап турдум,
Салбырап жетер кезде кулап түштүң.

Атайын турган элем бийик конуп,
Сүйүүбүз калсын үчүн бийик болуп.
Опоңой арзанга алган чапанга окшоп,
Сүйүүбүз калбас үчүн эрте оңуп.

Да бир аз зарылганда билинмекмин,
Мөмөдөй мен да сага ийилмекмин.
Агынан аңтарылып иштеги сыр
Алдыңа ак чатырдай тигилмекмин.

Да бир аз жалынганда көрүнмөкмүн.
Үстүңө ак жаандай төгүлмөкмүн.
Айныбас ал сүйүүңө башымды уруп,
Алдыңдан аппак таңдай сөгүлмөкмүн.

## ТИКТЕШИП КОЮП ЖҮРӨБҮЗ

Кызыга карап ойлонгон,
Кыялы жүрөк толгогон.
Кылгыра тиктеп эмне айтмак
Кылыктуу жигит оңбогон.

Жанымдан чыкпай бойлогон,
Жүрөккө кирип жойлогон.
Жалжылдай тиктеп эмне айтмак
Жароокер жигит оңбогон.

Карабас ойго койбогон,
Күлдүргү сүйлөп болбогон.
Күлмүңдөй тиктеп эмне айтмак
Күйдүргү жигит оңбогон.

Шылдыңдап кокус жүрбөгүн.
Сүйбөсөң жеңил күлбөгүн.
Чечилип өзүң айтпасаң,
Чыныңды кайдан билейин.

Сүйлөсөң кээде чеченсиң,
Сүйүүгө сараң экенсиң.
Баржалактаган оңбогур
Баркыма жетер бекенсиң.

Чагылып көздөр күнөөсүз.
Тим эле кээде күлөбүз.
Азырынча тил катпай,
Тиктешип коюп жүрөбүз.

## МЕН ҮЙҮМӨ ЭРТЕ ЖЕТЕЙИН

Оо, адамдар, жол бергилечи,
Мен үйүмө эрте жетейин.
Уулум күтөт анда апалап,
Мотурайган секет кетейин.

Автобустар, келгилечи тез,
Мен үйүмө бачым барайын.
Отургандыр умсунуп коюп,
Эрбеңдеген жаным чабайын.

Кадамдарым чимирик болуп,
Мен үйүмө шашып барамын.
Жатат бекен кайдалап ыйлап,
Көздөн учуп менин каразаным.

Сыртым токтоо, эзилип ичим
Алиге мен жолдо жүрөмүн.
Бөбөк көзү тинтет үй ичин,
Учуп жетти менин жүрөгүм.

Ал деп мага өзүн ыргытар,
Адатынча кош колун сунуп,
Бул дүйнө кетер көңүлдөн учуп
Сезимдер жалгыз шаттыкка тунуп.





Ширманхон Жороева ролдо.

## ПАРАНЖЫ ЖҮЗҮН ЖАШЫРГАН

Жаңы эле калыптана баштаган өзбек театрынын бир топ өкүлдөрү борборго жөнөштү. Алардын арасында паранжычан Ширманхон да бар эле. Кашкар-Кыштакка жакындап калган. Аптап мээден өтүп, ансыз да адамдын деми кыстыгат. Жүзүн жапкан капкара торчонун артында жаш келин боргулданып төмөн кулаган терин сүртүнөт. Бир мезгилде жанынан өтүп кеттиби, паранжысын сыйрып таштады. Чөйчөктөй капкара көздөр жайнап, сүйкүмдүү көрүндү. Ошентип, Ширманхондун паранжысы Кашкар-Кыштактын четинде калган.

Андан бери далай жылдар артта калды. Ошондогу кичинекей Ширманхон азыр 50 дөн ашып, искусствонун белсемдүү адамдарынан болуп калды. Өзбек музыкалуу драма театрында «Ажал ордунда» пьесасы коюлганда Зулайканын муңдуу энеси Бурулкандын ролун ойногон. Бүгүнкү күнгө чейин Ширманхон Жоробаева сахнага алып чыккан «Адолаттагы» эненин образы көрүүчүлөрдүн көңүлүндө.

Театрга жаңы келген жаштар Ширманхон апанын эмгекчилдигин баалашат. «Алгачкы паранжы сыйрыган кайраттуу адамыбыз» деп сыйлашат.





# САХНАНЫН ЖЫЛДЫЗЫ

1930-жылдардын орто ченинде Бейшеналы кызы Бүбүсара жаңы эле онго кадам койгондо шаарга ээрчитип жөнөдү. Кантсе да калаадан билим алсын деди өңдөнду. Таш-Төбө айлы Фрунзе шаарынан анчалык алыс болбогондуктан кыздын энеси абышкасынын айтканына каршы болгон жок. Ошентип атасы шаарга келди. Кайсы бир тааныштары мына бул үйдө интернатка балдарды кабыл алып жатышат дегенинен улам, эмнеси болсо да алпарып көрөйүнчү деп Бейшеналы ошол жакка кайрылды. Ал жердегилер Бүбүсараны көрүп, кабыл ала тургандыктарын айтышат. Атасы Бүбүсараны алар башка жакка алып кетерин, ал окуй турган мектеп Нева дарыясынын боюндагы Ленин шаарында экендигин кайдан билсин.

Ленинграддагы хореографиялык окуу жайына Бүбүсара менен бирге кыргыздын дагы бир топ жаш кыздары менен балдары барып окуп калышты. Алар али бейтааныш балет, хореография, па-де-де... жана дагы-дагы ушул сыяктуу сөздөрдү уга башташты.

Бир күнү 1-класстагыларды «Уйкудагы сулуу» балетине алып барышты. Алар балет дегенди биринчи жолу көрүштү. Аларды ээрчитип барган аял: — «Силер да бир кезекте ушинтип бийлейсиңер» — деген.

— Кантип эле биз да качандыр бир кезде ушинтип бийлээр экенбиз,— деп ойлогон ошондо Бүбүсара.

Ошентип, окуп жүргөн кезде Бүбүсара сахнага чыга турган күн да келип жетти. Адегенде «Щелкунчик» балетинде өз курбулары менен чыкты. Андан соң «Коппелия» балетинде балдар мазуркасын бийлешти. Анан кыргыз балдарына «Уйкудагы сулуу» балетиндеги «Балдар вальсын» бийлөөнү тапшырышты.

**Дагы бир укмуштуу учур:** Галина Уланованын искусствосу, алгачкы жолу аны менен таанышуу. Советтик эң мыкты балерина түзгөн Одетта-Одилия, Джульетта, Жизель... Ар нерсени баамдагыч жана таланттуу Бүбүсара үчүн чыныгы «хореографиялык университет» болуп калды.

Окуу жайын бүтүрүп чыгуу концертинде Бүбүсара башкалардан айырмаланган окуучу катары «Раймонда» балетиндеги «гран-паны» бийлемек. Ал акыркы жоопту экзаменге көңүлү көтөрүлгөндүк, эргүү менен даярданды. Бирок бүтүрүп чыгуу корутунду концерти болбой калды... Каардуу согуш башталды...

Хореографиялык окуу жайынын Кыргызстандан барган тарбиялануучулары өз республикасына келери менен опералык театрдын балеттик труппасына киришти. Театрда кыргыздын «Анар» аттуу улуттук балети коюлуп, Анардын партиясын жаш Бүбүсарага зор ишеним менен тапшырышты.

Таланттуу кыздын ийгилиги ар бир спектакль сайын ачык көрүнүп, аткаруу чеберчилиги улам өсүп келаткандыгы байкалды.

Бүбүсара согуштан кийин Ленинградга кайра барып окуу жайын бүтүрүп келери менен опера театрынын сахнасында эки партияны — «Бахчасарай фантанындагы» Мария менен Зареманын образын кыргыз көрүүчүлөрүнө тартуулады. «Ак куу көлүнөн» Одетта-Одилиянын партиясын зор ийгилик менен аткаргандан кийин Бүбүсара Тао-Хоа, Лауренсия, Джульетта, Франчески да Румини, Раймонда жана дагы башка көптөгөн партиялар менен сахнага чыгып, көрүүчүлөрдүн көңүлүн бурду.

Бийчинин өзүнүн сүйүктүү партияларынын арасынан кыргыз фольклорунун каармандары Анар менен Чолпон. «Чолпон» балетинде Бүбүсара адегенде назик, бир аз сентименталдык мүнөздөгү Чолпонду бийледи. Азыр болсо мастан Айдайдын образында Бүбүсара көрүүчүлөрдү өзүнө тартат. Ал балеттин негизинде тартылган «Чолпон» фильми Европа менен Азиянын кыйла өлкөлөрүн кыдырды.

Кыргыз искусствосу менен адабиятынын Москвада болуп өткөн экинчи декадасынан кийин Бейшеналиева советтик искусстводогу эң жогорку наамга — СССРдин эл артисткасы деген наамга ээ болду.

Сахна жылдызы Токтогул атындагы сыйлыктын лауреаты Б. Бейшеналиева борбор шаарыбыздагы музыкалык окуу жайынын хореографиялык бөлүмүнүн педагогу. Ал келечектеги сахнанын жылдыздарын даярдайт.

**Ж. Жумагулов.**



# ӨНӨР ДОСТУГУ

Жай чилдесинин жарашыктуу түнүндө Фрунзенин жайкы театрында отурган элек. Асманда табият жылдыздары нурун чачыратса, бет алдыбызда орус театрынын жылдыздары изгилик менен асыл-заадалыктын отторун тутантып жатат. Өзүбүз бул жерде отурганыбыз менен бүткүл көңүлүбүз, мүлдө жан-дүйнөбүз менен байыркы Грециядабыз... Мына, тармал козудай монтондогон эки баласын жетелеген Медея ошол атам замандагы аял затынын мүшкүлдүү абалына эсеңгиреп, керт башына эркиндик издеп, жазыксыз балдарына жан соога сурап, жан чыдагыс жагдайда туталанып турат. Жедеп кара мүртөз жагына айланып алган күйөөсү падыша Яссон Отеллодон бетер каары бетине айланган.

Анын каарынан асмандагы булуттар айланчыктап тарабай түнөрүп турат. Ошондогу Медеянын болмушка кынжыла нааразы болуп, байыркы түндү жаркылдатып, катаал заманга каргыш айткан чагылгандын огундай чартылдаган монологу-ай! Медеянын ролунда Москванын Маяковский атындагы драма театрынын чыгаан өнөрпоздорунун бири, РСФСРдин эл артисткасы Е. Козырева ойноду. Чынында да ал сахнада 60-жылдардын Козыревасы эмес, байыркынын Медеясы болуп көрүндү.

Спектаклдин кульминациялык учуруна жакындай бергенде жан жагыбызда бир аял караңгынын далдаасын талашкансып, эч ким көрбөсүн дегендей көзүн жашылдантып ичтен буулугуп ыйлап жатты. Залда көп эле бышактаган үндөр угулат. Бирок алиги аял үн чыгарбоого аракеттенет. Мынчалык оригиналдуулук менен кейиген ким болду экен? — деп ойлогон элек, ичибизден. Аңгыча сол тарапта олтурган бирөө жанындагыларга Бакен Кыдыкеева да ыйлап жатат, ал эмнеси? — деп шыбырап жатканын уктук. Актриса түңгүюктан сызылып аккан көз жашын да унутуп, эркинче коё бериптир. Залга жарык күйгөндө карасак чын эле Кыдыкеева экен.

Арийне, «Отеллодогу» Дездемона менен «Добулдагы» Катеринанын трагедиялуу образдарын түзүп, сандаган көрүүчүлөрдүн көңүлүн бийлеп, көзүнө жаш алдырган таланттуу актрисанын эми ошол эле көрүүчүлөрүнүн арасына олтуруп алып, Козырева — Медеяга, болгондо да ошол эле Катеринанын ролун аткарып жүргөн артистканын аткаруусун көңүлүн бийлетип, кайрадан көзү жашылданып отурушуна залда олтургандардын таң кала турган жөнү бар эле. Мунун табышмактуу сыры эмнеде? Мунун сыры театр искусствосунун сыйкырдуу күчүндө. Бир эле ролдогу артисткалар бири-бирин телмиртип отурган соң, демек, театр искусствосунун таасиринин чексиздиги, анын адамды сан ирет толгонтуп, ага берүүчү эстетикалык тарбия-ырахатынын кыйры чалкар деңиз экендиги жана чеберчиликтин чеги жок деген сөздүн да төркүнү ошондо.

Ооба, ошол күнкү спектаклде артистканын бири сахнада роль аткарды, бири залда сүйкайып, жан серпиле карап отурду.

Баамдап көрсөк кыргыз Катеринасы — Бакен Кыдыкеева орус таланты Козырева — Катеринага жанашып өсүп, байчечек аткан гүл болуп чыкты... Ошентип эки таланттын достугу биз көргөн «Медея» спектаклинен алда качан мурун, Катеринанын образын түзүүдөн жаралган экен.

Эмесе «уккан уламыш» дегендей кылбай, сөздү аңгеме дүкөнү менен өнөр куплетинин ээси Бакендин өзүнө берели. Ошондо акыйкат достуктун ажары өзүнөн өзү ачылып гүлдөрү кулпуруп чыга келет.

«30 жыл ичинде мен сахнада жүздөн ашуун роль аткардым, — дейт актриса, — алардын ичинен өзгөчө бир жаныма жакыны А. Островскийдин «Добулундагы» Катерина. Бул образды аябай сүйүп калганымдын дагы бир себеби — анын ролун ойноп жүрүп Москванын Маяковский атындагы театрынын атактуу артисткасы Е. Козырева менен достошуу бактысына дуушар келдим. Биздин бул достугубуз азиз сүйүшмөнчүлүккө айланды. Мен анын ушул ролдун ашкере таланттуу аткаруучуларынын бири экендигин жакшы билчүмүн. Аңгыча Катеринанын образын түзүүмө көмөк көрсөтсөңүз экен деген өтүнүч менен атактуу актрисага кат жазып кайрылдым. Арадан көп өтпөй эле кат алышууларыбыз башталды. «Менин алыскы Катеринам» деп атады ал мени, жазган каттарында. Мен бул достукту баркына жеткире баалап жүрүп өтмөкмүн, анткени, дал ушул достук аркылуу гана Катеринанын ролун ийгиликтүү аткарууга жетиштим. «Бакен, сен Катеринанын ар кимдин колунан келе бербей турган жактарын сейрек оңтойлуулук менен ачып бере алдың, бул — жаңы жаркындык, жаңы жаштык», — деп жазды мага Е. Козырева. Анын айкөл көмөгү менен достук пирлерине жигерденүү менен мен ролдун үстүндө айлап-жылдап иштеп, кыргыз көрүүчүлөрүнө Катеринанын назик жандуулугун да, анын күдөр үзүүлөрүн да, акааратын да, анын сүйүүсүн жана баарыдан мурда орустук салабаттуу болмушун жеткирүүгө аракеттендим».

Катеринанын классикалык образын советтик театр сахнасынын үркөр жылдыздарынын бири Е. Козыревадай артисттен өнөр үйрөнө отуруп кыргыз сахнасына алып келүү деген нерсе — бул бир гүлдүн чанагындагы таңга маалкы күмүш кыроону бир гүлгө көчүргөндөй ажайып зергердикти тапап жылат. Достук, карым-катташты кара мал аркылуу жүргүзүп келген кечээки кыргыз кызы мынчалык бийик өнөргө, кадыры чоң достукка Октябрдын күн шоолалуу шарапатынын гана негизинде жетип отурат. Достуктун чыныгы идеалы деген ушул. Бүгүнкү таңдагы «азуусун» айга бөлгөн кыргыз маданияты Токтогул айткан орус окуусу менен өрүшү бийик өнөрүнүн дал ушундай үн алышкан ажайып гармониясынан төрөлүп отургандыгы жалпыга аян.

— Атактуу киноартист Жерар Филипп мени Парижге чакырды. Ошентип, мен Парижге да бардым. Мындай болот деп түшүмдө да ойлогон эмесмин. Болбосо өмүр бою элетте жашап, ачкачылык менен жакырчылыкта өлбөстүн күнүн көрүп келген менин энем өз кызынын атактуу артисткага айланып, Париждин бульварында сейилдеп, советтик делегациянын составында Индияга барат деп ойлоду беле? Же болбосо Индиянын премьер-министри маркум Неру советтик достордун урматына, өзүнүн кыргыз кызынын урматына кабыл алуу уюштурат деген нерсе анын оюна келди беле? — дейт актриса сыймыктанып.

**К. Укаев.**



ДАРКҮЛ ЭЖЕ

Оюн жүрүп жатты. Көрүүчүлөр баарын унутуп, бүткүл ой-сезимин сахнага бурган... Ооба, көздөр, жүздөгөн көздөр... Эгерде телевизор аркылуу аны көрүп олтурган элди кошуп эсептесек, миңдеген көздөр... Сахнада роль аткарып жаткан актрисанын сөзүнөн башка канат каккан чымындын да доошу угулчуудай... Жок, жаңылабыз. Зал ичи бирде жандуу күлкүлүү, бирде кайгы-капа, үшкүрүк, ыйлуу...

Мунун өзү искусство ишмеринин устат ийгилигин айгинелейт. Элибиздин сүйүктүү артисткасы Даркүл Күйүкова «Саманчынын жолундагы» Толгонайдын ролун аткарып жатты. Толгонайдын ролунда Күйүкова азыркы кездеги бүткүл дүйнө элинин жалгыз бир зор мүдөөсү — согушту жер жексен кылып, тынчтыкты бекем сактоо керек деген идеяны элге жеткире көрсөтөт.

Оо тагдыр, жалаң гана Толгонайдын башына түшүп жатпастан, бардык элге, ата-журтка, коомчулуктун башына түшүп жаткандыгын, бул ролдун мүнөзүн ачып, чыгарманын зор идеясын көрүүчүлөргө жеткирет.

Даркүл чыгармадагы өзү ролун аткарган каарманга таандык ойду, идеяны жогорку пафос, романтика, поэзия, философиялык акылсезим менен чын жүрөктөн көрсөтөт. «Саманчынын жолундагы» Толгонайдын ролун аткаруудагы устаттыгы Даркүлдүн 30 жылдык (1936-жылдан баштап) чыгармачылык жолундагы эң бийик чокусу деп атоого акылуубуз. Бирок, ал мындан өткөн бийиктикке чыга албайт деген сөз эмес, дагы алдыда жылдар көп. Мындан дагы күчтүү ролдорду сөзсүз сахнага чыгарарына ишенчибизди алдын ала



эле айтып коёлучу. Даркүл аткарган ролдор канча дейсиз! Анын саны эки-үч, же он чакты гана роль менен чектелбейт. Ал өзүнчө эле аялдардын образынын галлереясын түздү. «Саринжи-Бөкөй» спектаклиндеги Канчайымдын, «Каныбектеги» Анархандын, «Ашырбайдагы «Багдагүлдүн, «Жаңы-Мырзадагы» Жаңылдын, орус жана дүйнөлүк классикадан «Текшерүүчүдөгү» Анна Андрееванын, «Добулда» Кабаниханын, «Отеллодо» Эмилиянын, «Он экинчи түндө» Виолананын ролдорун көрүүчүлөргө ачып бере алды. Ошентип, Даркүл эжебиз өз курбусу С. Күмүшалиева сыяктуу, баланын кейипкерин, болгондо да баатыр бала — Павлик Морозовдун, ал эми кыргыз пьесаларында да К. Жантөшевдин «Бала баатыр» аттуу пьесасындагы Болоттун ролдорун өтө бир кызыктуу аткарган. Ошондой эле, ал эже бирде райкомдун секретары (Т. Абдымомуновдун «Тар капчыгайында»), бирде элдик мугалимдин (К. Жантөшевдин «Биздин энебизде») ролунда көрүнөт. Кыскасы кыргыз драматтургиясындагы аялдардын ролун аткаруу тарыхы, кыргыз драма театрынын алдыңкы артисткалары Бакен Кыдыкеева, Сабира Күмүшалиевалар сыяктуу эле, Даркүл эженин ысмы менен да тыгыз байланыштуу. Эже бактылуу эне, коомдук ишмер.

**М. Тойбаев**

## САЙРА-САЙРА



Чагылгандуу жамгыр жаап, жаңы эле басылды. Батыштан соккон шамал түнөргөн булуттарды уйгу-туйгу бөлүп-жарып, талаанын үстү менен чыгышты көздөй айдап жөнөдү. Жамгырдан жер серүүндөп жумшарып калды. Жумгал суусуна жакын аралыкта жайгашкан тоо этегинде котолоп эл көп. Алар концерт беришке келген Фрунзелик артисттерди чыдамсыздык менен күтүп турушат.

— Жамгырдын айынан алар кармалып калышты көрүнөт,— деп Исмаил ата чыгышты ойлуу карайт. Кургакчыл мезгилде тарам-та-

рам жарылган, жумуштан кесилген салмактуу колдору күн нуруна жылт-жылт этип чагылышкан тоо чөптөрүн сүймөнчүктүү сылайт.— Кармалып калышты,— деп Исмаил ата сөзүн улайт,— алардын ырдагандарын уксак кандай сонун болот эле!

— Көрчү мунун кыялын,— деп бригадир Эсен Акматов тамашалап койду.

— Эмне экен! — деп Исмаил ата каршы болду,— ыр деген керек нерсе, тууган. Биз, кыргыз эли ырды сүйөбүз. Ыр өзү менен кошо алыска чакырат, аны угуп, жашоонун таттуулугун билесиң.

Абышка тээ алыстагы чагылган чартылдаган дүпүйгөн булуттарга көз жиберет.

— Ой, келе жатышат окшойт!

— Келатышат, келатышат! — дешип туштуштан чуулдап калышты.

Артисттер бир топ машина болуп келишти. Ырдай турган сцена төш таянган тоо түбүнөн эле табылды.

— Сиз ырдайсызбы? — деп Исмаил ата толук келген аялдын жанын койбой сурап калды.

Аял жылмайып мындай деди:

— Мен ырдайм, чоң ата.

— Анда атың ким? — деп абышка эми урматтай сурады.

— Сайра, чоң ата. «Айчүрөктү» коюп беребиз.

— О, түзүк, түзүк! Уккам, уккам, кызым сенин үнүңдү, бирок Жумгалдан жолугушат экенбиз деп ойлогон эмесмин.

— Демек ырдап берет турбайсыңбы?

— Ырдап да, ойноп да берем, чоң ата. Сизлерге ырдап бериш үчүн атайын Фрунзеден келе жатпаймынбы...

Ошентип оюн башталды. Ырчы угуучуларды кыдырата карап алды. Мына ушулар үчүн ал көптөгөн жылдар бою ырларынын, романстарынын ар бир кайрыгына чейин тактап, оңдоп жүрөт. Комбайнчы, тракторчулар кооз кийинишип, жаш балдар да жасанышып, кунт коюп карап турушат.

«Жакшы» — деп ойлоду ырчы. Ал толкундаганын токтотуп, анан ырдай баштады. Талаа жайкалып мемирейт. Алтүгүл кеч да өзү бир нерсени күтүп, жерге тынчтыкты жайгансыйт...

О, ал кандай тунук жана уккулуктуу эле! Карыя Исмаилдын жүрөгү дүкүлдөп сокту.

«Ооба!» — дейт ичинде Исмаил ата, башын капталына кыйшайтып, кежигесин ойлуу сыйпап.

Артистка абышканын ойго батканын байкап, анын көңүлү жайдары экенин түшүндү. Сайранын жылмаюусу ойго батып, термелип отурган Назгүлгө да жетти, ал Айчүрөктүн ыры менен өмүрдүн чаңкаган кубанчын бакыт-таалайды курууга жана сүйүүгө адамды чакырган таза үмүттү чын жүрөктөн берип жатканына таң калды.

— Ал сулуу экен,— деп курбусуна эңкейип шыбырайт Асылгүл.

— Ооба,— дейт жооп иретинде Назгүл.

Куштардын сайрагандары, булактын шылдыраганы, жашыл жалбырактын шуудураганы — мына ушунун баары ырчынын үнүндө жашагансыйт, анын баарын Кийизбаеванын жүрөгү башкаргансыйт.

Эми эле ак куу болгон Айчүрөк — Сайра спектакль аякталаары менен орус, кыргыз ырларынан ырдап кирди.

Алыскы Жумгал өрөөнүндө ырчынын үнү бүгүнкү турмуштан кабар берип, «Гүл турмушту» ырдаганда эл дагы жандана түштү.

— Ап, бали кызым! Үнүңө береке берсин! — деп бул саамда Исмаил ата алкап жиберди.

Абышканын эриндери бирдемелерди шыбырап жатты...

Кубулжуган үнгө моокуму канган жаш чабан мемиреп олтурат. Бүгүнкү куунак күндөгү турмушту созолонгон үн менен угуучуга жеткирүү үчүн канчалык зор эмгек жумшалганын ал кайдан билсин. Эмнеси болсо да ыр, ырчынын үнү, аткаруусу ага жагат.

Угуучулардын кубанычы ырчынын көңүлүн көтөрдү. Бул жакшы адамдарга дагы кайсыны аткарып берсе? Ырчынын концерттик репертуары зор. Кийизбаева тарабынан орус, кыргыз композиторлорунун ырларынын жана романстарынын канча түрү даярдалбады. Акыры ал Рахманиновдун «Жазгы суу» деген романсына токтолду. Дагы кайрадан кубанычка толгон, шаттанган үнү созолонуп жатты...

СССРдин ал артисткасы С. Кийизбаеванын репертуарына 200 гө жакын романстар жана ырлар, ариялар кирет.

***К. Ибраимов***



## ЖАҢЫ ЖЫЛДЫЗ

Музыканын алдында табигат да күчсүз. Шылдырап аккан муздак булак, тоодон соккон жел, айлуу түн, жыты аңкыган гүл адамдын көңүлүн сергитет, ыракат берет. А музыкачы! Музыканын ыракатын сөз менен баалоого мүмкүн эмес. Аны бир гана жүрөк баалайт:

Мен суу ичпейм тандай катып турганда,
Мен нан жебейм
Алдан тайып курганда.
Музыкадай мага таттуу суусун жок.
Берчи мага,
Берчи мага,
Жарым кашык музыка!..»—деп белгилүү акын Алыкул бекеринен жазбаса керек. Жаны менен берилип, жүрөгү менен сезип уккан адам жакшы музыканы ушундай баалары кэлетсиз.

Биз берилип уккан Канымкүл Досмамбетованын чыгармаларын да ушинтип баалоого толук негиз бар. Анын комузунун добушу барган сайын бийик чыгып, алыска угула баштады.

Канымкүл — жүрөктү толкундатып кубанычка кубаныч кошчу, чер жазып көңүлдү көтөрчү «Кызыл өрүк» менен «Кыйылып турам», «Табар элем бир паста», менен «Билгин жигит», элге кеңири жайылган «Замандашыма» жана жаңы тарап бараткан «Аёо» сыяктуу сонун обондордун автору.

* * *

1941-жыл. Ата мекендин башына кара түн түштү. Айылдагы эл коргоого жараган адамдардын баары кан күйгөн батышка жөнөп жатышканда, кыздарын ээрчитип Досмамбет тоого бет алды.

— О, жараткан! Элдин кеми болот деген ушубу? Үч кызымдын бирөө эркек болуп калса эмне? же мен аскерге жарасамчы. Колума мылтык алып, эл менен кошо кете бербейт белем,— деди каңырыгы түтөгөн Досмамбет кары.

— Сөзсүз мылтык аласыз. Бирок сиздин фронтуңуз Көөлү болот. Андагы малга, короо-сарайларга көз болосуз, көп буйдалбай жөнөңүз! — Колхоздун председатели катуу буйрук берди.

Ошентип алты жашар Канымкүлдүн дүйнө таануусу чокуларынан мөңгү кетпеген улуу тоолордун арасындагы Көөлүү суусунун жээгинен башталды. Зээндүү кызга күрпүлдөп аккан кашка суу, килем төшөгөн жашыл жондор — жайлоонун кайталангыс понорамасы зор таасир берет. Капарында кайгы жок секелек кыздын көңүлү эргип, тоо куштарынын үнүн туурап ырдоочу болот. Бир туруп күкүк болуп сайраса, бир туруп сагызгандай шакылыктай кетет. Согушту, элдин башындагы оор күндөрдү көп ойлогон кайгылуу чалга ал жакпайт.

— Бакшы болуп кетеби дейм, бул шайтан! Кечке жаагын жанып үнү басылбайт, — дейт атасы ачууланып.

Анда кошунасы Сарыкбай Досмамбеттин сөзүн бөлөт.

— Жарыктык жөн эле ачуулана бересизби! Ушул сары аман жүрсө, оозго алынган адам болот.

Сарыкбай ыр ырдап, комузду жакшы черте турган адам эле. Кенедей кыздын ыр, обонго, комузга ынтаалуу экенин байкайт да бош убактыларында Канымкүлгө комуз үйрөтө баштайт. Согуш тогуз жашар кыз баланы торпок мингизип кой артына түшүрдү.

А Канымкүл болсо торпок минип кой жайганына кубанат. Анткени кечке комуз чертет. Ээн беттерде эркин ырдап, обон салат. Күндөрдүн биринде анын шайыр ыры ыйга айланды. Канымкүл ал күндү эч качан эсинен чыгарбайт. Июлдун орто чени. Асман чайыттай ачык. Түшкө жакын жел жүрбөй, Кичи-Сары-Колот аябагандай ысыды. Канымкүл койлорду жуушатыш үчүн Көөлүнү көздөй айдады. Так суугa жакындаганда торпок сайгактап ылдый карай эңкилдеп жөнөдү. Канымкүл торпоктун мойнунан алыс кетип, колундагы комузу ташка тийип эки бөлүндү. Ал үчүн биринчи жолу колуна алып, биринчи үйрөнгөн күүнү черткен комузунан артык эч нерсе жок эле. Кызынын комузга дилгирленгенин аябай түшүнгөн Досмамбет акыры Сарыкбайга келди.

— Саке, өзүң комуз үйрөткөн сарың комузун сындырып алыптыр, комузуңду бер, антпесең, жашы да тыйла турган көрүнбөйт, койго да барчу кебетеси жок.

«Атаа, заман тынч болуп, чоң шаардан окуп,





чоң өнөрпостордон тарбия алса, талабына жетер беле!» деп кыздын сергек мезгили согушка туш келгенине өкүнүп жүргөн Сарыкбай, албетте, атанын суроосун канааттандырды.

Канымкүлдүн балалыгы ушинтип Ысык-Көлдүн сырттарында аскалуу тоонун арасында өттү. Ким билет, балким ошо коздугу кайталангыс бийик төрлөр, кырaңына кой жайылган бетегелүү беттер болочок обончунун сезгич жүрөгүнө көрүнбөгөн үрөн болуп себилгендир. Мүмкүн азыр ар кимибиз сүйүп ырдап жүргөн обондор ошол үрөндөн өнүп чыккан таланттын бүчүрлөрү чыгар.

Чыгармачылык — турмуш жолунун бир чыйыры комуз үйрөнүү. Айрым адамдар бирөөлөр салган чыйыр менен жүрүп чоң жолго чыгат. Бирок «ар жагында» болбосо даңгыр жолдон да шыдыр жүрө албайт. Канымкүл өз чыйырын өзү салып, искусствонун дүйнөсүнө өзү келди. 1951-жылы өткөрүлгөн өздүк көркөм чыгармачылыктын областтык кароосу анын келечегин өзү самагандай белгиледи. Олимпиаданын жаш лауреаты көп өтпөй Пржевальск театрына кабыл алынды. Ошондон тартып комуз, обон, ыр анын күндөлүк иши, үмүтү, көздөгөн максаты болуп калды...

Канымкүлдүн адеп чыгарган обону 1955-жылга таандык. Бул мезгилде ал Фрунзеге чакырылып келип, кыргыз Филармониясында иштеп жаткан. Биринчи жолу айлынан узап, алыс кетиши. Толкуган Ысык-Көл, кой жайып чоңойгон аскалуу тоолор, туулуп өскөн кыштагы эсинен чыкпайт. Алдейлеп баккан ата-энесин, бирге ойногон курбуларын сагынат. Колхоз талаасы, кызуу эмгек көз алдына элестеп, Канымкүл колуна комузун алат. «Колхоз талаасында» жаш обончунун тунгуч чыгармасы ушундайча төрөлдү.

Канымкүлдүн табияты чыныгы чыгармачылыкка жаралган. «Табар элем бир паста», «Кыйылып турам», «Билгин жигит» өңдүү обондору сонун обондор! Саяпкери жарашса таптаган күлүгү алыс чуркабайбы! Анын сыңары жаш талантка жакшы тажрыйба камкордук кылса, жаңы жылдыз жаралбайбы!

Музыка бардык чоң жана кичине иштердей эле көп эмгекти талап кылат. Бирок, талантсыз жалаң «кара күчтөн» жакшы обон жаралабойбойт да, демек музыканын энеси — эмгек, атасы — талант. Канымкүлдө мүмкүн экөө тең бар.

«Кээде кандайдыр канат бүтүп, учуп кетчүдөй көңүлүм көтөрүлүп турат. Делебем козголот. Ошондой учурда жүрөктү толкундаткан ыр табылса, обонун жеп-жеңил чыгарам. «Кызыл өрүк» дал ушундай пайда болду. Деги «Кызыл өрүк», «Табар элем бир паста», «Калкысам да кайгыңа жөлөнүп» деген ырларды акын эжебиз Жүндүбаева да менин талантыма таамайлап жазган экен — дейт ал. Чыныгы поэзия музыкантты ар дайым шыктандырат, эргитет. Ал эми чыныгы музыка угуучуну балкытып, аны толкундантат. Эмгекке, күрөшкө дем берет. Турмуштун көркүн чыгарат.

**А. Солтобаев.**



чоң өнөрпостордон тарбия алса, талабына жетер беле!» деп кыздын сергек мезгили согушка туш келгенине өкүнүп жүргөн Сарыкбай, албетте, атанын суроосун канааттандырды.

Канымкүлдүн балалыгы ушинтип Ысык-Көлдүн сырттарында аскалуу тоонун арасында өттү. Ким билет, балким ошо коoздугу кайталангыс бийик төрлөр, кыраңына кой жайылган бетегелүү беттер болочок обончунун сезгич жүрөгүнө көрүнбөгөн үрөн болуп себилгендир. Мүмкүн азыр ар кимибиз сүйүп ырдап жүргөн обондор ошол үрөңдөн өнүп чыккан таланттын бүчүрлөрү чыгар.

Чыгармачылык — турмуш жолунун бир чыйыры комуз үйрөнүү. Айрым адамдар бирөөлөр салган чыйыр менен жүрүп чоң жолго чыгат. Бирок «ар жагында» болбосо даңгыр жолдон да шыдыр жүрө албайт. Канымкүл өз чыйырын өзү салып, искусствонун дүйнөсүнө өзү келди. 1951-жылы өткөрүлгөн өздүк көркөм чыгармачылыктын областтык кароосу анын келечегин өзү самагандай белгиледи. Олимпиаданын жаш лауреаты көп өтпөй Пржевальск театрына кабыл алынды. Ошондон тартып комуз, обон, ыр анын күндөлүк иши, үмүтү, көздөгөн максаты болуп калды...

Канымкүлдүн адеп чыгарган обону 1955-жылга таандык. Бул мезгилде ал Фрунзеге чакырылып келип, кыргыз Филармониясында иштеп жаткан. Биринчи жолу айлынан узап, алыс кетиши. Толкуган Ысык-Көл, кой жайып чоңойгон аскалуу тоолор, туулуп өскөн кыштагы эсинен чыкпайт. Алдейлеп баккан ата-энесин, бирге ойногон курбуларын сагынат. Колхоз талаасы, кызуу эмгек көз алдына элестеп, Канымкүл колуна комузун алат. «Колхоз талаасында» жаш обончунун тунгуч чыгармасы ушундайча төрөлдү.

Канымкүлдүн табияты чыныгы чыгармачылыкка жаралган. «Табар элем бир паста», «Кыйылып турам», «Билгин жигит» өңдүү обондору сонун обондор! Саяпкери жарашса таптаган күлүгү алыс чуркабайбы! Анын сыңары жаш талантка жакшы тажрыйба камкордук кылса, жаңы жылдыз жаралбайбы!

Музыка бардык чоң жана кичине иштердей эле көп эмгекти талап кылат. Бирок, талантсыз жалаң «кара күчтөн» жакшы обон жаралa койбойт да, демек музыканын энеси — эмгек, атасы — талант. Канымкүлдө мүмкүн экөө тең бар.

«Кээде кандайдыр канат бүтүп, учуп кетчүдөй көңүлүм көтөрүлүп турат. Делебем козголот. Ошондой учурда жүрөктү толкундаткан ыр табылса, обонун жеп-жеңил чыгарам. «Кызыл өрүк» дал ушундай пайда болду. Деги «Кызыл өрүк», «Табар элем бир паста», «Калкысам да кайгыңа жөлөнүп» деген ырларды акын эжебиз Жүндүбаева да менин талантыма таамайлап жазган экен — дейт ал. Чыныгы поэзия музыкантты ар дайым шыктандырат, эргитет. Ал эми чыныгы музыка угуучуну балкытып, аны толкундантат. Эмгекке, күрөшкө дем берет. Турмуштун көркүн чыгарат.

**А. Солтобаев.**



# УЗ

Кыргыз элинин улуттук эски традицияларын ушул күнгө чейин улантып келе жаткан элдик чеберлердин бири — Алый Бекбоева. Анын чебер колунан жаралган түрдүү саймалары жеке эле биздин музейде эмес, Москвада, Ригадагы уюшулган көргөзмөлөрдө коюлуп көрүүчүлөр тарабынан жогорку баага татыктуу болууда. Прикладдык-декоративдик искусство боюнча Алый эженин эмгек жолунда айрыкча белгилене турган дата 1956-жыл болду. Бул жылы Алый эже да өзүнүн эмгектери менен Москвада өткөрүлгөн жаштардын Бүткүл дүйнөлүк VI фестивалына катышты. Мындагы көргөзмөдө коюлган анын экспонаттарында кыргыз элине мүнөздүү туш кийиз, секичек, аяк кап сыяктуу үй буюмдары менен катар союздук он алты республиканын Мамлекеттик желегин сайган саймалары коюлган. Прикладдык-декоративдик элдик искусствону жөн гана улантуучу эмес, ага жаңы мазмун, жаңы түр бере билет. Эгерде Алый эже чыгармачылык ишмерчилигинин алгачкы жылдарында жөнөкөй гана коздукту жаратуучу катары тар чөйрөдө белгилүү болсо, азыркы күндө анын кереметтүү колунан жогорку эмоционалдык күчкө ээ болгон, эстетикалык жактан адамды рахатка батыра турган бир канча туш кийиздер жаралды. Анын колунан жаралган не бир ажайып буюмдар чет мамлекеттерге да жиберилди. Алый эженин жогорку чеберчилиги, турбаса таланттуу сүрөтчүлүгү менен прикладдык-искусстводо кыргыз элинин улуттук традициясын сактоочу гана болуп бааланбастан аны андан ары өөрчүтүп улантуучу катарына автор болуп саналат. Ошондуктан ал 1956-жылы Кыргызстан сүрөтчүлөр союзуна мүчө болуп кабыл алынат. 1958-жылы Москвада адабият жана искусство боюнча өткөрүлгөн бүткүл союздук декадага жаңы сайылган туш кийиздери менен катышат. Улуу Октябрь Революциясынын 50 жылдык юбилейинде прикладдык- декоративдик элдик искусство тармагында сиңирген жемиштүү эмгектери үчүн «Эмгек Кызыл Туу ордени» менен сыйланат.

Алый эже мындай сыймыкка көп кырдуу турмуштун баскычтарын басып өткөн. Эмесе анын өмүр жолуна бир аз көз чаптырып өтөлүчү.

Алый Бекбоева 1886-жылы 12-июнда Ылайлуу-Суу кыштагында кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Жарык дүйнөгө келгенине ай толо электе энеси Уулбай дүйнөдөн кайтат. Атасы Чыбы көп узабай эле Кулан деген колу жөндөмдүү аялга үйлөнөт. Кулан колунан көөрү төгүлгөн саймачы, оймочу, уз аялдардан болгон. Ал Алыйды өгөйсүнтпөй кайра аны сергек, ар нерсеге ийкемдүү сапаттарын байкап, өзүнүн билген өнөрлөрүн үйрөткөн. Баарынан да өгөй энесинин сайган саймалары менен жарашыктуу оймолору Алыйды өтө кызыктырат. Ошентип, Алый он жашында эле үйрөнгөн саймаларын жакшы өздөштүрүп, көчмөндүү турмуш шартына ылайыктуу ички үй жабдууларды, аяк кап, күзгү кап, секичекти өз алдынча келиштирип сая баштайт. Ал мезгилде керектүү материалдардын жетишпегендиги Алый эжени көп түйшүктөнүүгө, өз алдынча изденүүлөргө аргасыз кылган. Бул жагынан ал өзүнө керектүү материалдарды кыргыз элинин ошол мезгилге мүнөздүү болгон эң жөп-жөнөкөй ийрүү аспабы ийикти колдонуп даяр болгон жиптерди ышкын түп, ородон сыяктуу чөптөрдүн тамырларын пайдалануу аркылуу түрдүү түстөргө боёгон.

Алый эже 1916-жылкы кыргыз элинин башына түшкөн оор кайгыны да кошо бөлүшкөн. Өзүнүн үй-бүлөсү менен Үч Турпанга кетип жалданып иштеген. Эженин чылбыры түгөнбөгөн сулуулук менен турмушка түштү.

**Э. Иманалиева**





## СҮРӨТЧҮ

Кыргыз ССРинин эл сүрөтчүсү, график Л. А. Ильина аялдар темасына көп чыгармаларын арнаган. Алар элестүү портреттер, жанрдык сценалар болуп эсептелет. Анын каармандары ар түрлүү: студентка, атактуу адамдар, жөнөкөй күнүмдүк жашоонун элестери, колхозчу, интеллигент аялдар жана көркөм адабияттын каармандары. Анын чыгармасындагы таасирлүү романтика кимди болбосун толкундатпай, ойлонтпой койбойт.

Л. Ильина өзүнүн чыгармачылыгынын алгачкы учурунда эле кыргыз аялдарынын тагдырына ой жүгүртүп, алардын ички дүйнөсүн ачкан чыгармаларды түзүүнү ойлогон. Аларды аябай изилдеп үйрөнгөн.

Изүүлдөө эки жол менен жүргөн. Биринчиси, турмуштан көрүү, экинчиси адабияттан окуу сүрөтчүгө аябай жардам берген. Ал кыргыз жазуучуларынын чыгармаларын иллюстрациялаган. Т. Сыдыкбековдун «Биздин замандын кишилери» атту романында Зарылдын сүрөтү, түзгөн образы, жөнөкөй кыргыз кызынын ички дүйнөсүнөн кабар берет. Гравюра жеңил көрүнсө да терең сырга бай. Колхоз электростанциясынын курулушу. Зарыл алдыга көз чаптырып, кетменин таяна кырда турат. Тоо артынан жаңы гана өөдө көтөрүлгөн күн нуру кокту-колотту каптап, нурлар Зарылды да кучагына алган. Кыздын турпаты, кебетеси тоолорго жарашып, тоо тынчтыгынын ички ритми сезилип, адам жаратылыштын ажырагыс бөлүгү өңдөнөт. Пейзаж Зарылдын ички дүйнөсүнүн коштоочусу болуп алган.

Кийинчерээк иллюстрациялык сүрөт «Кызылчачы» деген атактуу чыгармага чейин өсүп чыккан. Тунук лиризм, жаштык сүйүүнүн татынакай илеби өңдөнүп, Тогжандын элеси көз алдыга тартылганда М. Ауэзовдун «Абай» романындагы таасирлүү беттер кайра ачыла түшкөнсүйт. Бирок сүрөт өзүнчө бир максаты, мазмуну бар чыгарма катары көрүүчүгө жаңыча таасир берет.

«Кыргыз аялдары туралуу сөз» деген жети барактан турган чыгармасын бизде гана эмес, чет өлкөлөрдө да билишет. Бул серия турмуштун ар түрдүү жагын камтыган жана алар бир өзөкө бириктирилген.

Л. Ильина ар бир барактын өзүнө тиешелүү каражаттарын табат. Эгерде «Түштө» жылуу түстөр орун алса, «Ашууда» деген баракта, сүрөттүн ички драматизмине байланыштуу мелүүн түстөрдү колдонот. Бороон-чапкында чабан аял ашуудан мал айдап бара жатат. Анын позасынан чечкиндүүлүк сезилет. Бул барак «Теримчи» деген сүрөт сыяктуу советтик кыргыз аялынын коомдук күжүрмөн эмгегин даңктайт. Аялдар кайсы жерде болбосун жалпы иштин активдүү катышуучусу.

Аталган сериянын өзгөчөлүгү лирикалык сезимдин башталышын, драматизмге толгон сценаны да, жөнөкөй жай баракат ыракаттануну да, ошондой эле, дүйнөгө философиялык ой жүгүртүүнү да ичине камтыйт. Баарынан да кызыктуусу күндө эле көрүп, аралашып жүргөн, бирок, элес албаган турмуштук деталды маанилүү, өтө бир олуттуу, көңүл бурарлык нерсе катары ал деталь байкоого арзып турарын белгилеп өтөт.

«Кыргыз аялдары тууралу сөз» деген түстүү линогравюра жаңы доордогу кыргыз аялынын өмүр баяны дегендикке жатат.

Таланттуу сүрөтчүнүн чыгармачылык ийгилиги өөдө карай кайраттанып жүрүп барат. Ал эч убакта чаалыкпайт.

**С. Асанбеков.**



О. М. Мануйлова иш үстүндө.

## О. М. МАНУЙЛОВА

Кыргыз ССРинин эл сүрөтчүсү скульптор О. М. Мануйлованын ысмы республикабыздын искусствону сүйүүчүлөрүнүн арасында кеңири белгилүү. Биз анын ысмын атаганда эле анын жараткан аялдардын образынын галереясы көз алдына тартыла түшөт. Кыргыздын белгилүү бул скульпторунун иштери эчен көргөзмөлөргө коюлуп, көрүүчүлөргө эстетикалык чоң ырахат берди. Анын колунан жаралган айрым скульптуралык портреттер накта искусствонун үлгүсү болуп калды.

Мануйлова талбаган, ишке дыкан адам. Анын чарчаганын деле көрбөйсүң. Ал колуна кармаган иш дароо эле өзүнчө жанданып, сага бир нерселерди шыбырап айтып жаткансыйт. Жансыз дөңгөчтү, же чопону, же мраморду жандандырып, ага тил киргизе билиш үчүн, нукура чыгармачылык ой жүгүртүүсү бар гана скульптордун колунан келет. Ал ким дегенде биз О. М. Мануйлованы тайманбай көрсөтө алабыз.

МАЗМУНУ


Улам жаңы ийгиликтер үчүн, замандаштар . . . 3
Алгачкы борозду сен салдың . . . 8
Фронт жолунда . . . 10
Мариям Тууганбаева . . . 13
Сапар узак . . . 14
Бүкөш Муңайтпасова . . . 18
Өткөн күндөрдү барактап . . . 19
Таалай курманы . . . 22
Эрте эсейген жаштык . . . 26
Евдокия Борисовна Пасько . . . 31
Элес . . . 32
Баатыр . . . 35
Телегей . . . 37
Керимбүбү Шопокова . . . 41
Асипа Темирова . . . 41
Өлмөскан Атабекова . . . 42
Күлсара Сулайманова . . . 42
Кайыркүл Мукашева . . . 43
Салтанатхан Юсупова . . . 43
Көл чолпону . . . 44
Бурулбүбү Турдубаева . . . 46
Саадат Ногоева . . . 46
Маруса Жаңыбаева . . . 47
Асылбүбү Сейитбекова . . . 47
Чачтыбек Шырдакова . . . 48
Айнек Айткулова . . . 48
Калый Жокеева . . . 49
Бейтааныш байбиче, же... . . . 50
Өз ишинин устаты . . . 52
Аталар баштаган . . . 56
Дан жыттанган адам . . . 58
Күлүйпа Кондучалова . . . 60
Батыш Салиева . . . 60
Сакин Бегматова . . . 61
Токтобүбү Токталиева . . . 61
Үмүтай Бекназарова . . . 62
Бүбүйна Орузбаева . . . 63
Валентина Абдылдаевна Исабаева . . . 63
Элестүү өмүр . . . 64
Лилия Турусбекова . . . 65
Гүлсүн Айтмухамбетова . . . 66
Жаннета Татыбекова . . . 66
Доктор . . . 67
Кооздуктун бүтпөс сапары . . . 69
Фатима Макеева . . . 72
Жылдар изи . . . 73
Элеси жүрөгүмдө . . . 77
Тенти Адышева . . . 79
Жазуучу жана журналист . . . 80
Күмүш Суранова . . . 81
Зуура Сооронбаева . . . 82
Нинакан Жүндүбаева . . . 86
Субайылда Абдыкадырова . . . 87
Майрамкан Абылкасымова . . . 88
Гүлсайра Момунова . . . 89
Паранжы жүзүн жашырган... . . . 91
Сахнанын жылдызы . . . 93
Өнөр достугу . . . 94
Даркүл эже . . . 96
Сайра-сайра . . . 97
Жаңы жылдыз . . . 99
Уз . . . 102
Сүрөтчү . . . 105
О. М. Мануйлова . . . 106



ТЕПЕ-КОРГОН АЙЫЛ СОВЕТИ
ТЕПЕ-КУРГАНСКИЙ СЕЛЬСКИЙ СОВЕТ
№ 9 196 г.


ГОРНЫЕ ЗВЕЗДЫ

(сборник о передовых женщинах республики)


Составители: **Н. Жүндүбаева, Д. Мукамбетова**
Редактор **Ш. Солтоноев**
Художник **А. Самсонов**
Художественный редактор **И. Ф. Бульба**
Технический ред. **Т. Ф. Василенко**
Корректор **К. Малабекова**

Терүүгө 2/II-71-ж. берилди. Басууга 24/IX-1971-ж. кол коюлду. Д—03128. Кагазы мелованая, форматы $70 \times 90^{1}/_{16}$—6,75 физ. басма табак. 7,9 шарттуу басма табак 8,65 учеттук табак. Тиражы 3000. Заказ № 229. Баасы 1 с. 02 т.

Киргизполиграфкомбинат Главполиграфиздата Мин-ва культуры Кирг. ССР, Жигулевская, 102.

1c 00T

~~1 с. 2 т.~~